П3
К63
401692
96-78

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

Кыргызский государственный педагогический университет

Институт математики НАН Кыргызской Республики

Республиканский центр новых информационных технологий министерства образования и науки

Кыргызский институт образования

*IV Республиканская научно-методическая конференция*

# “Компьютеры в учебном процессе и современные проблемы математики”

**часть I**

Бишкек - 1996

Компьютеры в учебном процессе и современные проблемы математики: Материалы IV республиканской научно - методической конференции. Часть I - Бишкек 1996г - 155с.

Ответственный редактор:

проф., д.ф.-м.н., член корр. НАН КР Борубаев А.А.

Члены редакционной коллегии: Керимбеков А.
Бекболотов Д.
Байсалов Ж.
Молдобаев Ж.
Сабыканов А.

401692

© ... еский

## СОДЕРЖАНИЕ


Абдрахимова Н.Д.
Анализ и систематизация нечетких знаний....................3

Бекболотов Д. Б., Бекболотова С.Д.
Эсептоо техникаларын окуу процессинде эффективдуу колдонуу....................7

Калдыбаев С.К.
Об эффективности применения компьютерных тестов в системе оценивания....................9

Касымалиев М.У.
Система учебных заданий для индивидуализации учебной деятельности на уроках информатики....................12

Карагулов Д.
IBM тибиндеги ЭЭМдердин системалык программалык жабдууларын окутуудагы айрым ыкмалар....................16

Кузьмин Ю.Н.
Информатика в начальном и среднем звене общеобразовательной школы.................... 18

Кулушова А.Т.
Вопросы разработки педагогических программных средств ( ППС ) для базового курса информатики....................21

Мамбеталиев К.К.
Кируу экзамендерин компьютерде тестирлоо жонундо ....................24

Омуралиев А.С., Мамбеталиев К.К.
О компьютерном анализе и синтезе кыргызской речи....................28

Орускулов Т.Р.
О программе информатизации образования в Кыргызской Республике....................31

Омурбеков А.
Маалыматтар базасын окутуудагы айрым өзгөчөлүктөр....................36

Панков П.С.,Баячорова .Б.Ж.
Програмное обеспечение для управления решением диференциальных уравнений на римановых поверхностях.....39

Панков П.С., Джаналиева Ж.Р.
Методика использования персонофицированных задач и стимулирование учебно-творческой работы студентов....................42

Панкова Г.Д.
Глазомерная методика составления педагогических программных средств в вузе....................45

Панков П.П.
Повышение эффективности использования компьютеров в учебных заведениях....................48

Токтакунов Т., Казыбаев А.
Телекоммуникационная сеть в обучении....................51

Чокоев Э.С., Эстебесов Т. К.
Из опыта использования компьютера при проведении спецлаборатории по электронике....................56

Яр-Мухамедов И.Г.
Оболочка экспертной системы экономического анализа..........59
Айылчиев А.
Мектептеги геометриялык тузуу лоордо айрым методдордун колдонушу..........63
Абдиев А. , Макеев А., Бейшенбиев А.
Улуттук Аймактын озгочолук эсепке алуу окучулардын математикалык даярдыгын жогорулатуунункаражаты катарында........67
Абдиев А., Байгазиев К.
Негизги мектептин алгебра курсунда окучулардын оз арада иштердин нюштурунун айрым жолдору..........71
Алтыбаева М., Кельдибекова А.
Профориентация учащихся средней школы на уроках математики..........76
Алтыбаева М. А,, Кельдибекова А.О.
Формирование профессионально значимых знаний и умений на уроках математики..........80
Асылбекова К.
Кээ бир тригонометриялык теңдемелерди жана барабарсыздыктарды графикалык метод менен чыгаруу..........83
Артыкова С.И
Физика боюнча жалпылоочу-бышыктоочу сабактарды өтүү усулу..........86
Ашырбаев Б.Ы.
Жогорку окуу жайларына даярдоо курстарында колдонулуучу окутуунун ыкмалары..........89
Аликова А.
Элементы теории вероятностей и математической статистики в школе..........94
Алыбаева Г.Д.
Основные тенденции в развитии школьного математического образования..........98
Аманова Г.М.
Интегративный подход к формированию у студентов умения оптимального выбора методов обучения в средней школе образования..........102
Анарбекова М., Утуров К.
Метод жана методология таанып билуу процесинде.......... 106
Аттокурова А.Ж.
Окуучулардын ойлоосун остуруудо суроттомо маселенин ролу. 109
Байсалов Ж.У., Акматова Н.
Кызыктуу маселелердин математиканы окутуудагы мааниси..114
Исмаилова Г., Утуров К.
Табийгый илимдердин интеграциясын билим беруу процессинде колдонуу..........117
Касымбаев Б.А., Назаров М.Н.
Окутуунун традициялуу эмес усулдары..........120
Касымбаев Б.А.
Чыгармачылык мазмундагы тапшырмаларды чийуу сабактарында пайдалануунун жолдору..........125

Майлиев Ш.М., Эгембердиева Н., Базарбаев М.
Математика боюнча тушунукту калыптандыруунун айрым маселелери....................................................................131
Майлиев Ш.М.,Кулушова А.Т.,Жапаркулова Н.
Билим - баалоо - тест....................................................................136
Мамбетакунов Э., Рязанцева В.А.
Содержание и методика преподования естествознания в 5 классе....................................................................141
Ыбыкеева Ж.
Математиканы окутууда проблемалык окутуунун ыкмалары...142
Ыбыкеева Ж.,Дайырбекова Г.
Математиканы окутуудагы маселе чыгаруунун мааниси.........148

# IBM тибиндеги ЭЭМдердин системалык программалык жабдууларын окутуудагы айрым ыкмалар.

Д. Карагулов ( Бишкек шаары )

Бугунку кундо оз алдынча коз каранды эмес онугуп келе жаткан Кыргыз республикасынын копчулук мектептеринде, жогорку окуу жайларында, ондуруштук жана чарбалык мекемелеринде жогорку денгээлдеги IBM тибиндеги ЭЭМдер ( компьютерлер ) пайда болуп калды. Бирок техникалык жабдуу болгон менен аны толук пайдалануу оз денгээлинде эмес. Азыркы биздин милдет ошол техниканы тездик менен оздоштуруп пайдалануу ал учун оз эне тилибизде окуучуларга окуп уйротуу, негизги маселелердин бири болуп эсептелуудо. Ушуга байланыштуу Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин физика - математика факультетинин информатика жана эсептоо техникасын уйротуу кафедрасынын коллективи информатика жана эсептоо техникасын окутуу предметин жана IBM тибиндеги ЭЭМдердин системалык программалык жабдууларын кыргыз тилинде окуп уйротууго чон конул бурулган.

Атайын томонку жана жогорку курстардын студенттери учун кыргыз тилинде методикалык пособия ( конспект- лекциялар ) жазылып жана лабораториялык иштер даярдалып жатат. Ал эми азыркы талаптагы компьютерлердин системалык программалык жабдууларын окуп уйротуудо томондогудой методика да берилуудо.

1. Алгач бугунку мезгилдеги компьютерлердин осуп - онугуу жолу менен бирге окуу процессинде, ондурушто , жалпы эле эл- чарбасында, чарбалык уюмдарда маселелерди чыгарууда ЭЭМди колдонуу мумкунчулукторун анын турмушта колдонуу негиздерин, ролдорун баса корсотулуп окутулат. Ошону менен бирге коптогон маселелерди чыгарууда пайдалануу жана эффективдуу жактарын салыштырып корсотуп, турмуштук мисалдар менен толуктап айтып беришет. Мындай методикалык салыштыруу угуучуга жана окутуучуга дагы коптогон мумкунчулукторун уйронууго жана оздоштурууго туура келет.

2. Экинчи эн жакшы оздоштуруу милдети ЭЭМдин системалык программалык жабдылышын окуп уйротуу. Айрыкча ошол ЭЭМге жуктолгон аракет системасынын ( АС) мумкунчулугун ( версиясын )

толук уйронуу жана колдоно билуу.Бул разделди окутууда, алгачкы АС - лары менен бугунку АС -ларынын озгочолукторун салыштырып , анын негизги болукторун ажыратып уйротуу жана колдоно билуусу зарыл.

Мурунку мектептик компьютердик класстарда белгилуу болгон Корвет, Электроника ж.б. жонокой компьютерлердин АС сын билуу менен CP / M жана МикроДос MS-DOS АСсын оздоштуруу, Нортон сервистик программалык комплексин тааныштыруу. Кийинки жогорку денгээлдеги АС -ларынын, коптогон сервистик программаларды пайдаланууда жана озгочолукторун ирээти менен тушундурулот. Айрыкча конул бура турган чон нерсе Нортон утилиттерин (программалык оболочкаларын ) пайдаланып алгоритмалык тилдеги программалоо тилдерде ( Бейсик, Паскаль, Фортран ж.б.) программаларды иштеп чыгуу. Бул учурда студент ( же окуучу ) окуп уйронгон системалык мумкунчулукторду пайдаланып, программалык пакеттерди иштетууго жетишет.

3. Азыркы мезгилде ЭЭМдерде тексттерди теруу, программалык комплекстерди,редакторлорду жакшы пайдалануу. Мисалы, Лексикон, Фотон, ChiWriter ж.б. Жогоруда сакталган удаалаштыкта окутуу методикасы педагогикалык университеттин жогорку курстарына откорулуп аз убакыттын ичинде коптогон материалдарды оздоштурууго мумкунчулук берди.Ал эми томонку курстарына ар бир разделди оз учурунда жогорудагы айтылган методиканын негизинде терендетилип окутулуп келе жатат. Негизинен биздин университеттин бутуруучулору IBM тибиндеги ЭЭМдердин системалык программалык жабдууларын толук уйронуп мектепте информатика мугалими катары же ондурушто бардык ЭЭМ колдонгон тармактарда оператор жана программист катары кыйналбай иштеп кетээрине ишенебиз. Быйылкы жылдан баштап WINDOWS - 95 АС-нын пайдалануужана окуп уйротууго кыргызча методикалык пособие даярдалууда. Мурунку методика боюнча жакшы оздоштургон студент же бутуруучу жаны WINDOWS - 95 АС-сын уйронуу анча татаалдыкта турбайт. Натыйжада даярдалган методикалык ыкма турмушка он натыйжасын берери шексиз.

# АНАЛИЗ И СИСТЕМАТИЗАЦИЯ НЕЧЕТКИХ ЗНАНИЙ

Н.Д.Абдрахимова (г.Бишкек)

## 1. СУЩЕСТВО ПРОБЛЕМЫ ПОДГОТОВКИ ЗНАНИЙ

Считается, что человеку вполне по силам создать базу знаний, состоящую из нескольких десятков правил. Первые реально функционирующие экспертные системы насчитывали сотни правил, на подготовку которых затрачивалось по нескольку человеко-лет. Создать и вести базу знаний с количеством правил больше тысячи вручную оказывается вовсе невозможным. Высокая трудоемкость моделирования проблемной области обусловливает необходимость компьютерной поддержки процессов извлечения, формализации, проверки знаний на полноту и непротиворечивость, а также последующей систематизации для включения в базу знаний.

Выполнение перечисленных функций не исчерпывается этапом создания экспертной системы. Процессы совершенствования и развития системы знаний требуют систематического пополнения базы знаний. При этом общий обьем работ возрастает. Требуется обеспечить согласованность всей совокупности, а не только вновь вводимой порции знаний.

Наиболее проработаны вопросы анализа и систематизации четких знаний. Данная работа посвящена методам и средствам, позволяющим облегчить подготовку базы нечетких знаний. Программное обеспечение ориентировано на совместную эксплуатацию с экспертной системой экономического назначения.



БИБЛИОТЕКА
401692

## 2. МОДЕЛЬ ПРЕДСТАВЛЕНИЯ НЕЧЕТКИХ ЗНАНИЙ

В основе модели нечеткого знания лежит понятие нечеткого отношения. Оно определяется как подмножество декартова произведения множеств с заданной на нем функцией принадлежности. Последняя показывает степень принадлежности каждого элемента отношения нечеткому множеству. Для последовательных цепочек отношений вводится правило свертки, позволяющее вычислять значение принадлежности для композиции отношений.

Минимальная единица знания представляет собой правило продукции вида "Если ... То ...", где левая часть образуется совокупностью решающих атрибутов, а правая - совокупностью атрибутов действия. Следует различать нечеткость, свойственную отдельным атрибутам и правилу в целом. Тогда детализированную структуру правила можно представить в следующем виде.

1. Идентификатор правила.
2. Решающие атрибуты.
    2.1. Решающий атрибут 1.
        2.1.1. Значение атрибута 1.
        2.1.2. Характеристика принадлежности атрибута 1.
    2.2. Решающий атрибут 2.
        2.2.1. Значение атрибута 2.
        2.2.2. Характеристика принадлежности атрибута 2.

    . . .

    2.K. Решающий атрибут K.
        2.K.1. Значение атрибута K.
        2.K.2. Характеристика принадлежности атрибута K.

3. Атрибуты действия.

   3.1. Атрибут действия 1.

   3.2. Атрибут действия 2.

   . . .

   3.L. Атрибут действия L.

4. Характеристика принадлежности правила.

В предложенном варианте модели представления знаний характеристика принадлежности правила может рассматриваться как общая характеристика принадлежности атрибутов действия.

## 3. ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ МЕТОДА

Для целей анализа и систематизации знаний довольно плодотворным оказалось применение теории приближенных множеств (Мрузек, Абдрахимова). Ее положения были дополнены и развиты в части оперирования нечеткими знаниями.

Характер нечеткости может быть обусловлен, с одной стороны, нашим неполным знанием обьекта, его сложностью. С другой - спецификой самого обьекта. При этом различают нечеткость исходной информации, нечеткость выходной информации, нечеткость внутренних преобразований исходной информации в выходную. В докладе рассматриваются нечеткости различного вида с точки зрения анализа и систематизации знаний для экспертных систем.

Результаты исследований положены в основу разрабатываемого пакета компьютерных программ для совместного использования с экспертной системой экономического назначения.

## 4. ФУНКЦИОНАЛЬНАЯ СТРУКТУРА СИСТЕМЫ



# БИЛИМ БААЛОО - ТЕСТ

Майлиев Ш.М., Кулушова А.Т.,Жапаркулова Н. (г. Бишкек )

Окуу процессинин эң негизги бөлүгү окуучулардын билимин, билгичтигин жана көнүмүшүн текшерүү болуп саналат.Окуучулардын окулуп жаткан окуу материалын өздөштүргөндүгүнүн мүнөзүн,билимин жана билгичтигин баалоо акыл эсинин денгээлинин жана таанып билүү жөндөмдүлүгүнүн өсүшүн үйрөнүү. Бул окуу процессинин ар бир звеносунда анын ички мазмунунун зарыл жактарын ача билгендик болот. [1,6]

Текшерүүнүн эң негизги максаты - программалык материалды окуучулардын өздөштүргөндүгүнүн сапатын аныктоо, алардын билимин жана билгичтигин баамдоо жана түзөтүү (толуктоо) жана окуу жумушуна жоопкерчилигин тарбиялоо. [1,3,7]

Окуучулардын билимин алардын реалдуу мүмкүнчүлүгүнө карата акыйкат баалоо, теориялык жана методикалык планда аны психологиялык жана уюштуруучулук багытта практикалык жактан иштеп чыгуу окуу процессинин өтө татаал жана кылдаттыкты талап кылуучу ажырагыз бөлүгү. [2,6,7]

Окуучулардын билимин системалуулукта текшерүү бир топ татаал экени белгилүү. Бирок, ал зарыл. Ошондуктан, ар бир окуучунун өзүн-өзү текшерүүсүн жакшыртуу, билгенинин акыйкаттыкта бааланышы абзел.

Эгерде окуучулардын аң сезимдүүлүктө кабыл алуусу үчүн алардын муктаждыктарынын келип чыгышына карата шарт түзүлсө, өз кемчилигин өзү сезе баштап, жаттап жана көчүрүп алуу сыяктуу формалдуу билим алуудан четтеп окутуу сапаттуу болоор эле. [6]

Мугалим информацияя берүү менен гана чечилбестен, окуучунун чыгармачылык ...гы кабыл алуусун биринчи катарга койгондо гана ал информациянын окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшү жана терендетилиши оң натыйжа берет.

Көпчүлүк учурларда окуучулардын билимин баалоо; оозеки суроо, текшерүү иш алуу, дептерлерин текшерүү жолдору менен гана чектелгендиктен алардын кетирген каталарынын себеби өз учурунда даана көрсөтүлбөй, терен билимге ээ болуу мүмкүнчүлүгүнөн алыстайт.

Бизге белгилүү ар түрдүү деңгээлде математика боюнча текшерүү иштерди алганда көбүнчө (жекечелештирүү багытында эмес) эки вариантта алынат. Бул болсо ар бир окуучунун билимин акыйкат баалоого шарт түзбөй, бири-биринен көчүрүп алууга мүмкүндүк түзгөндүк болот. Ошондуктан кезектеги жана бүтүрүү сынактарын деңгээлдеп текшерүүнү жакшыртуунун зарылчылыгы туулуда. [4,5]

Тилекке каршы азыркы мезгилде көпчүлүк мектептерде окуучулардын билимин текшерүүгө колдонулуучу техникалык каражаттар жетишсиз болгондуктан окуучулардын билимин карточкалар, перфокарталар жана перфоленталардын жардамы менен текшерүүнүн фронталдуу формасын жакшыртууга ишкердиктүү шарт түзүлбөй жатат. Экинчи жагынан алганда бул каражаттардын али да болсо, иш тажрыйбада аз колдонулганынын себептеринин бири катары билим-текшерүүнүн ар түрдүү ыкмаларынын методикалык жактан жеткиликтүү деңгээлде иштелип чыгылбагандыгын ага ылайык колдонуу багытында дидактикалык материалдарын жетишсиздигин айтууга болот. [3,7,1]

Окуу процессин башкаруунун эффективдүү жолдорунун бири катарында өз убагында системалуу түрдөгү программалык материалды өздөштүрүүсүн - <u>билимин деңгээлдеп текшерүү</u> болуп саналат. Демек, окуу материалынын сапаттуу өздөштүрүлүшүн өз убагында системалуу түрдө деңгээлдеп, билимдерин акыйкат баалоого, окутууну жекелештирүүгө жана автоматташтырууга б.а. окуу техникаларын эффективдүү колдонууга ж.б. ык...ларды максаттуу өз орундарына ылайык иш жүзүнө ашырууга көз карашды.

Бизге белгилүү мектеп практикасында кийинки учурларда зачеттук система, тест киргизиле баштады. Эгерде бул тест-каражаты окуу процессинде системалуу түрдө мектеп тажрыйбасына кирген болсо, анда окуучулар ар түрдүү сынактарга даяр болуп, билимдериндеги формализмден, кесипке туура эмес багытталышынан четте болоор эле. [4,5,6]

## Тест жөнүндө түшүнүк.

"Тест"- англис тилинен алынган термин. Аны кыргызча - окутуу процессинде окуучулардын билимин текшерүү үчүн атайы түзүлгөн каражат же дидактикалык тест катарында баамдайбыз. Аны сөзмө-сөз которуу так болбойт (Мисалы: сынак, сыноо, изилдөө жана текшерүү ж.б.). Ошондуктан "Тест" деген терминдин маанисин алдыга коюлган максатты аткарууга ылайыкталган каражат (дидактикалык материал) катарында түшүнүү менен аны өзгөртпөй эле кабыл алып, термин катары өз алдынча пайдалануу талапка ылайык.Тестирлөө - бул тесттин жардамы менен жүргүзүлүүчү окутуу процессин мүнөздөйт. Тест, адамдын ар тараптуулугун, мүмкүнчүлүктөрүн, адистиги боюнча билим деңгээлин, жөндөмдүүлүгүн ж.б. сапатын аныктоо же билүү максатына ылайык түзүлсө аны -"сыноо"; ал эми айрым бир илимий изилдөө иштерине ылайыкталып түзүлсө - "изилдөө"; эгерде тандап алуу (конкурстук) мактсатка ылайык түзүлсө - "сынак"; окуучулардын билиминин деңгээлин жана сапатын билүү максатта түзүлсө - "текшерүү" ж.б. деп кыргызча которуп жүрөбүз.Мындан тесттин түзүлүшүндө программаланган окуунун принциптеринин(идеясынын) кенен колдонулаарын байкайбыз. [2,1,7]

Педагогикалык илимдерге негизделип (атайын сунуш кылынган) принцип-талаптар ылайык бир бүтүндүүлүктө блок,доза,порция материал боюнча суроолордун жыйындысын "дидактикалык тест"-деп түшүнөбүз. Ал суроолордогу жооптор-программаланган окуунун идеясы менен дал келип, көп вариантта(тандап алуу),альтернативдик(айтышуу),конструктивдик(өзү табуу),орун толуктоо ж.б. формада болот.Ушуга байланыштуу тестте суроолордун жоопторy көп вариантта жана айтышуу формада берилсе андай дидактикалык тест -"ачык",ал эми суроолордун жоопторун өзү табуу(конструкциялоо) багытында берилсе -"жабык" деп түшүндүрүлөт. [5,2]

Тест окутуучу,көнүктүрүүчү,текшерүүчү максатка ээ болушу мүмкүн.

Ошентип, окуучулардын жалпы билим деңгээлин гана эмес алардын реалдуу мүмкүнчүлүгүнө карата билимдерин акыйкат баалоо үчүн блок,доза,порция окуу материалдарына ылайык түзүлгөн тест- окуучулардын билимин системалуу текшерүү милдетин аткарууга карата көмөкчү болмокчу.

Ал эми дидактикалык тест түзүүдө төмөндөгү принцип-талаптар сакталууга тиииш:

1. Тестти түзүүнүн максатынын ачык аныкталышы.

2. Тестти түзүүдө азыркы учурга ылайык келе турган педагогикалык- психологиялык илимдеринин эрежелеринин (жеңилден татаалга өтүү, түшүнүктү этаптуу калыптандыруу, диференциациялап окутуу ж.б.) эске алынышы.

3. Окуучулардын билимин текшерүүнүн функцияларын, принциптерин жана талаптарын эске алуу.

4. Блок, доза, порция материал боюнча түзүлгөн тесттеги суроолордун ички логикалык байланыштуулукта алгоритмде болушу.

5. Окуучулардын материалды өз деңгээлинде өздөштүргөндүгүн билүүгө ылайык алардын реалдуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу, билимдерин акыйкат баалоо үчүн суроолорду үч (орто,жакшы жана эң мыкты) группада тандоо.

6. Текшерилип жаткан түшүнүктөр боюнча билгенинин бышыктыгын, ишеничтүүлүгүн, тереңдигин туюнтуучу суроолордун берилиши.

7. Суроолордун түшүнүктү бышыктоого, кеңейтүүгө багытталышы жана өз алдынча ой жүгүртүп, жаңы түшүнүктү өздөштүрүү идеясынын ишке ашырылышы боюнча өз билимин өзүнүн текшерүүсүнө ылайыктуулугу.

8. Суроолорду тандоодо төмөндөгүлөрдү эске алуу:

- каралып жаткан объектини (маалыматты) толук өз ичине ала тургандыгы- жалпысынан бир бүтүндүүлүктө жана максаттуулукта берилиши. Башкача айтканда суроонун түрдүүлүгү андагы айрым суроолордун жеңил сезилгени менен анын тереңдүүлүгү,окуучулардын тез терең ой жүгүртүп тапкычтыгын талап кылуучулугу.

9. Программаланган окуунун идеяларынын эске алынышы. Андагы суроолорго берилүүчү жооптордун максатка ылайык ар түрдүүлүгү. Жоопту автоматтык түрдө,кокустан тандап алуу жагын четтетүү. Ал үчүн жооптордун санынын көп болушу. Жоопторде туура,жарым жартылай туура,окуучулардын кетире турган типтүү каталарынын негизинде жана туура эмес ой-жүгүртүүдөн келип чыгуучу жоопторду эске алуу.

10. Жоопторун конструктивдик формада берилишинде суроолордогу жоопторде көп убакытты талап кылуучу эсептөөлөрдү четтетүү. Анда тез ой-жүгүртүүнүн негизинде акыл эсинде өзүнүн жоопторун консрукциялай ала турган жактарын эске алуу.

Жогорудагы дидактикалык тест түзүүдө көңүл бурууга туура келүүчү принцип- талаптарды атап өттүк. Бул жерде жалпы эле тест түзүүнүн принцип-

талаптарынын туруктуулугун чечтик деген ойдон алыспыз, бирок ушул окуу куралын даярдоодо биз тараптан көп жылык иш тажрыйбалардын негизинде системалаштырды. Келечекте ал маселелер дагы да такталышы мүмкүн деген ойдобуз.

Анда ал ыкмаларды негизинен массалык мектептерде эң жөнөкөй, же кагазга жазып из калтыруудан тартып татаал түзүлүштөгү компнютерлерге чейин колдонуп, жекече же массалык формада окуучулардын билимдерин текшерүүнү иш жүзүнө ашыруу жагы эске алынды.

Мектеп тажрыйбасында тест аркылуу окуучулардын билимин текшерүү ыкмасын традициялык жолдор менен айкалыштырып киргизүүнүн зарылчылыгын баса көрсөтө алабыз. Тест мектеп практикасында кенен колдонула электигинен ага түшүнүк берилди, аны түзүүнүн принцип-талаптары жөнүндө жогоруда бир аз сөз кылдык. Аны менен кандайча иштөө мүмкүн экендигин тажрыйбадан (түзгөн дидактикалык материал боюнча) жана автор тарабынан жазылган (1971, 1976) окуу куралдарындагы келтирилген мисалдар (дидактикалык материалдар) боюнча тест жөнүндөгү идеяларды (принцип-талаптарды) кандай деңгээлде иш жүзүнө ашырууга мүмкүн экендигин байкай жана ал боюнча түшүнүгүн толуктайт.

Ошондой эле ар бир класс боюнча ар бир бөлүмдү окуучулардын реалдуу мүмкүнчүлүгүнө карата өздөштүргөн деңгээлин тогуз жана он бир жылдык базалык билим деңгээлин билүү багытта дидактикалык тесттер түзүлүшү ылайык.

Тест сапаттуу түзүлүп, максаттуу азыркы учурдагы техникалык түзүлүштөрдү кенен колдонуу багытында ишке ашырылса окуучулардын билимдерин системалуулукта текшерүүгө ыңгайлуу шарт түзүлүп, ар бир окуучунун өзүнүн реалдуу мүмкүнчүлүгүнө карата иштөө темпинин (окуу процессинин жекелештирилгендигин негизинде) тезделерин тажрыйба көрсөтүүдө.

## Адабияттар:


1. Методика преподования математики. под. ред. Р.С. Черкасов М.1985
2. К. Томас и др. Перспективы программированного обучения. М. 1966.
3. И. Бекбоев Дифференцированное обучения. Эл агартуу 1977. ;8.
4. А. Керимбеков. "Математика боюнча тесстер" Б.1994.
5. А. Абдиев Дидактикалык тест. "Кутбилим" №5, 1994
6. Ш.Майлиев "Орто мектептин математика курсу боюнча тесттер (окуу куралы, кол жазма).
7. Ш. Майлиев VI-VII класстардын алгебра курсунда окуучуларды өз алдынча иштерининн системасы. Мектеп 1971.

# ВОПРОСЫ РАЗРАБОТКИ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ПРОГРАММНЫХ СРЕДСТВ (ППС) ДЛЯ БАЗОВОГО КУРСА ИНФОРМАТИКИ.

А.Т. Кулушова,

Кыргызский институт образования.

В настоящее время накоплен и обобщен достаточный опыт обучения информатике в средней школе, проведены исследования, связанные с обоснованием прогноза развития информатики, как школьного учебного предмета, существенно изменяются условия преподавания курса в школе. На основе первого опыта необходимо переосмслить цели и содержание обучения информатике, вновь проанализировать общеобразовательную роль этого учебного предмета, его место в учебном плане школы, определить перспективы развития программно-методического обеспечения курса информатики.

Важнейшей особенности обучения информатике является то, что в качестве основного средства обучения она включает в себя педагогические программные средства (ППС). Проблемам разработки и внедрения новых информационных технологи (НИТ) в среднюю общеобразовательнюю школы в разных ее аспектах посвещены работы Б.С.Гершунского, А.П.Ершова, Е.Е.Машбица, В.М.Монахова, В.В. Рубцова, Н.Ф.Талызиной, О.К.Тихомирова. В последние несколько лет идут интенсивная теоретические и экспериментальные исследования по созданию педагогических программных средств для базового курса информатики (Г.В.Габай, Г.А.Звенигородский, А.А.Кузнецов, И.П.Роберт, Т.А.Сергеева). Педагогические программные средства обеспечивает формирование у учащихся практических умений и навыков курса и направлен на овладение учащимися методами и средствами информационных технологий решения практических задач.

В создании и использовании ППС в учебный процесс в средней школе можно выделить три этапа:

- разработка отдельных ППС, направленных на повышение эффективности действующей методики обучения (этот этап характеризует положение дел в настоящее время);

- разработка пакетов ППС, обеспечивающих возможность перехода к новым методикам обучения;
- разработка систем пакетов ППС, создающих условия для коренной перестройки учебного процесса на основе информационной технологии.

При определении места компьютера в учебном процессе и состава программного обеспечения курса ОИВТ мы исходили из направленности педагогических программных средств и для школьников, учителей на повышение эффективности учебного процессе.

Программное обеспечение базового курса должно предоставлять возможности:

*школьнику* - решения учебных задач используя сервисные средства и учебные инструментальные программные средства, применение компьютера как тренажера, инструментальные сервисные средства, средства самоконтроля;

*учителю* - работы с демонстрационному моделями, диагностики уровня обученности школьников, организации опроса (фронтального и индивидуального) учащихся, формирования средств контроля и оценки самостоятельных работ школьников, организации архива оперативного учета и накопления статистики результатов обучения, самостоятельной разработки простых ППС.

Педагогические программные средства делится на 5 групп:

- системное программное обеспечение;
- программное обеспечение базовых информационных технологий;
- инструментальные программные средства общего назначения;
- программные средства учебного назначения;
- программное обеспечение поддержки издательской деятельности для нужд школы.

Опыт разработки педагогических программных средств и экспериментальных работ проводимых нами в общеобразовательных шкалах показывает, что программнон обеспечение курса информатики должна удовлетворять следующим общим требованием:

- Лицензионная чистота (применение программного обеспечения допустимо только в рамках лицензионного соглашения).
- Возможность консультации и других форм сопровождения.
- Соответствие характеристикам, комплектации, классу и типу компьютеров, а также архитектуре применяемой вычислительной техники.
- Надежность и работоспособкость в любом из предусмотренных режимов работы, как минимум, в русскоязычной языковой среде.
- Наличие интерфейса, поддерживающего работу с использованием кыргызского и русского языка. Для системного и инструментального программного обеспечения допустимо наличие интерфейса на английском языке.
- Наличие документации, необходимой для практического применения и освоения программного обеспечения, на кыргызском и русском языке.
- Возможность использования шрифтов, поддерживающих работу с кириллицей.
- Наличие спецификации, оговаривающий все требования к аппаратным и программным средствам, необходимые для функционирования данного программного обеспечения.

Литература:

1. Программа средней общеобразовательной школы основы информатики и вычислительной техники /сост. ОрускуловТ.Р., Туголбаев О.Т. -Бишкек:1993. -20с.

2. Концепции обновления предметных образования в школах Кыргызской Республики /Информатика и вычислительная техника. Бишкек.1995. -С115-124.

3. Требования к базовому программному обеспечению. //Информатика и образования, 1995. -№1 -С.48-52.

# ГЛАЗОМЕРНАЯ МЕТОДИКА СОСТАВЛЕНИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ПРОГРАММНЫХ СРЕДСТВ В ВУЗЕ

Г.Д.Панкова (Бишкек)

В настоящее время во всех направлениях образования и подготовки кадров ведется широкий поиск способов повышения интенсивности и качества обучения.

Важным средством повышения эффективности преподавания является организация составления педагогических программных средств самими студентами. Хотя такое программное средство может быть ниже качеством, чем покупное (лицензионное), но оно имеет ряд преимуществ в педагогической работе:

1) Каждый студент, изучающий информатику, при работе над ППС глубоко изучит один из разделов науки (или входящий в программу, или сверх нее);

2) Каждый студент, изучающий раздел науки или сдающий зачет по данному ППС, будет иметь дополнительный стимул - желание найти неточности и неудобства и указать на них лично составителю. Но для того, чтобы уверенно говорить о неточностях, он еще раз повторит отдельные темы.

3) При работе с любыми программными средствами в дальнейшем студент будет лучше оценивать трудности, которые пришлось преодолеть разработчикам, видеть как их достоинства, так и недостатки.

Для реализации этих возможностей рекомендуется проводить разработку учебно-контролирующих программ на альтернативных принципах, отличных от стандартного (на однозначно сформулированный вопрос дается несколько ответов, из которых нужно выбрать правильный) и существенно использующих специфику предмета, в том числе:

- задания, в которых ответ возможен только приближенный [1];
- задания с вопросами и(или) ответами не в символьном, а в графическом (реальном) виде;
- формирование уникальных заданий путем выбора исходных данных при помощи датчика случайных чисел.

Для составления педагогического программного средства предлагается использовать глазомерный подход, который позволяет проверять адекватность усвоения учебного материала по математике - жизненному опыту.

**Глазомерные** - это такие задачи, которые на экране дисплея представляются в наглядной форме со строгой математической постановкой, но допускают только приближенный ответ, вводимый в компьютер.

При этом человек, представляя себе математический образ (или оценивая чертеж, изображение на дисплее) к поставленной задаче, должен, руководствуясь своими знаниями, дать ответ, который может быть только приближенным. Для определения ответа нельзя пользоваться какими-либо предметами (бумагой, карандашом, линейкой, микрокалькулятором, справочником) и на решение отводится определенное время (порядка 20-30 сек.), за которое человек не успевает сделать в уме достаточно точные сложные вычисления.

Ответ оценивается по абсолютному или относительному отклонению его от истинного. Например, если отклонение не более 10%, то оценка - "отлично", не более 20% - "хорошо", не более 40% - "удовлетворительно", более 40% или заведомо неверный (например, отрицательное значение площади или длины) - "неудовлетворительно".

При программной реализации ППС с использованием глазомерного подхода рекомендуется отражать два этапа: обучение и контроль.

На этапе обучения необходимо предусмотреть:

- словесное (текстовое) изложение теоретического материала по теме, где обучающийся знакомится с основными понятиями и определениями, изучая (вспоминая) материал (по желанию обучающегося, например, при повторной работе с программой, этот раздел можно пропускать);

- геометрическую (графическую) интерпретацию изучаемых понятий (например, площадь фигуры при вычислении определенного интеграла) и процессов действия над ними (например, поле направлений, отражающих решение дифференциального уравнения на заданном отрезке с некоторым начальным условием);

- предоставление возможности обучаемому самому выбрать параметры задачи (математического объекта) и посмотреть истинный ответ.

На этапе контроля на экране дисплея (случайным образом) строится задача, имеющая строгую математическую постановку, но допускающая только приближенный ответ, и указывается время, отведенное на ответ. Для этой задачи обучающийся, используя свои знания, должен дать ответ (ввести его в компьютер), а программа, сравнив его с истинным, дает оценку знаний обучающемуся, а также может показывать истинный ответ.

Истинный (приближенный с большой точностью ) ответ компьютер расчитывает по алгоритму, заложенному разработчиком ППС, учитывая значения случайных данных, являющиеся исходными для рассматриваемой задачи ( например, при изучении определенного интеграла - область определения и коэффиценты функции), и используя некоторую расчетную формулу или численный метод (например, при изучении определенного интеграла - один из численных методов: прямоугольников, трапеций...).

Свой ответ обучаемый вводит в компьютер в численном или графическом виде ( например, при изучении определенного интеграла - площадь квадрата, равновеликую значению интеграла).

Правильность ответа рекомендуется поощрять приятной музыкой и добрыми пожеланиями, а ошибочные ответы - рекомендациями о необходимости восполнения знаний или повышения внимательности обучаемого. Кроме того, как обычно делается в контролирующих программах, требуется производить подсчет количества выполненных заданий и вычисление среднего балла.

Кроме упомянутых задач, еще были реализованы:
- разложение вектора на плоскости по базису;
- определение центра тяжести множества точек на плоскости;
- определение характеристических точек кривых второго порядка, заданных или частью графика, или отдельными точками;
- решение краевой задачи для дифференциального уравнения второго порядка, не зависящего явно от первой производной (только в этом случае оно допускает наглядную геометрическую интерпретацию);
- вычисление выборочного среднего, среднего квадратического отклонения и дисперсии для массивов (10-20) чисел (данный круг задач может еще использоваться для профессиональной подготовки экономистов, для которых важно уметь быстро оценивать усредненные характеристики и тенденции для больших массивов числовых данных).

Данная методика была нами использована в КГНУ [2] и вызвала заметный интерес у студентов, поскольку каждый студент в процессе выполнения такого задания узнает для себя что-то новое, что является необходимым элементом творчества. Она может рассматриваться, как стимулятор к учебно-творческой работе для всех студентов.

Глазомерный подход может быть также применен к некоторым темам из физики и химии (там возникает еще большее разнообразие типов вопросов и ответов).

**Литература**

1. Панков П.С. Глазомерные задачи // Информатика и образование, 1990. - № 5.

2. Панкова Г.Д. Интервально-глазомерные задачи и их реализация на персональной ЭВМ // Информационно-оперативный материал, ч.1 (Интервальный анализ) - Красноярск, 1990. - Препринт № 16 ВЦ СОАН СССР (г. Красноярск).

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНА ДАЯРДОО КУРСТАРЫНДА КОЛДОНУЛУУЧУ ОКУТУУНУН ЫКМАЛАРЫ.

Аширбаев.Б.Н. , КТУ. Бишкек.

Адатта окутуу ыкмалары жана каражаттары жөнүндө сөз болгондо бирдиктүү,макулдашылган көрсөтмөнүн жоктугу дароо байкалат. Анткени окутуу процессинде окутуунун ар кандай ыкмалары жана каражаттары колдонулуп келет, ошону менен бирге окумуштуулар да бул маселе боюнча бирдей пикирде болбой келгендигин алардын эмгектеринен байкоого болот.

Атап айтсак Баранов.С.П [I] окутуу ыкмасын окуу материалын теориялык жана практикалык өздөштүрүүнүн формасы десе, Ю.К.Бабанский [2] окутуу ыкмасын окутуунун максатына жетүүгө багытталган, иш аракети кандайдыр бир принцип боюнча белгиленген, жолу катары карайт. И.Зверев окутуунун ыкмасын окутуунун максатына жетүүгө багытталган мугалим менен окуучунун биргелешкен иш аракетинин тартипке келтирилген жолу десе [3] , И.Я.Лернер [4] окутуунун максатына жетүү үчүн билимдин бардык элементтерин өздөштүрүүгө багытталган мугалимдин иш аракеттеринин системасы, ал эми В.В.Краевский [5] окуучуларга билим берүүнүн мазмунунун кандайдыр бир бөлүгүн берүү жана өздөштүрүүгө багытталган окутуу жана окуу иш аракетинин бирдиктүү модели деп атайт.

Окутуунун ыкмасын көпчүлүк авторлордун жана биздин оюбуз боюнча окутуунун максатына жетүүгө багытталган мугалим менен окуучунун биргелешкен аракети деп атоого болот. Мында мугалимдин иш аракетин "окутуу"/преподования/, окуучунун иш аракетин "окуу" /учения/ деп түшүнөбүз. Демек ыкмалар да "окутуунун ыкмалары" /методы преподования/ жана "окуунун ыкмалары" /методы учения/ деп бөлүнгөнү максатка ылайыктуу. Ошондой эле мындай бөлүү жогорку окуу жайына даярдоо курстарындагы окуу процессинин максаты жана милдеттерине дал келет деп ойлойбуз. Биздин оюбузча окутуу ыкмалары жана окуу ыкмалары жөнүндө Р.А.Низамовдун [6] эмгегинде көрсөтүлгөн аныктамаларды негиз катары алууга болот: "окутуу ыкмалары" деп студенттердин окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн уюштурууну башкаруу, жетектөө жана стимулдаштырууда окутуунун максатына жетүүгө багытталган, анын мазмуну жана милдеттери менен аныкталган окуу материалын баяндоо, билимдерди, көндүмдөрдү жана машыгууларды текшерүү жана баалоо үчүн колдонулган окутуучунун иш аракетинин жолдору же алардын системасы аталат , ал эми "окуу ыкмалары" деп окутуунун

максатына жетүүгө багытталган студенттин окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн /окуу, билимдерди өздөштүрүү, көндүм жана машыгууларды калыптандыруу, изилдөө ж.б./ жолдорун айтабыз.

Окутуу ыкмаларынан ар кандай түрлөрүнүн көптүгү окутуунун максатынын, анын мазмунунун жана окуучулардын билимдерди өздөштүрүү процессинин ар түрдүүлүгүнөн келип чыгат. Демек окутуу ыкмаларын алардын кандайдыр бир белгиси боюнча же башка себептердин негизинде топторго бөлүү зарылдыгы келип чыгат. Бул маселе боюнча да ушул кезге чейин окумуштуулар бирдей пикирге келе алганы жок. Кай бир авторлор ыкмаларды билимдин булактары боюнча бөлсө, экинчилери дидактикалык максаты боюнча бөлүшөт, үчүнчүлөрү маалым аттын түрлөрү боюнча бөлсө, төртүнчүлөрү окутуу процессинде мугалим менен окуучунун активдүүлүгү боюнча бөлүшөт.

Окутуу ыкмаларынын мындай топторго бөлүштүрүү жөнүндө Э.М. Мамбетакунов [7] төмөнкүдөй мисалдар келтирет:

I. Ыкмаларды билим алуунун булактары боюнча бөлүштүрүү

| Окутуу ыкмалары | Билимдин булактары |
|---|---|
| 1. Мугалимдин сөзү | айтып берүү, аңгемелешүү, лекция. |
| 2. Басма сөздөр | китеп менен, илимий-популярдык адабияттар, газета-журналдар, маалыматтамалар, сөздүктөр ж.б. менен иштөө ыкмасы, |
| 3. Жаратылыштагы предметтер жана кубулуштар | байкоо, тажрыйба жүргүзүү, экскурсия ж.б. |
| 4. Техникалык жана башка окуу каражаттары | демонстрация, иллюстрация ж.б. |
| 5. Окуучунун өзүнүн практикалык иштери | маселе чыгаруу, лабороториялык жана практикалык иштер, жер бетинде ченөө иштери, тажрыйба участ-дагы иштөө ыкмасы ж.б. |
| 6. Техникалык каражаттар, кино, телекөрсөтүү, радио | демонстрация, иллюстрация |

II. Ыкмаларды дидактикалык максаттары боюнча бөлүштүрүү.

| Дидактикалык максаттар | Окутуу ыкмалары |
|---|---|
| 1. Жаңы материалды үйрөнүү | Түшүндүрүү ыкмасы менен, китеп менен иштөө, эксперимент, демонстрация, моделдерди пайдалануу |

| I | 2 |
|---|---|
| 2. Жаңы материалды бышыктоо | Көнүгүүлөр, китеп менен иштөө, эксперимент, маселе иштөө ж.б. |
| 3. Окуу ыктарына үйрөтүү | Түшүндүрүү, инструкциялоо, аракеттенүүнүн ыктарын практикада көрсөтүү. |
| 4. Билимдерди практикада пайдалануу | маселе иштөө, сочинение жазуу, практикалык иштерди аткаруу ж.б. |
| 5. Билимдерди текшерүү | Оозеки суроо, жазуу жүзүндөгү текшерүү, реферат, доклад, баяндамаларды даярдоо ж.б. |

III. Ыкмаларды маалыматтын түрлөрү боюнча бөлүштүрүү.

| Маалыматтын түрлөрү | Окутуу ыкмалары |
|---|---|
| 1. Оозеки | айтып берүү, аңгемелешүү, лекция |
| 2. Көрсөтмөлүү | демонстрация, иллюстрация, экскурсия, байкоо жүргүзүү ж.б. |
| 3. Практикалык | көнүгүү, маселе чыгаруу, лабораториялык иштер, тажрыйба жасоо, практикумдар ж.б. |

IУ. Ыкмаларды мугалим менен окуучунун окутуу процессиндеги активдүүлүгү боюнча бөлүштүрүү.

| Мугалимдер активдүү катышкан | Окуучулар активдүү катышкан |
|---|---|
| 1. Аңгемелешүү | китеп менен иштөө, лабораториялык жана практикалык иштер |
| 2. Айтып берүү | өз алдынча байкоо жүргүзүү. |
| 3. Лекция | Жазуу иштери. |
| 4. Билимдерди текшерүү | Маселе чыгаруу. |
| 5. Демонстрация | Экскурсия ж.б. |

Окутуу ыкмаларынын бул классификацияларынын ар бири окутуу процесинин белгилүү бир жактарын карайт, ошондуктан алар бири бирине карама каршы келбестен окутуу процессин ар тараптан кароого мүмкүндүк берет.

Биз окутуу ыкмалары жөнүндөгү окумуштуу-педагогдордун эмгектерин окуп үйрөнүп жана практикалык иш тажрыйбабызга таянып жогорку окуу жайынын даярдоо курстарынын окуу процессинде окутуунун ыкмаларын төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүүнү сунуш

кылабыз:

## I. Окутуу ыкмалары

1. Оозеки /айтып берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, лекция ж.б./
2. Көрсөтмөлүү /демонстрация, иллюстрация, экскурсия,байкоо жүргүзүү ж.б /.
3. Практикалык ыкмалар / көнүгүү иштери, лабораториялык иштер, байкоо жүргүзүү, тажрыйба жасоо, эксперимент жүргүзүү, практикумдар/
4. Логикалык ыкмалар /индуктивдүү, дедуктивдүү)

5. Таанып билүү ыкмалары /репродуктивдүү ыкма, проблемалуу изденүү ыкмасы, эвристикалык же айрым изденүү ыкмасы, изилдөө/.
6. Текшерүү ыкмалары / оозеки текшерүү, жазуу жүзүндө текшерүү, тесттердин жардамы менен текшерүү, лабораториялык жана машина менен текшерүү/.

## II. Окуу ыкмалары

1. Өз алдынча иштөө ыкмалары /көнүгүүлөрдү өз алдынча иштөө, китеп менен өз алдынча иштөө, лабораториялык иштерде приборлор менен өз алдынча иштөө,өз алдынча байкоо жүргүзүү, тажрыйба жасоо, эксперимент жүргүзүү, өндүрүштүк тапшырмаларды өз алдынча аткаруу/.
2. Өзүн өзү текшерүү ыкмалары.

Мында ыкмалардын "окутуу ыкмаларына" жана "окуу ыкмаларына" бөлүү шарттуу түрдө, башкача айтканда окутуу процессинде ыкмалар ал окутуу ыкмалары болобу же окуу ыкмалары болобу өз ара байланышта болуп бир бүтүндүктү түзүп турат. Мисалы окуу материалын кандайдыр бир окутуу ыкмасы менен баяндоо жөнүндө сөз болгондо, ошол эле окуу материалын кандай ыкма менен өздөштүрүү кереКтиги айтылат.

Окутуу ыкмаларынын көп түрдүүлүгүнөн ар бир сабак үчүн ыкмаларды же алардын системасын тандоо зарылчылыгы келип чыгат:

а/ Окутуу ыкмаларын тандоодо алгачкы орун окуу материалынын дидактикалык максаты жана милдеттерине таандык. Мисалы алынган билим, билгичтиктер жана көндүмдөрдү бышыктоо сабагы аңгемелешүү же көнүгүү ыкмаларынын жардамы менен максатына толук жетет.

б/ Окутуунун ыкмаларын тандоо окутуунун мазмунуна көз каранды болот. Мисалы бир кыйла татаал теоремалар, эрежелер, закондор түшүндүрүү ыкмасын, ал эми окуу материалы үйрөнүүчүлөргө кандайдыр бир деңгээлде тааныш болсо аңгемелешүү ыкмасын колдонууга болот.

в/ Үйрөнүүчүлөрдүн жалпы өсүү деңгээли, алардын психологиялык жана жаш өзгөчөлүгү, мурдагы окуу жана практикалык иш тажрыйбасы менен байланышы окутуу ыкмаларын тандоого бир кыйла таасир этет.

г/ Окутуу ыкмаларын колдонуу ошондой эле окуу материалы таандык болгон илимдин изилдөө ыкмаларынан да көз каранды болот, мисалы табигый илимдердеги негизги изилдөө ыкмалары болуп байкоо жүргүзүү жана эксперимент болуп эсептелет, ошондуктан химия, биология, физика предметтерин окуп үйрөнүүдө бул ыкмалар көп колдонулат.

д/ Окутуу ыкмаларын тандоо окутуучунун жеке, профессионалдык сапаттарынан да көз каранды. Себеби окутуу ыкмаларын колдонууда, жалпы эле окутуу процессиндеги негизги орун окутуучуга таандык.

е/ Окутуу ыкмаларын колдонуу окуу убактысынан жана окутууну уюштуруу формаларынан көз каранды болот. Ар бир окутуу формаларында, мисалы лекция, практика, семинар ж.б.окутуу формаларына ыңгайлуу окутуу ыкмалары колдонулат.

ж/ Окуу материалдык базасынын /окуу имараты, окутуу каражаттары ж.б./ болушу да окутуунун ыкмаларын колдонууга бир кыйла таасир этет.

з/ Окутуу ыкмалары ошондой эле бири бири менен байланышта болушу керек. Ар бир сабакта окутуунун ар түрдүү ыкмалары колдонулушу мүмкүн.

## Колдонулган адабияттар.


1. Баранов С.П.,Болотина Л.Р., Сластенин В.А.Педагогика. М. Просвещение. 1987 .

2. Бабанский.Ю.К., Методы обучения в современной общеобразовательной школе. М. Просвещение. 1985.

3. Зверев.И., Методы обучения в современной школе. / Нар. образование. 1976. № 3, с116-127.

4. Лернер И.Я. Дидактические основы методов обучения. М. Педагогика. 1981.

5. Краевский В.В. Метод обучения как категория дидактики.- В кн. Вопросы методов и организация процесса обучения. М. Педагогика 1982.

6. Низамов Р.А. Дидактические основы активизации учебной деятельности студентов. Казань: Издательство Казанского ун-та 1975.

7. Мамбетакунов Э.М.,ж.б. Физиканы окутуу методикасы. Бишкек. Мектеп. 1992.

# ИЗ ОПЫТА ИСПОЛЬЗОВАНИЯ КОМПЬЮТЕРА ПРИ ПРОВЕДЕНИИ СПЕЦЛАБОРАТОРИИ ПО ЭЛЕКТРОНИКЕ.

Чокоев Э.С.,Эстебесов Т.К.
(г.Бишкек.)

Прогресс в образовании во многом зависит от массового внедрения вычислительной техники в учебном процессе. Задача повышения компьютерной грамотности населения имеет государственное и политическое значение и не случайно Президент нашей республики утвердил Программу "Билим", где это проблема является одной из основных. Ее решение, во многом связано с интенсивным внедрением нового поколения вычислительных средств-персональных компьютеров в учебном процессе. Проблема информатизации образования в первую очередь касается высших учебных заведений, где готовится квалифицированные специалисты нового поколения.В настоящее время знание языка компьютера и обращения с ним определяет степень квалификации кадров.

В данном кратком сообщении мы хотели остановиться на опыте использования компьютера на кафедре физической электроники КГНУ при проведении спецлаборатории по "Функциональные блоки электроники" для студентов четвертого курса.Эта спецлаборатория является рактическим продолжением ранее пройденного спецкурса с аналогичным названием.До четвертого курса наши студенты изучают дисциплины,связанные с составлением простых программ и имеют навыки обращения с персональным компьютером (например,"Численные методы", "Программирование","Компьютерные методы в физике" и т.д.).По учебному плану на обсуждаемую спецлабораторию отведено 72 часа. Выполнение каждой лабораторной работы рассчитана на 6 часов.В течение семестра они должны выполнить и сдать, как минимум 10-11 работ.

При выполнении работы студенты теряют много времени на ручную обработку полученных результатов.Использование хотя бы простых компьютеров в необходимых расчетах в несколько раз облегчает задачу,т.е. на них будет уходить существенно меньше времени.Поэтому, нами разработаны методики применения простых компьютеров ДЗ-28 и ИСКРА-226, для обработки результатов измерений.

В качестве примера рассмотрим работу:"Изучение и расчет уси-

лителя на биполярном транзисторе". При проведении расчета усилителя на биполярном транзисторе необходимо вычислит физические параметры транзистора по $h$ параметрам [1,2], так как они наиболее удобны для измерений. Система уравнений, показывающая связь напряжении и токов с $h$ параметрами, имеет вид:

$$\begin{vmatrix} u_1 \\ i_2 \end{vmatrix} = \begin{Vmatrix} h_{11} & h_{12} \\ h_{21} & h_{22} \end{Vmatrix} \begin{vmatrix} i_1 \\ u_2 \end{vmatrix} \qquad (1)$$

Физический смысл соответствующих коэффициентов следующий:

$$h_{11} = \frac{u_1}{i_1}\Bigg|_{u_2=0}$$

$h_{11}$ - входное сопротивление ;

$$h_{12} = \frac{u_1}{u_2}\Bigg|_{i_1=0}$$

$h_{12}$ - коэффициент обратной связи по напряжению;

$$h_{21} = \frac{i_2}{i_1}\Bigg|_{u_2=0}$$

$h_{21}$ - коэффициент передачи тока;

$$h_{22} = \frac{i_2}{u_2}\Bigg|_{i_1=0}$$

$h_{22}$ - выходная проводимость.

К физическим параметрам биполярного транзистора включенного по схеме с общей базой или общим эмиттером относятся: сопротивление эмиттера $r_э$, сопротивление базы $r_б$, сопротивление коллектора $r_к$, сопротивление $r_м = \alpha r_к$ и коэффициент передачи тока эмиттера $\alpha$. Для нахождение физических параметров биполярного транзистора составлена простая программа на языке "Бейсик" которая имеет прилагаемый на следующей странице вид [3].

Как показала практика применение компьютеров в спецлабора-

торных занятиях существенно упрощает выполение задания. Студенты за 15-20 минут успевают полностью обработать полученные данные. Это подверждает тот факт, что применение компьютера в учебном процессе заметно сказывается на качестве проводимых занятий.

## ЛИТЕРАТУРА.


1. В.Г. Гусев, Ю.М. Гусев. Электроника. М.:"Высшая школа", 1991.-с.106-110.
2. В.Л.Ситорский, А.Н. Петренко. Основы теории электронных схем. Киев."Высшая школа", 1971.-с.110.
3. Ю.Л. Кетков. Программирование на бейсике. М.:"Статистика", 1978.-с.200-204.


```
10 PRINT 'Расчет физических параметров транзистора по
         Н-параметрам'
20 PRINT 'Схема с общей базой,код1'
30 PRINT 'Схема с общим эмиттером код2'
40 INPUT 'Введите входное сопротивление H11= 'H1
50 INPUT 'Введите коэффициент обратной связи по
         напряжению H12= 'H2
60 INPUT 'Введите коэффициент передачи по току H21= 'H3
70 INPUT 'Введите выходную проводимость H22='H4
80 INPUT 'Введите код'N
90  IF N=1 THEN 120
100 IF N=2 THEN 180
110 PRINT 'Код набран неверно ': GOTO 80
120 R1=H1-(1+H3)*H2/H4:R2=H2/H4:R2=H2/H4:R3=(1-H2)/H4
150 R4=-(H2+H3)/H4:A=-(H2+H3)/1-H2):GOTO 230
180 R1=H2/H4:R2=H1-H2*(1+H3)/H4:R3=(1+H3)/H4
200 R4=(H2+H3)/H4:A=(H2+H3)/(1+H3)
230 PRINT 'Сопротивление эмиттера R='R1
240 PRINT 'Сопротивление базы RB='R2
250 PRINT 'Сопротивление каллектора RK='R3
260 PRINT 'Сопротивление RM='R3
270 PRINT 'Коэффициент передачи тока эмиттера A='A
280 GOTO 40
```

# ИНТЕГРАТИВНЫЙ ПОДХОД К ФОРМИРОВАНИЮ У СТУДЕНТОВ УМЕНИЯ ОПТИМАЛЬНОГО ВЫБОРА МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ В СРЕДНЕЙ ШКОЛЕ.

АМАНОВА Г.М.

научный сотрудник
Кыргызского института образования

Существование противоречия, когда с одной стороны - методы обучения, оптимизация учебного процесса широко рассматриваются и изучаются педагогической наукой, усваиваются будущими учителями в процессе изучения педагогики и методик преподавания учебных дисциплин, а с другой стороны - у многих выпускников вузов, учителей школ наблюдается несформированность умения оптимального выбора методов обучения в средней школе требует разработки, организации и проведения специальной работы по формированию у студентов данного умения.

Отсутствие в работе вуза профессионально-педагогической направленности на формирование у студентов умения оптимального выбора и применения методов обучения в средней школе значительно снижает уровень профессиональной подготовки будущего учителя. А несформированность у многих учителей данного умения является одной из основных причин низкой эффективности учебно-воспитательного процесса в средней школе.

Многие учителя психологически не готовы осуществить оптимальный выбор методов обучения: они испытывают психологический дискомфорт перед проблемой выбора способа своей деятельности, у большинства из них отсутствует установка на осуществление выбора методов обучения; и практически: в связи с несформированностью у них умения оптимального выбора методов обучения, отсутствием системного знания о методах обучения.

Трудностями, испытываемыми учителями при выборе методов обучения, наиболее часто являются: незнание методов обучения, недостаток необходимой методической литературы, методических рекомендаций по применению методов обучения, отсутствие у большинства учителей возможности познакомиться с передовым педагогическим опытом, посетить занятия опытных учителей в других районах и областях республики и т.д.

На практике многим учителям при выборе методов обучения присущи шаблонность, использование одних и тех же методов обучения, необоснованность выбора методов обучения. Нередко выбор методов обучения идет интуитивно, методом "проб и ошибок". А это снижает эффективность обучения, увеличивает нагрузку учителей и учащихся, приводит к нерациональному использованию учебного времени.

Учитывая вышеизложенное, мы полагаем, что введение в учебный процесс вуза спецкурса "Вопросы оптимального выбора методов обучения в средней школе" будет способствовать более осознанному усвоению будущими учителями системы знаний о методах обучения, а это, в свою очередь, положительно будет влиять на качество выполненных педагогических заданий, решения педагогических задач, связанных с выбором и применением методов обучения, а также в практическом их применении на уроках во время педагогической практики в школе.

Еще до выхода студентов на педагогическую практику в школу, необходимо, чтобы они были психологически, теоретически и практически готовы к осуществлению деятельности по выбору и применению методов обучения на уроках, чтобы она осуществлялась осознанно, планомерно и систематически с учетом основных критериев оптимальноro выбора методов обучения в средней школе.

Спецкурс "Вопросы оптимального выбора методов обучения в средней школе" - это интегративный курс, т.к. существует тесная взаимосвязь содержания данного спецкурса с содержанием учебного материала таких дисциплин, как философия, педагогика, методика преподавания специдисциплин ( в нашем случае - русского языка и литературы), педагогическая психология.

В процессе определения содержания спецкурса "Вопросы оптимального выбора методов обучения в средней школе" нами решались две основные задачи:

1. Определение системы понятий о методах обучения, подлежащих прочному усвоению студентами.
2. Определение содержания и структуры умения оптимального выбора методов обучения в средней школе.

Нами были определены теоретические знания о методах обучения, подлежащие актуализации, систематизации и углублению: метод обучения, его сущность, общедидактические и частнометодические методы обучения, классификация методов обучения, виды методов обучения, их особенности и т.д.

Материалы, связанные с проблемой методов обучения, были привлечены нами из философии, педагогики, методик преподавания специдисциплин в той мере, в какой они способствовали обоснованности, связанности и доступности разработанного нами спецкурса.

Критерием для разработки программы спецкурса стали принципы максимальной доступности и целесообразности закладки фундамента для формирования у будущих учителей умения оптимального выбора методов обучения в средней школе, т.е. мы исходили из того, что содержание лекционных и семинарских занятий спецкурса должно быть усвоено каждым студентом его посе-

шающим, независимо от уровня его общей и специальной подготовленности, знаний о методах обучения, их видах, особенностях и т.д.

При помощи анкетирования и бесед со студентами мы определили, что они усвоили о методах обучения при изучении дисциплин психолого-педагогического цикла и методик преподавания учебных дисциплин. Данные знания послужили основой для дальнейшегоб их углубления и расширения в процессе преподавания спецкурса "Вопросы оптимального выбора методов обучения в средней школе".

Нами были определены следующие основные задачи спецкурса:

- вооружение студентов системой знаний о методах обучения;
- формирование у студентов умения оптимального выбора методов обучения в средней школе:
- развитие у будущих учителей проблемно-поискового мышления, личностных качеств, способствующих успешному овладению ими умением оптимального выбора методов обучения в средней школе;
- формирование у студентов системного подхода к педагогической деятельности.

В соответствии с поставленной целью программа разработанного нами спецкурса "Вопросы оптимального выбора методов обучения в средней школе" имеет четкую практическую направленность на формирование у будущих учителей умения оптимального выбора методов обучения в средней школе.

На лекционных занятиях спецкурса студенты были ознакомлены с узловыми теоретическими вопросами, связанными с проблемой методов обучения. (Метод как категория педагогики; Классификация методов обучения; Виды методов обучения, их сравнительная характеристика и т.д.), а семинарские занятия способствовали самостоятельному изучению литературы по данной проблеме, использованию полученных знаний о методах обучения, их видах, особенностях при решении и разборе педагогических задач, при участии студентов в педагогических "этюдах", ролевых педагогических играх, разборах педагогических ситуаций и т.д. - все это направлено на формирование у будущих учителей умения оптимального выбора методов обучения в средней школе.

В процессе лекционных и семинарских занятий спецкурса "Вопросы оптимального выбора методов обучения в средней школе" постоянно осуществлялось повторение и закрепление учебного материала о методах обучения, что несомненно способствовало более осознанному становлению у будущих учителей умения оптимального выбора методов обучения в средней школе.

При разработке педагогических заданий и подборе педагогических задач мы придерживались следующих правил:

1. Опора на изученный теоретический материал;
2. Активизация мыслительной деятельности студентов;
3. Обязательное обсуждение выполненных заданийй и педагогических задач в аудитории.

После проведения спецкурса проводится зачет.

Зачет позволяет осуществить индивидуальный и дифференцированный подходы при оценивании уровня усвояния будущими учителями знаний о методах обучения, критериях оптимального их выбора.

Для большей объективности и точности оценки знаний нами были определены следующие критерии оценки:

I. Понимание и степень усвения студентами учебного материала спецкурса "Вопросы оптимального выбора методов обучения в средней школе";
2. Умение применить теоретические знания о методах обучения при решении педагогических задач;
3. Знакомство студентов с основной литературой по проблеме методов обучения в средней школе;
4. Логика и структура ответа: умение обосновать свои высказывания.

# ИНФОРМАТИКА В НАЧАЛЬНОМ И СРЕДНЕМ ЗВЕНЕ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ШКОЛЫ

Ю.Н.Кузьмин (Бишкек)

ЭВМ - неотъемлемый атрибут современной жизни. Однако, чем больше людей обращается к ЭВМ, тем острее встает проблема обучения “человек-компьютер”.

Внедрение компьютеров в учебно-воспитательный процесс в школе требует от преподавателя работу по выработке программ и программного обеспечения (чаще его нахождения) и формирования *цельного из разрозненных.*

Поэтому становится понятным тот интерес, который проявляют к компьютерной грамотности педагоги, занимающиеся поисками путей адаптации школы к современному миру.

Сейчас информатика изучается в государственных средних школе в VIII-XI классах и то по 1-2 часа в неделю.

А стоит ли обучать информатике с первого класса?

Все большее число родителей, учителей и самих учащихся приходят к убеждению, что в результате полученных знаний о компьютерах и приобретенных навыков работы на них, дети будут лучше подготовлены к жизни и материальному благополучию в постоянно меняющемся мире.

Огромным или можно сказать главным аргументом в пользу введения информатики для учащихся младших и средних классов является принцип равноправия, т.е. если ставится задача научить всех детей использованию вычислительной техники, то изучение компьютеров не может быть уделом только старшеклассников.

У школы нет иного выбора, кроме как адаптпции ее к информационному веку, основная цель которой заключается в необходимости научить обрабатывать информацию, решать задачи, общаться с людьми, понимать суть изменений, которые происходят в обществе.

Поэтому ответом на поставленный ранее вопрос ( по моему мнению) должно быть “да” с некоторыми оговорками.

Какие же они? В первую голову парк компьютеров, которыми оснащены школы ( это хорошо, что в нашей школе учителя и родители понимают и мы имеем IBM 486) и второе - программное обеспечение.

В нашей республике имеется опыт преподавания информатики в младших классах (БОНУК и СШ № 67):

Балыкина В.Т., Матонкина Г.В.,Рехимяе С.И., Бережнова Е.А., Никитина Т.П. работали по программе Роботландии, которая ориентирована на младших школьников (1-4 класс), причем это полный курс информатики. По этой программе работали в течении 5 лет, но... наша ( с ее использованием) *существует и лучше.*

В настоящее время преподавателям информатики приходится находить все новые пути ведения предмета с учетом новейших технологий ( имеется в виду использование машин класса IBM), варировать между общеобразовательной программой для государственных школ и курсом типа Роботландии.

В основу программы курса информатики для начального и среднего звена школы взята именно программа Роботландии *но сильно улучшена* ,при построении ее определены цели её изучения:

- формирование в сознании школьника информационной картины мира;

- формирование компьютерной интуиции: знание возможностей и ограничений использования ЭВМ, умение использовать ЭВМ на практике;

- формирование операционного стиля мышления: умение формализовать задачу; выделить в ней логически самостоятельные части; спроектировать решение;

- формирование конструкторских и исследовательских навыков.

Они определили четыре методические линии курса: информация, компьютер, программирование, творчество.

В настоящее время нашей школой "Звездочка"(надо отдать должное директору школы Малиной Н.И.) был приобретен новый пакет обучающих программ фирмы "Никита" не только по информатике, но и другим предметам: физике, математике, английскому языку. Его можно использовать при изучении курса Роботландии, ведь он ориентирован не только как информационный, но и как средство обмена информацией и знаниями между другими предметами. Для изучения кыргызского языка используется оригинальная программа [5]. Также в дальнейшем предполагается использовать методику [6] для более глубокого

усвоения курса математики и других предметов. Для повышения уровня владения компьютером и подготовки к будущей деятельности предлагается также внедрить задание по реализации известной ученикам компьютерной эмблемы школы "Звездочка", а также составлению и реализации других эмблем по желанию учащихся.

Ведь цель компьютеризации обучения в школе должны быть интегрированы на уроках математики, общественных дисциплин, естествознания, кыргызского языка.

Такая интеграция не может быть завершена в течение одного года, это процесс, который идет все глубже, повышая уровень преподавания на каждом этапе.

Совокупность общих целей компьютеризации учебного процесса, реализация которых возможна в результате совместной работы администрации, учителей. Но важно отметить, что реализация будет проходить в рамках общих целей, рассматриваемых в определенной последовательности, что позволит каждому ученику из года в год пополнять свои знания и формировать новые практические навыки работы на компьютерах на основе ранее приобретенного опыта.

Литература:

1. Дуванов А., Зайдельман Я. и др. Роботландия // Информатика и образование, 1988 , № 1.

2. Ершов А.П., Кушнеренко А.Г. и др. Основы информатики и вычислительной техники. - Москва: Просвещение, 1988.

3. В.А. Каймин и др. Основы информатики и вычислительной техники. - Москва: Просвещение, 1989.

4. Дуванов А. и др. Роботландия - курс информатики для младших школьников // Информатика и образование, 1989, № 5.

5. Панков П.С. Обучающая и контролирующая программа по словоизменению в кыргызском языке на ПЭВМ. - Бишкек: Мектеп, 1992.

6. Панков П.С. Глазомерные задачи// Информатика и образование, 1990, № 5.

# КИРҮҮ ЭКЗАМЕНДЕРИН КОМПЬЮТЕРДЕ ТЕСТИРЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ

**К.К. Мамбеталиев ( Каракол ш. )**

Жогорку окуу жайларына кабыл алуу процессин абитуриенттин билимин туура баалоо менен калыс, компактуу жана эффективдүү өткөрүү максатында кирүү экзамендеринин ар кандай формалары иштелип чыгып, азыркы мезгилде негизинен бланкалык тестирлөө жана компьютерде тестирлөө системалары кеңири колдонулууда. Бирок кирүү экзамендеринин бул формалары мурдагы жазуу жана оозеки түрдөгү формаларына караганда калысыраак болгону менен алардын кээ бир кемчиликтери экзамен алуу учурунда жат көрүнүштөргө жол берүүдө. Төмөндө тестирлөөнүн эки системасына мүнөздүү негизги кемчиликтер жана алардын кесепеттери келтирилген.

**Бланкалык тестирлөөдө :**

- тесттин суроолору эксперттер тарабынан кылдат текшерилбесе кээ бир суроолордун жообу туура эмес же белгилүү бир "эрежеге" (мисалы, "узун жооп туура") баш ийгендей кылып түзүлүшү мүмкүн;
- бланкалык тестирлөөдө суроолордун жалпы көлөмү анча чоң эмес болгондуктан абитуриент суроолорду аны түзгөн же терген адам аркылуу алып, жоопторун жаттоо менен же экзаменге ала кирүү менен пайдаланышы мүмкүн;
- тесттин суроолору күн мурунтан варианттарга бөлүнүп түзүлөт, натыйжада абитуриент экзаменге чейин эле өзүнө келчү вариантка даярданып коёт же бардык варианттар боюнча суроолордун жооптору жазылган таблицаны экзамен убагында колдонушу мүмкүн;
- бланкадагы баллды эсептөөнү экзаменатор жүргүзөт, натыйжада бланканын белгилүү бир жерине коюлган белги боюнча текшерүүчү адам тиешелүү бланканы таап, атайын актай калтырылган суроолорду туура жооп менен толтуруп коюшуна шарт түзүлөт ж.б.у.с.

**Компьютердик тестирлөөдө:**

- тестирлөөчү программанын, "суроо - жооп" түрүндөгү диалог режиминин төмөнкү деңгээлде түзүлүп калышынын натыйжасында абитуриент суроонун туура жообун тапканы менен аны компьютерге киргизүүдө ката кетириши мүмкүн;
- тесттеги альтернативдүү жоопторДун аздыгынан абитуриент суроону билбей туруп туура жоопту киргизип алышы ыктымал;
- абитуриент учурдагы суроого жооп киргизмейин кийинки суроолорго өтө албайт. Ошол себептен ал оор суроого убакыттын көпчүлүгүн кетирип, кийинки суроолорго жооп берүүгө жетишпей калышы ыктымал;
- программисттер тарабынан түзүлгөн тестирлөөчү программа атайын комиссия тарабынан текшерилбесе программага туура жоопторду берүүчү ар кандай "ачкычтар" коюлушу мүмкүн. Мисалы, белгилүү бир клавишаны басканда экранга суроонун туура жообу чыгат;
- тестирлөө аякатагандан кийин абитуриент топтогон реалдуу балл компьютердин экранына гана чыгып, протоколго экзаменатор тарабынан түшүрүлөт. Натыйжада экзаменатор кагазга абитуриент алган баллды көбөйтүп жазып коюшу мүмкүн ж.б.у.с.

Жаңы информациондук технологияларды колдонуп тестирлөөнүн эффективдүүлүгү программдык каражаттардын сапатынан түздөн - түз көз каранды. Ошол себептен бул ыкманын натыйжалуулугу жана максатка ылайыктуулугу үчүн компьютердик тест үчүн түзүлгөн программаларга профессионалдык көз караш та чоң көңүл бурулушу зарыл. Мындай шартта компьютердик тестирлөө жогорудагы кемчиликтерден арылып, бланкалык тестирлөөгө жана "экзаменатор - абитуриент" түрүндөгү ыкмага салыштырмалуу бир топ артыкчылыктарга ээ болот.

**"ЭКЗАМЕНАТОР" системасы.** Ысык - Көл мамлекеттик университетинде иштелип чыккан кирүү экзамендеринин бул системасы эсептөөчү техниканы жана локалдык сетти колдонуп тестирлөөгө негизделип, мурунку системанын кемчил жактарын жоюу менен реалдуу жыйынтыктарды алууга шарт түзөт.

Экзамен тез иштөөчү серверден жана IBM 286..586/EGA/VGA сыяктуу бир нече жумушчу компьютерлерден турган, локалдык сеть орнотулган компьютердик залда өткөрүлөт. Бардык техникалык каражаттар орнотулуп, суроолордун базасы жана тестирлөөчү программалар түзүлүп бүткөндөн кийин профессионал - программисттерден, предметтер боюнча эксперттерден жана кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрүнөн турган атайын топ белгилүү убакыттын ичинде программалардын жана суроолордун тууралыгын, сапаттуулугун, обьективдүүлүгүн кылдат текшерип чыгышат. Текшерүүдөн өткөн программалардын листингдери компиляцияланып, суроолордун базасы менен чогу серверге жазылат. Ал компьютерге текшерүүчү топтун мүчөлөрү кол койгон пломба коюлуп, бул пломба бардык кирүү экзамендери аяктаганга чейин бузулбайт.

Ошентип, абитуриенттердин толук маалыматтары, суроолордун базасы, программалар, протоколдор, тестирлөөнүн жыйынтыктары жана башка информациялар бир гана пломбаланган компьютерде - серверде сакталат. Ал эми абитуриентти тесттен өткөрүүчү жумушчу компьютерлерде эч кандай информация болбойт, алар тестирлөөчү программаны, суроолорду локалдык сеть аркылуу серверден алышат дагы тестирлөө аяктагандан кийин экзамендин жыйынтыктарын серверге жиберишет. Ар бир тестирлөөдөн кийин абитуриенттин топтогон баллы жазылган кыскача протокол сеттеги принтер аркылуу кагазга басылат. Комиссия мүчөлөрү бул протоколго кол койгондон кийин анын бир экземпляры комиссияга экинчиси абитуриенттин колуна берилет. Экзамен аяктаганда жыйынтыктоочу ведомость түзүлүп кагазга басылат.

**Тестирлөөчү программа** жумушчу компьютерлерге серверден жүктөлөт. Серверде окуу жайга тапшырган абитуриенттердин толук аты - жөнүн, адистигин, группасын, тилин, тесттен өткөн - өтпөгөндүгүн аныктаган маалыматтар базасы жайланышкан. Программа тестирлөө кайсы адистик боюнча жүргүзүлөрүн аныктагандан кийин ал адистикке тапшырган, тесттен өтө элек абитуриенттердин фамилияларын серверден окуп, экранга чыгарат. Абитуриент өзүнүн фамилиясын экрандан тандоодо башка фамилияны басып албашы үчүн буга кошумча экзаменациондук баракчанын номерин да киргизүү талап кылынат. Маалыматтар базасынан тесттен өткөн абитуриенттин фамилиясы алынып ташталат, ошол себептен бир абитуриентти эки жолу тесттен

өткөрүү мүмкүн эмес. Абитуриенттин фамилиясы боюнча тесттин тили тандалып, тестирлөө кыргыз тилинде же орус тилинде жүргүзүлөт. Сервердеги базадан кокус түрдө тиешелүү предметтер боюнча суроолордун уникалдуу варианттары түзүлөт. Тандалып алынган суроолор экранга чыгып, абитуриенттин жоопту киргизүүсүн күтөт. Киргизилген жоопту бышыктоодон кийин экранга тесттин кийинки суроосу чыгат. Тестирлөө абитуриент бардык суроолорго жооп берип бүткөндө же бөлүнгөн убакыт аяктаганда токтотулуп, тесттин жыйынтыгы экранга чыгарылат, кагазга басылат жана серверге сакталат.

**Бизде түзүлгөн тестирлөөчү программа** төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ:

- программа микропроцессору i286 же андан кийинки жана видеоадаптери EGA, VGA болгон IBM персоналдык компьютерлеринде экрандын текст режимин колдонуп иштейт;

- демейде тесттин суроолорунда кездешүүчү Өө, Үү, Ңң сыяктуу тамгаларды, даража, индекс сыяктуу атайын символдорду компьютерге киргизүүдө белгилүү кыйынчылыктар пайда болот. Себеби персоналдык компьютердин текст режиминде экранга чыгуучу 256 символдун ичинде мындай символдор жок. Бирок EGA, VGA сыяктуу видеоадаптерлерде бир эле мезгилде 512 символду экранга чыгаруу жана ал символдордун "сүрөтүн" каалагандай өзгөртүп алуу мүмкүнчүлүгү каралган. Ал үчүн BIOSтун Int 10h/11- функциясын колдонсо болот. Мисалы:

```
; VGA үчүн 100 символдун сүрөтүн өзгөртүү
mov ax, seg Fonts        ; ES:BP - символдордун сүрөтү
mov es, ax               ; жайланышкан адрести
mov bp, offset Fonts     ; көрсөтүп турат
mov cx, 100              ; жүктөлчү символдордун саны
mov dx, 90               ; ушул символдон баштап жүктөлөт
mov bl, 0                ; видеоадаптердеги блоктун номери
mov bh, 16               ; матрица 9x16
mov al, 0                ; подфункция
mov ah, 11h              ; функция
int 10h                  ; жүктөө.
```

Бизде BIOSту колдонбостон, видеоадаптерлердин регистрларын түздөн - түз программалоо аркылуу экрандык символдордун түспөлүн өзгөртүүчү **редакторлор** жана ал символдорду экранга жүктөөчү, кагазга басуучу **драйверлер** иштелип чыкты. Айта кетчү нерсе кагазга басылчу символдордун сүрөтү экрандан алынат. Бул программдык каражаттар тесттин суроолорунда кездешүүчү бардык символдорду экранга чыгарууга шарт түзөт. Суроолорду компьютерге киргизүү үчүн каалаган текст редакторун колдонсо болот;

- "суроо - жооп" түрүндөгү диалог режими мүмкүн болушунча жөнөкөй түзүлдү. Экранга суроо жана жооптун бештен кем эмес варианттары чыгып, абитуриент болгону эки гана клавишаны (↓, Enter ) пайдалануу менен суроого жооп берет;

- абитуриент учурдагы суроого жооп берүүдөн кыйналса анда ал кийинки суроолорго ( ←, → клавишалары аркылуу ) же кийинки предметке ( PageDown, PageUp клавишалары аркылуу ) өтүп жана кайра

кайрылып келсе болот. Бул абитуриентке убакытты туура пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.




- тестке бөлүнгөн убакытты эсептөөдө BIOSтун таймери колдонулгандыктан компьютерлердин бардык маркаларында убакыт так аныкталат. Убакыт экрандын бурчуна көрсөтүлүп ар бир секунда сайын бирге кемип турат. Убакыт нөлгө жеткенде тестирлөө аяктайт.

Кыргыз тилиндеги жана орус тилиндеги суроолор эки башка файлдарда сакталат. Ар бир предмет боюнча суроолордун жалпы саны 2000 ден кем болбош керек. Мындай суроолордун банкын түзүү үчүн өткөн жылдардагы кирүү экзамендеринин суроолорун жана башка окуу жайларында компьютерге киргизилген суроолордун базасын колдонуу ишти тездетет. Программдык каражаттар жана суроолордун базасы шифрленип, көчүрмөсүн алуудан, өзгөртүүдөн толук корголгон.

### Адабияттар

1. Карнаухов В.М. Система контроля знаний.//Информатика и образования.- 1995.- № 6.- стр. 118-124.

2. Демушкин А.С. и др. Компьютерные обучающие программы.//ИНФО.- 1995ю- №3.- стр. 15-22.

3. Программные средства для использования в учебном процессе. //ИНФО.- 1990.- №2.- стр. 102-103.

4. Джордейн Р. Справочник программиста персональных компьютеров типа IBM PC/XT и AT.- М.: Финансы и статистика, 1992.

6. Шнайдер А. Язык ассемблера для персонального компьютера фирмы IBM.- М.: Мир, 1988.

# КЫЗЫКТУУ МАСЕЛЕЛЕРДИН МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДАГЫ МААНИСИ.

Байсалов Ж.У.,Акматова Н.С.(г.Бишкек)

Азыркы мезгилде мектеп окуучуларынын билим алууга болгон кызыгуусу төмөндөп бара жаткандыгы ото кейиштуу.Өзгөчө математиканы окуп үйрөнүүгө болгон кызыгуу азайууда.Буга бир жагынан жашоо турмуштун тез төмөндөшу көнүлдөрүн буруп ирээнжитсе,экинчи жагынан көптөгөн окуучулар бул илим жөнундө туура эмес ой жугуртушуп алар математика десе эле өздөрү жагымсыз деп эсептеген сырдуу тригонометрия же логорифма же андан да түшунуксуз прогрессия менен табышмактуу квадраттык үч мүчөнү элестетишет.Окуучуларга ар бир кадамыбыз математика менен байланыштуу экендигин тушундуруп,кичинекей математика дүйнөсүнүн эшигин ачууга аракет кылалы. Анын ар түрдүү жолдору бар.Чындыгында адам бир нерсеге кызыкса, аракет кылса дайыма ийгиликке жетет.Ошондуктан окуучулардын математикага болгон кызыгуусун ойготуу мугалимдин бирден-бир негизги максаттарынын бири болот.Өзүбүздүн билдирүүбүздө ошол жолдордун бири катары кызыктуу маселелерди чыгартуу жөнундө ой бөлушөбүз.

Кызыктуу маселени чыгартуу менен тапкычтыкты,зиректикти, ар бир сөзду ойлонууга,башкалары менен салыштырууга,алардагы окшоштуктарды,өзгөчөлуктөрдү көрө билүүгө,туура,ирээти менен логикалык ой жугуртүүгө көнүктүрөбүз.

Ал эми жергиликтүү элдин өзгөчөлүгүн эске алуу менен б.а. каада-салтын,үрп-адатын жана башка жактарын камтыган маселелер окуучулардын көнүлүн ого бетер буруу менен берилген маселени чычыгарууга бардык кучун жумшап аракет кылууга өбөлгө көрсөтөт.Кээ бир кызыктуу маселелер көп кылымдык элдин тарыхын камтып, математиканын турмушка жакындыгын көрсөтүп,окуучулардын математикага болгон кызыгуусун кучотуп катылуу жаткан сезимин ойготууга жардам берет.

Кызыктуу маселени баш аламан туш келди,максатсыз чыгарта берүү эч бир жакшы натыйжа бербейт.Анын өтулуп жаткан темага байланыштыруу талапка ылайыктуу.Ошону менен бирге кызыктуу математика-

лык маселелерди сабактын кээ бир учурларында окуучулар чарчап сабака көнул бурбай калган учурларда классты жандандыруу,окуучу-ларды сергитип эс алдыруу максатында колдонсо,окуучулар сабакты терең жана бекем кабыл алат.

Кээ бир маселелер тендеменин жардамысыз эле ой жүгүртүү менен чыкса,кээ бири жасалма жолду талап кылып теңдеме жана теңдемелер системасынын жардамы менен чыгат.Мында математикалык маселени эне тилден символдор тилине которуу менен берилгендер аркылуу тендеме түзө билууго үйрөтүү көнүлдүн борборунда болуу керек.Чыгаруунун ыңгайлуу жолун анын берилиш шартына карап мумкун болушунча жөнөкөй жана кооз жолун тандап алабыз.Маселелерди чыгартуу байкоо жүргүзүүнү, жөнөкөй изилдөөлөрдү өз алдынча иштөөгө баштапкы багыт берүү менен математикага кызыккан окуучунун жеке эле билим денгээлин,ойлоп тапкычтыгын,ан-сезимин,акылын өстүрбөстөн кругозорун да кенейтүүгө көмөктөшөт.

Жогоруда айтылгандарды ырастоо максатында төмөндөгүдөй кызыктуу  маселенин мазмунуна жана чыгарылышына көнул бөлөлү.Аны эне тилден символдор тилине которуудан баштайлы,бул маселе тапкычтыкты,баамчылдыкты,ойлонууну талап кылуу менен кызыгууну да пайда кылат.Күтүлбөгөн  жыйынтык таң-калдырып жообун табууга аракет кылышат деп ойлойбуз.

Маселе:Өткөн заманда бир бай койун кайтартып,үй жумушун жасатуу учун малай жалдап,ага бир жылдык акысы учун он эки сом жана өзүнүн эски,жаман чепкенин бермек болот.Бирок малай жети ай иштегенден кийин байдын жана байдын аялынын,балдарынын запкысына чыдабай кетүүгө аргасыз болот.Малай байдан тиешелүү акчасын жана чепкенди берүүсүн сурайт.Сараң бай эмне кылар айласын таппай же акыны бербей коё албай ойлонуп,эсептеп малайга беш сом жана чепкенди берип жолго салды.Буга малай да макул экенин билдирди.Малайдын бир айлык эмгек акысын тапкыла.

Чыгаруу: Чепкендин баасын X деп алсак анда бир айлык акы

$\frac{12+x}{12}$ болот. Малай жети ай  иштегендиктен бир айлык акысы

$\frac{5+x}{7}$ .Демек ушул туюунтулгандарды пайдаланып тендеме түзсөк биз издеген чепкендин баасын жана малайдын бир айлык акысын табабыз.

$$\frac{12+x}{12} = \frac{5+x}{7}$$

$$7(12+x)=12(5+x)$$

$$x = 4.8$$

Чепкендин баасын таптык 4 сом 80 тыйын болду. Эми чепкендин баасын жогорудагы туюнтулгандагы x тин ордуна койсок бизге белгисиз болгон малайдын бир айлык акысын тапкан болобуз.

$$\frac{12+4.8}{12} = 1.4$$

$$\frac{5+4.8}{7} = 1.4$$

Жообу: Малайдын бир айлык акысы I сом 40 тыйын болгон.

# КЭЭ БИР ТРИГОНОМЕТРИЯЛЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИ ЖАНА БАРАБАРСЫЗДЫКТАРДЫ ГРАФИКАЛЫК МЕТОД МЕНЕН ЧЫГАРУУ.

Асылбекова К. (г.Бишкек)

Тригонометриялык теңдемелерди жана барабарсыздыктарды графикалык метод менен чыгаруу, аналитикалык методго караганда тамырларды жеңил табууга мүмкүнчүлүк түзөт. Тригнометриялык өзгөртүп түзүүлөрдө, өзгөчө техникалык навыктар талап кылынбайт, материалдын теориялык жагын көрсөтмөлүү демонстрациялаганга мүмкүнчүлүк түзөт.

Чекиттердин абсциссасы, ординатасы, графиктик координата октору менен кесилиши, же башка графиктер менен кесилиши жогорку тактыкта аныкталбагандыктан, теңдемени графикалык метод менен чыгарууда тамырлардын жакындаштырылган мааниси алынат. Ушуга карабастан практикада, графикалык метод менен алынган чыгарылыш, толук жетиштүү.

Төмөндөгү теңдемени чыгаруу зарыл болсун дейли:

$$L(\cos t, \sin t) = 0 \qquad (1)$$

Мында $L(x,y)$ - x жана y өзгөрүлмө чоңдуктарынан көп мүчө.

Чыгаруунун идеясы:

Теңдемени $\cos^2 t + \sin^2 t = 1$ менен толуктап, $x=\cos t$, $y=\sin t$ белгилөөлөрүн киргизип, $L(x,y) = 0$ жана $x^2 + y^2 = 1$ теңдемелерден турган системаны графикалык метод менен чыгаруу.

$L(x,y)$ менен бирдик тегеректин кесилишкен чекитин алабыз, (эгер кесилишкен чекити бар болсо) координаталарын табабыз. Бирок, мунун эч кандай зарылчылыгы жок. (1) теңдеменин тамырларын табуу үчүн, графиктердин кесилишкен чекитинин радиус векторлору менен OX огунун оң багытынын арасындагы бурчтарды ченөө жетиштүү.

Демек, чыгарылышты транспортирдин жардамы менен алабыз.

$$t \sim \alpha_1 \; ; \; t \sim \alpha_2$$

Мында, графикалык чыгарылыш айрым гана чыгарылыш экендигин эскерсек, толук чыгарылыш алуу үчүн, тригонометриялык функциялардын мезгилдүүлүгүн эске алуу зарыл.

Анда (1) теңдеменин акыркы жообу

$t \sim \alpha_1 + 360\ n; \quad t \sim \alpha_2 + 360\ k; \quad n, k \in Z.$




(1- сурет).

Төмөндөгүдөй мисал келтирели:

$$1.\ \cos t = 2^{\sin t} - 1 \qquad (2)$$

теңдемени карайлы.

$\cos t - x$, $\sin t - y$ менен белгилеп, жардамчы $\begin{cases} x = 2^{y} - 1 \\ x^2 + y^2 = 1 \end{cases}$

киргизебиз. Бул системаны өзгөртүп түзүп, төмөндөгү системаны алабыз:

$$\begin{cases} y = \log_2 (x+1) \\ x^2 + y^2 = 1 \end{cases}$$

$y = \log_2 (x + 1)$ функциясынын графиги менен бирдик тегеректин кесилишкен чекитинин радиус-векторлорун жүргүзүп, $t \sim -117^\circ$, $t \sim 48^\circ$ алабыз. Мезгилдүүлүктү эске алып: $-117^\circ + 360^\circ n$; $48^\circ + 360^\circ k$; $n, k \in Z$.




6 - сурет.

2. $8\,tg\,t - 4\,ctg^2 t - 4\,ctg\,t + 23 = 0$ (3)

теңдемени карайлы.

$x = ctg\,t$, $y = tg\,t$ белгилөөлөрүн жүргүзүп:

$8y - 4x^2 - 4x + 23 = 0$ (4)

теңдемесин алабыз. (4) теңдемени өзгөртүп түзүп, $y = 0{,}5\,(x + 0{,}5)^2 - 3$ түрүнө алып келебиз. $ctg\,t \cdot tg\,t = 1$ теңдештикти эске алып, $\begin{cases} y = 0{,}5(x + 0{,}5)^2 - 3 \\ x\,y = 1 \end{cases}$

системаны графикалык жол менен чыгарабыз.

$t \sim -71^\circ$; $t \sim -20^\circ$; $t \sim 25^\circ$

мезгилдүүлүктү эске алсак: $-71^\circ + 360^\circ n$, $-20^\circ + 360^\circ k$, $25^\circ + 360^\circ m$, $n, k, m \in Z$.







в - сүрөт.

3. $8\cos^3 t - 14\cos^2 t + 6\cos t - 2\sin^2 t + 8\sin t - 3 \geqslant 0$

Мында $\sin^2 t$ ты $1 - \cos^2 t$ менен алмаштырып, белгилөө жүргүзөбүз.

Барабарсыздык $y > -(x - 0{,}5)^3 + 0{,}5$ түргө келет.

$\begin{cases} y > -(x - 0{,}5)^3 + 0{,}5 \\ x^2 + y^2 = 1 \end{cases}$ системаны графикалык түрдө чыгарабыз. Бирдик айлананын жаасы бул системанын чыгарылышы болот. Бул жаанын ар бир чекитинин радиус-векторлору менен OX огунун оң багыты менен түзгөн бурчтардын чоңдугу $[\,26^\circ;\ 106^\circ\,]$ аралыгында өзгөрөт.

Мезгилдүүлүктү эске алсак $t \in [\,26^\circ + 360^\circ k;\ 106^\circ + 360^\circ k\,]$; $k \in Z$.

# МААЛЫМАТТАР БАЗАСЫН ОКУТУУДАГЫ АЙРЫМ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

А.Омурбеков ( г.Бишкек)

Биз жашап жаткан коомдо адам-баласы ото тездик менен осуп бара жаткан маалыматтардын агымынын каршылыгына туш болуп , аны ЭЭМдин жардамысыз иштетуу , оз убагында пайдалнуу мумкун болбой бара жаткандыгы белгилуу . Бул багытта биздин олкодо да эл чарбасынын ар кандай тармактарын автоматташтыруу , роботтоштуруу максатында олкону компьютерлештируу программасына ылайык алга жылаарлык иштер жасалууда .

Жакынкы жылдарда негизинен чон , орто , кичи ишканалар , уюмдар жана окуу жайлар персоналдык компьютердин (ПК) негизинде ар кандай денгелде автоматташтырылат деп айтууга толук мумкунчулук бар. ПК негизинде автоматташтыруу адамдардын иш жондомдуулугун жогорку денгелге которот , маалыматтарды жаны "информациялык технологиянын" базасында иштоого уйротот.

Илим-билим беруу тармактарында келечектин адистерин даярдап чыгаруу, аларды жаны "информациялык технологиянын" базасында компьютердик-сабаттуулукка уйротуу проблемасын чечуу бугунку кундун кечиктирилгиз талабы десек жанылышпайбыз.

Жакынкы эле жылдарда мекемелердин ар кандай иштерин автоматташтырууда ДВК , Роботрон, ж.б. тибиндеги ПК , ошондой эле программалоочу тилдерден Паскаль,Бейсик , Кобол , ПЛ , ж.б. пайдаланылган.

Бирок азыркы учурда булардын ордуна IBM тибиндеги ПК жана онуккон аппараттык программалык каражаттар менен камсыз болгон атайын автоматташтырууга арналган dBASE базасында (dBASE-!!! Plus,Fox Base,Clipper, ж.б) реляциондук маалыматтар базасын башкаруучу системалар (МББС) пайда болду.

Бул каражаттарды колдонуп автоматташтырылган башкаруучу системаларды (АБС) тузуу жана пайдалануу боюнча адистердин катары осуудо. Аларды негизинен уч группага болууго болот:

-- программисть-профессионалдар . Булар МББС инструменталдык каражаттарын толук оздоштуруп АБС заказ боюнча иштеп чыгуучулар ;

-- жонокой-программисттер . Булар МББС программалоочу тилдерин уйронуп , жонокой маселелерди чыгарууга такшалгандан кийин АБС ото татаал эмес маселелерин чечуудо озулоруно керектуу маалыматтар базасын (МБ) тузуучулор ;

--колдонуучулар . Бул группадагы адистер ПКде МББС колдонуп иштелип чыккан АБС атайын жазылган колдонмо-инструкциялардын , меньюлардын , интерфейстердин жардамы менен пайдалануучулар .

Информатика сабагынын башка сабактардан озгочолугу эсептоо техникаларынын жана программалык каражаттардын этап боюнча ылдам осуп жаныланышын да , ага карата "информациялык технологиянын " озгорушундо . Ошондуктан информатика сабагын озгочо МБ жогорку денгелде терендетип окутуш учун окуу программасы , окуу каражаттары жана окутуунун методикасы да этап боюнча жаныланып , оздоштурулуп

турушу зарыл .Демек негизги максатыбыз болгон керектуу адистерди даярдаш учун окуу процессин компьютерлештируу , анын окуу базасын тузуу ,окуу жайынын жалпы коллективинин биргелешкен эмгегине айланыш керек

Информатика сабагы боюнча МБ атайын окуу курсу катары отулушунун зарылчылыгы окуучуларды учунчу жана экинчи группадагы адистиктин денгелине жеткируу , келечекте программисть--профессионалдардын катарына кошулушуна шарт тузуу б.а. адис болуунун циклдик узгултуксуз системасын( окуу билим алуу), оздоштуруу,такшалуу , колдонуу ) туура пайдалануу .

МБ автоматташтырылган информациялык системанын (АИС) эн негизги элементи жана маалыматтардын жыйындысы ал томондогудой сапатка ээ:
--интеграциланыш , системанын жалпы маселелерин чыгаруу учун;
--модельдуулук б.а. реалдык дуйнонун чагылдырылышы жана структуралуулугу ;
--оз ара байланышы ;
--маалыматтардын жазылышынын оз алдынчалыгы б.а. прикладдык программадан
коз каранды эместиги .

МБ менен МББС бирге аппараттык каражатты тузот.

Бул курсту окутуш учун томондогудой окуу базасы тузулуш керек:
--техникалык каражат . IBM-тибиндеги персоналдык компьютерлер(IBM,PC XT/AT, IBM 286-486 ж.б.) жана PC/MS-DOS аракеттенуучу системасы 2.00 --версиясынан жогору
--негизги программалык каражат (РМББС:dBase III, FoxBfse, Clppez, Kazat-m);
--окутуп уйротуучу программалык каражаттар жана атайын тузулгон программалык каражаттар(озубуздо иштелип окуу процессинде жана чарбалык иштерге пайдаланып жаткан практикалык мааниси бар маселелер , подсистемалар жана системалар ( зарплата ,АСУ-Абитуриент , STUD-МБ , ж.б);
--Лабораториялык иштер ( атайын тандалып алынган турмуштук мааниси бар маселер ) .

МБ окутуунун татаалдыгы жана анын бутундугун эске алып , окуу программасын эки семестрге пландаштырып , окуу жукторун томондогудой катышта болуштурулсо жакшы эффект берет деп ойлойбуз :
--35 -- 40% лекцияга ;
--5 -- 10 % практикага ;
-- 40-- 50 % лаборотиялык иштерге ;
-- 5 -- 10 % жыйынтык ;

Бул иште МБ -- окутуу процесси боюнча кыскача ыкмасына токтолобуз . Ар кандай системаны информациялык система катары кароого болот, ошондой эле ал белгилуу бир информациялык технологиянын негизинде иштейт , жашайт . Ал эми информациялык технологияга бардык тузулуштор , каражаттар жана МБ тузуу, башкаруу , пайдалануу методдору кирет. Ошондуктан МБ окуутуда аны бир конкреттуу атайын тандалган предметтик чойрого , анын проблемаларына байланыштырып окууту зарыл .

Окуучулардын билиминин эффективдуулугун которуш учун берилген курсту окутуунун технологиясы болуш керек.б.а. лекция ,практика , лаборотиялык иштерди бири-бири менен байланыштырып ,оздоштуруп , жыйынтык чыгарылышы керек .

Лекциядан : МБ деген эмне? анын турмушта колдонушу , моделдери жана озгочолуктору, алардын устунон жургузулучу амалдар менен , МБ башкаруучу системалар (МББС) жана анын башка программалоочу тилдерден озгочолугу , АБС тузуудо колдонулушу, МБ тузуу жана башкаруу,колдонуу этаптарында негизги командалар- ды колдонуу эрежелерин , ошондой эле АБС проектисин тузуу этаптары боюнча билим алышат.

Практика сабагында окуучулар даяр иштелип чыккан АБС боюнча программалык пакеттер менен таанышып колдонуучу катарында системаны ПК иштетип машыгышат.

Лабороториялык иш боюнча конкреттуу предметтик чойрого байланыштырылган турмуштук мааниси бар жонокой маселелер тандалып , болунуп берилиши керек. Ар бир окуучу озуно тиешелуу жекече МБ тузуп , башкарып жана пайдаланып жыйынтыгында автоматташтыруунун чакан проектисин тузуп чыгышына шарт тузуш керек .

Жыйынтыгында ар бир окуучу озунун чакан МБ бири-бирине демонстрациялап корсотуп , МБнын эн негизги касиети болгон интеграциялоо этабын буткорушот ,б.а. берилген предметтик чойро боюнча жалпы МБ тузуп, бир системага кошуп пакеттик программалык каражат катары ПКнын эсине жазып бутурушот.

Бул курстун негизги озгочолугу болуп окуучулардын информатика сабагы боюнча алынган билимин дагы жогорулатып, келечекте пратикалык иштеринде колдонуп кетуусуно жол ачат деп ишенебиз

**Колдонулган адабияттар :**


1. А.Я.Савельев и др . ПК для всех. Создание баз данных. М."Высшая школа" , 1989г
2. Р. Крамм СУБД DBASE III и DBASE II . М."фин. и статистика " , 1989г
3. Бирт. Н. Алгоритм и сруктура данных . М."Наука" , 1989г
4. Мартин .Д.Ж. Организация баз данных в вычислительных системах "Мир" , 1980г
5. Брябрин В. М. Прогаммное обеспечение персональных ЭВМ . М. "Наука" , 1989г

# МАТЕМАТИКА БОЮНЧА ТУШУНУКТУ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

Майлиев Ш.М. , Эгембердиева Н.,Базарбаева М ( г. Бишкек )

Азыркы учурда, коомдун мүчөлөрүнүн өз аң-сезиминин өнүгүш доорунда, жеке адамдын интелектуалдык жана духовный талабынын өнүгүшүн максималдуу канааттандыруу багытында жаңылоонун жүрүшү орто мектепке да тиешелүү.

Мында эң алдынкы планда окутууну жекелештирүү окуучунун шыгын жана жөндөмдүүлүгүн өстүрүүнүн оптималдуу проблемаларын алдынкы планга көтөрүү болуп саналат.Бул милдеттерди чечүүнүн келечеги билим берүүнү гумандаштыруу аркылуу аныкталышы,мектеп реформасынын негизги багыттарынын бири катары каралып жатат.Мурунку учурда мектептин алдына бардык жактан өнүккөн адамды калыптандыруу милдети коюлуучу.Ал талап гумандаштыруу багытында,реалдуу болбой калды.Анткени анда окуучулардын өзүлөрүнүн ички талаптары жеткиликтүү эсепке алынбайт.(И.Бекбоев.)

Анда окуу процесинде, ар бир окуучунун өзүнүн кызыкчылыгын, шыгын, башкача айтканда, анын реалдуу мүмкүнчүлүгүн козгоо, аны эсепке алуу багытында билим берүүнүн максатына так жетүүнү чечүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелери болуп жатат.Мындан математиканы окутуунун методдорун азыркы учурдун талабына ылайык келе тургандай ыкмаларын табуу же аны методикалык жактан кайра иштеп чыгуу маселелерин чечүүнүн зарылчылыгын байкайбыз.Бул дентээлге жооп бере турган методдорду жакшыртуу же кайра иштеп чыгууда психологиялык,педагогикалык илимдердин табылгаларына таянып,математиканы окутуунун традициялык тажрыйбасына,дидактиканын жаңы идеяларын жана из-

денгич мугалимдердин тажрыйбаларын сын көз менен карап түшүнүүгө жана түзөтүүгө кез каранды. [3,59]

Бизге белгилүү ар түрдүү изилдөө иштеринде сунуш кылынган ыкмаларга карабастан , азыркы учурдун талабына ылайык окутуунун сапатын жакшыртуу зарылчылыгы улам барган сайын актуалдуу маселелерден болуп жатат. Ошентип окутуунун традициялык ыкмаларындагы жакшы жактарын кеңейтүү , кемчиликтерин четтетүү маселелерин сын көз менен караганда, окутуу процессинде төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөрдү жолуктурабыз. [1,42]

Мугалим окуучуга тигил же бул маалыматты калыптандыруу максатында окутуунун ар түрдүү формаларын (сабактын бир канча түрлөрүн) өз тажрыйбаларында (билгичтикте , чыгармачылыкта өтүүнү уюштуруунун негизинде) иш жүзүнө ашыраары бизге белгилүү. Атап айтканда ар түрдүү формадагы лекциялык,жарышуу-эстафета,практикалык сабактарды өткөн учурда да бир жактуу (мугалимден-окуучуга) байланыш түзүлүп, экинчи жактуу тескери (окуучудан-мугалимге) байланыш өз деңгеелинде түзүлбөйт. Мындан мугалим түшүндүрүп берүү менен гана чектелип ар бир окуучунун өз темпинде(реалдуу-мүмкүнчүлүгүнө карата) алардын кандай деңгеелде өздөштүргөнүн билүүгө жана системалуулукта билим текшерүүгө шарт түзүлбөгөнүн байкайбыз

Мугалим окуу процессин жакшыртуу максатында көп убактысын рационалдуу пайдалана албайт. Мисалы, окуучулардын дептерлерин текшерүү үчүн канча убактысы кетээри белгилүү. Бир эле суроону бир канча окуучудан сурайт, аны угуш үчүн көп убактысы кетээри да маалим ж.б.

Мына ошентип биз окуу материалын окуучуларга түшүндүрүүдө (аны калыптандырууда) мугалимдин гана чыгармачылыгын талап кылып окуучунун чыгармачылыктагы кабыл алуусун биринчи катарга койбой экинчи катарга калтырганыбыз, мугалимдердин убактыларынын үнөмсүз пайдаланылганын мүнөздөйт.

Окуу китептери негизинен окуучулар үчүн жазылганын эске алганыбызда маалыматтын кеңири сунуш кылынышы, андагы таяныч түшүнүктүн ачылбагандыгы, өзүн-өзү текшерүү жактарынын дагы толук чечиле албагандыгы байкалат. Окуу китеби ар бир окуучунун өз билим деңгээлине ылайык келбей өз алдынча иштөөлөрүнө кыйынчылык туудурганы, алардын өзүлөрүнүн өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнө, иштөө темпине ылайык шарт түзүлбөй жатканы ж.б. жөнүндөгү кыйынчылыктардын бар экенин ачык эле айта алабыз.

Мына ошентип окуу процессиндеги кемчиликтердин бар экендиги белгилүү. Муну жоюунун, аны жакшыртуунун үстүндө бир катар изилдөөлөр жана алдыңкы тажрыйбалар практикада колдонулуп жатат. Ошондой болсо дагы ал проблемалар толук чечиле электигин, улам барган сайын дагы аны жакшыртуунун зарылчылыгынын курч мүнөзгө ээ болуп жатканын иш тажрыйба көрсөтүүдө. Мунун негизги себептеринин бири жогоруда эскертилгендей коомдун өсүшүнөн келип чыккан талаптардын натыйжасында ага карата адамдардын аң-сезиминдеги өзгөрүштөргө (анын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө) байланыштуу. Ошентип окутууну жакшыртуу талаптарынын келип чыгып жатышы табигый иш.

Окутуунун алдыңкы тажрыйбаларынын ичинен айрыкча азыркы учурда актуалдуу болгон маселелердин айрымдары дифференциациялап окутуу жана дидактикалык тесттин жардамы менен окуучулардын билимин системалуулукта текшерип туруу болуп саналат. Биз жогоруда окутуунун орто темпинин универсалдык боло албаганын баса көрсөттүк. Ал эми ошол кемчиликти жоюунун бирден бир, эң негизги ыкмаларынын бири - бул окуу процессин дифференциациялап окутуу боло турганын көп жылдык тажрыйбалар жана турмуш өзү аныктап жатат. [7,2,3,6,5]

Азыркы учурда окутуу процессинде окуучунун реалдуу мүмкүнчүлүгүнө, жөндөмдүүлүгүнө, кызыгуусуна өзүнүн темпине ылайык түшүндүрүү талап кылынат. Психологиялык-педагогикалык илимий изилдөөлөрдүн негизинде дифференциациялап окутуунун теориялык жактары ачылууда. Анда дифференциациялап окутуу негизинен ички жана сырткы болуп экиге бөлүнөт. Сырткы дифференциациялап окутуу профессионалдык жана тереңдетип окутуу элективный жана селективный болуп экиге бөлүнө турганы негизделинүүдө. Бул багытта республикада бир катар иштердин жүрүп жатканын билебиз. Атап айтканда математикалык класстар, мектептер, гимназиялар, лицейлердин райондордо, республикарда ачылышы. Ал эми бул баскычка карата жер-жерлерде массалык мектептерден даярдоо иштери жеткиликсиз чечилүүдө.

Бул маселени чечүү ички дифференциациялап окутуу маселесин чечүүгө көз каранды экенин жогоруда эскертилген зарылчылыктардын негизинде айта алабыз. Мисалы тажрыйбада ар түрдүү тапшырмалар жазылган карточкалар сабакта колдонуу менен гана чектелүү учурлары көп жолугат. Ал эми мында окуучулардын реалдуу мүмкүнчүлүгүнө (өз темпи менен өз алдынча иштөөсүнө) карата шарт түзүү жактары көп эске алынбайт. Ошондуктан сырткы дифференциа-

циялап окутуунун негизин (фундаментин) түзүү үчүн ички дифференциациялап окутуунун чечилиши зарыл. Тактаганда, ар бир сабакта окуучулардын реалдуу мүмкүнчүлүгүнө карата деңгээлдеп окутуу, алардын билимин деңгээлдеп текшерүү бүгүнкү күндүн негизги талаптарынын бири. [6,1,8,10,5,7]

Биз баяндообузда өзүбүздүн 1989- жылдан бери шаардагы 64,69 мектептерде иштеген иш тажрыйбаларыбыз жөнүндө жана биз иштеген институттун (азыркы Арабаев атындагы педагогикалык университеттин) студенттери-бүтүрүүчүлөрү менен бирдикте дипломдук иш жазууга чейин иштелип жаткан иштерди жалпылоо максатта сөз козгомокчубуз. Математикалык түшүнүктөрдү окуучуларга калыптандыруу үчүн биз тараптан сунуш кылынган методикалык идеяны ортого салалы.

Бизге белгилүү, түшүнүктү калыптандыруу үчүн негизинен ар бир сабак-түшүндүрүү, бышыктоо,өз балдынча иштетүү-үй тапшырма жана алган түшүнүгүн текшерүү этаптардан турат.

Сабакты өтүүдө анын этаптарын же жалпы эле окутуу процессин жакшыртууда жогоруда эскертилген мүчүлүштүктөрдү четтетүү үчүн, ар бир окуучунун ички муктаждыктарын канаттандыруу алардын иштөөсүн өзүлөрүнүн реалдуу мүмкүнчүлүгүнө карата кабыл алуусун жекелештирүү жактары негизги ролду ойноосу зарыл. Анда өз алдынча ой жүгүртүүсү, чыгармачылык демилгелүүлүгү, аң сезимин козгоо(дүүлүктүрүү),өзүнүн өзүнө ишенгендиги , өз мүмкүнчүлүгүнө карата аң сезимдүүлүктө сапаттуу билимге ээ болуу, өзүн-өзү текшерүү, ага сын көз менен кароо, бири-бирине жардамдашуу ж.б.сыяктуу окутуунун, тарбия берүүнүн компоненттеринин ишке ашырылышына муктаж. Ушул муктаждыкты чечүү багытында окутуунун атайын компоненттеринин комплексин сунуш кылууга туура келди. Бул методикалык идеянын сабак өтүүдө, түшүнүктү калыптандырууда,жогоруда айтылган окуусунун компоненттерин иш жүзүнө ашыруу негизги ролду ойной турганын тажрыйба аныктоодо. Мында окутуунун компоненттери (таяныч түшүнүк,таяныч конспекти,жумушчу көнүгүү жана өз билимимди баалайм) бири-бири менен органикалык байланышта болгондуктан алар комплексте колдонуунун зарылчылыгын туюнтат.

Бул методикалык идеяны тажрыйбада негизинен эки багытта иш жүзүнө ашыруу ылайык экенин байкадык. Биринчиси даяр жазылган окуу китептеринин экинчиси атайы ал идеяга ылайык жазылган окуу куралынын негизинде ишке ашырылышы мүмкүн.

Бул багыттагы айрым көз караштар басмада, ар түрдүү формадагы жыйындарда с... ого алынып, окуу каражаты даярданууда.Анын баалулугу анализделип жатат.

Жогорудагы айтылган методикалык идеянын негизинде, окуучулардын студентердин(реалдуу мүмкүнчүлүгүнө карата ) ички муктаждыктары белгилүү деңгээлде канааттандырылат;алардын өз алдынчалыгы , чыгармачылыгы, демилгээлүүлүгү, жоопкерчилиги жогорулап, маалыматты (жекелештирүү багытында) калыптандыруу маселелеринин чечилишине жана мугалимдин убактыларынын максаттуу үнөмдүү пайдаланышына ыңгайлуу шарт түзүлөөрүн тажрыйбадан байкадык.

Мындан, окутуу процессинин темпи тездештирилип, анын сапаты жакшыргаарын байкоо кыйын эмес.

Адабияттар:

1. БекбоевИ. Научные основы разработки и обучения решению задач в системе непрерывного математического образования. Б.1994.

2. Бекбоев И. Сущности теории поэтапного формирования умственных действий. Эл агартуу. 1979 №3.

3. Педагогический поиск. М. 1987.

4. Дидактика средней школы. Под.ред. Скаткина. М. 1982.

5. Майлиев Ш. Алгебра курсунда программаланган окуунун элементтери. Мектеп, 1976.

6. Капиносов А.В. Уровневая дифференциация при обучении математике в V-IX классах" МВШ №5 1990.

7. Майлиев Ш., Абдиев А., Камчыбекова К., Искендерова А., ж.б. "Колдонулуп жаткан окуу китеби аркылуу VII класста математиканы окутууну дифференциалоо"

8. Математика в школе. №3,6-19988, №4,5-1987, №3-1989, №3-1990, №3-1991.

9. Майлиев Ш. Математиканы окутуудагы айрым маселелер, Эл агартуу № 1990.

10. Эл агартуу №12 1980, №3-1988, №12-1989.

# МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА ПРОБЛЕМАЛЫК ОКУТУУНУН ЫКМАЛАРЫ.

Ыбыкеева Ж.

Проблемалык окутуунун идеясы жаңы идея эмес.б.а. окуучулардын алдына коюлган тигил же бул суроонун өзү эле кандайдыр бимр өлчөмдө проблема. Бирок азыркы учурда мектепте математиканы окутууда проблемалык окутуу өзгөчө мааниге ээ болуп жатат. Эгер буга чейин проблема деп жалпы класска коюлган суроо менен жалпы маселени чече турган болсок, азыр проблеманын, окутуунун өзгөчөлүктөрүнө ылайыкпроблеманы коюу да өзгөчө изилдөөчү мүнөздө коюлат. Эгер сабакта бардык окуучулардын активдүү иши болсо, же болбосо маселе иштөөдө белгилүү билим гана талап кылынбастан, белгилүү бир ой-жүгүртүү, тапкычтык дагы талап кылынса, ошондо гана ал сабак эффективдүү деп айта турганыбыз белгилүү.

Проблема-бул белгилүү бир ыкмаларды, аныктоо, эрежелерди тапкычтык менен колдонуп алдыга коюлган маселени(суроону) чечүү деген болот. Проблема жалпы класска, ошондой эле окуучуларга да коюлат. Жекече окутуу проблемасы начар, жакшы окуган окуучуларга, алардын жөндөмүнө жараша берилет. Мисалы: 5-кл. ар түрдүү белгидеги сандарды кошуу деген тема боюнча мугалим төмөндөгүдөй учурларды карооңу пландаштырды дейли:

а) а+(-в) б) (-а)+(-в) в) (-а)+в г) а+в

мындан а, б-учурларын жалпы класска түшүндүрүү. Класстагы алдыңкы окуучуларга амалды сан түз сызыгында аткаруунун принциби түшүнүктүү болот. Анда калган учурлар (в, г) башка окуучулар үчүн проблема - чечүүгө керек болгон проблема болуп калат. Мындай болгон учурда мугалимдин түздөн-түз жетекчилигинин алдында төмөнкү деңгээлдеги окуучулардын жалпы класстык ситуацияга чейин алып келүү керек. Демек ал окуучулар (-а)+в, а+в түрүндөгү мисалдарды иштөөнүн жыйынтыгына өздөрү келген болот жана ушуга окшогон проблемаларды чечтире билүүгө үйрөтүү алардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүп, билим алуудагы канааттануу сезимин берет. Ушуну биз проблемалык окутуунун биринчи түрү дейли. Экинчи түрү класстагы окуучулар бир эле мазмундагы окуу проблемасынын негизинде бирдей бирок ар түрдүү оордуктагы проблемаларды чечишет.

Ушунун өзү праблемалык материалды жалпы окуучуларга коюлган талапта өздөштүрүүгө же аны дагы тереңирээк өздөштүрүүгө керек экендигин белгилейт б.а. окутууну дифференциялоого мүмкүнчүлүк түзөт. Муну биз азыркы учурда мугалимдердин ишинде кеңири практикаланып жүргөн таратып берилүүчү (карточкалар) материалдарга байланыштырып карелу. Карточкалар көпчүлүк учурда окуучуларга коюлуучу бааларды топтоодо, айрым окуучуларды бош отургузбоо үчүн ж.б. болуп жаткан максаттар үчүн колдонулат.

Окуучуларга алардын күчү жете тургандай таанып билүү маселелерди өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгүн берүү зарыл. Ал оор болобу же жеңил болобу, таанып билүүгө берилген маселе проблема деп түшүнүүгө болот. Окутуунун проблемалуулугу кадимки информациялык айтып берүүгө караганда өзгөчө маанилүү, себеби, биринчиден түшүндүрүүнү далилдүү кылып, кабыл алууда ой-жүгүртүүнү пайда кылат, ошону менен билим ишенимге айланат. Экинчиден проблемалык окутуу илимий, диалектикалык ой-жүгүртүүгө үйрөтөт, ал илимий и...дөөнүн эталону болот. Үчүнчүдөн проблемалык окутуу эмоционалдуу, демек окууга болгон кызыгууну жогорулатат. Ушул айтылгандардан проблемалык ситуацияны сабактын бышыктоо этабында гана эмес, жаңы түшүнүктү берүүдө түзүү, ошонун негизинде дифференцияланган проблема максатка ылайык экендигин көрүүгө болот.

Эми проблемалык окутуунун үчүнчү түрүнө жалпы класстык проблеманы чечүүнүн жыйынтыгын коллективдүү талкуулоону алалы.
М: мугалим далилденөн турган аныктоонун, касиеттин, эрежөнин же теореманын формулировкаланышын алды менен так ачык айтып берди. Андан кийин далилдөөнү эвристикалык метод менен жүргүздү. Мындай далилдөө процессинде окуучуларды ойлонто турган шарт түзүлгөнү менен проблема толук коюлган жок. Жалпы класска мындай учурда проблема коюш үчүн алыны турган жыйынтыкка келтире турган касиеттердин же катыштардын, айрым компоненттердин далилдене турган обьектиде аткарылышын текшерүү сунуш кылынат. Ал сунуштар пландуу түрдө, окуучулардын ой-жүгүртүүсүн багыттап гана турат.

Натыйжада окуучулар өздөрү жыйынтык-аныктоо, эрежелерди чыгарышат. Эң аягында мугалим толук жыйынтыктын так формулировкасын берет.

М: Параллелограммдын касиеттери алардын чыгуучу натыйжалары

менен өтүлгөндөн кийин ромб жөнүндө түшүнүк киргизип, ага аныктоо берүү керек дейли. Демек түзүүдө болсо бул төрт бурчтук ромб параллелограмм болобу? деген суроо коюлат. Окуучулар параллелограммдын касиеттеринин аткарылышын текшерип, туура жооп беришет. Анда ар кандай параллелограммды ромб дейбиз?



1-чийме

Окуучулардын чыгарган эрежелерин, аныктоолорун жыйынтыктап ромбго аныктоо берүүгө болот. Мында окуучулардын жалпы активдүүлүгү, коюлган проблеманы чечүүсү алардын жаны түшүнүктүү кабыл алуусун жеңилдетип, анык изилдөөчү атмосфера түзүлгөн болот.

Эми бир проблемалык окутуунун жогорудагы көрсөтүлгөн түрлөрү боюнча айрым мисалдарга токтололу.

I-түрү. демек билим берүүдө айрым проблемаларды группа-окуучулардын тобу менен чечүү. Мисалы: үч бурчтуктун бурчтарынын суммасы эмнеге барабар? Ушул проблема бир нече айрым алынган проблемаларды өзүнүн ичине алат б.а.

а) изделүүчү сумма үч бурчтуктун өлчөмүнө көз каранды болобу?

б) изделүүчү сумма үч бурчтуктардын түрлөрүнө көз карандыбы?

Ушул проблемалар боюнча иштөөдө жалпы коллективдүү талкуулоочу проблеманы колдонуу керек. Мисалы: Сандын модулу (5-кл) жөнүндө түшүнүк киргизилди, эң акырында |-a |= |a | жыйынтык чыгарыш керек. аны үчүн а) сандын модулу терс болушу керекпи?. деген проблема коюлат. аны чечүү үчүн оңго жана солго кеткен машиналардын өткөн жолу кандай сан? (аны сан түз сызыгы менен салыштырып кароо). Демек аралык оң гана сан менен туюнтулат. Ушундай мисалдардын негизинде биринчи проблема чечилет. Бул проблема жалпы класска коюлганы менен аны начар окуучуларга багытталганы дурус болот.

Мисал-3. Көбөйтүүнүн орун алмаштыруу жана топтоштуруу закондору (4 кл) а, в сандары үчүн ав=ва барабардыгы туурабы?, бул проблеманы чечүү үчүн кошуунун закондорун эске алып 2.15=15.2 ни текшерип өздөрү бир нече мисал келтирүү сунуш кылынат. Натыйжада ( )нин тууралыгы далилденет. Ушундай эле жол менен а*(в*с)=(а*в)*с

ттекшерилет. Мындан кийин алдынкы жетишкендиктерге ээ болгон окуучуларга жогорудагы касиеттердин (эрежелердин) мааниси эмнеде экендигин ачууга карата проблемалык ситуация түзүүгө болот. Коллективдүү мисалдар иштөөдө а*в оңтойлуу же в*а оңтойлуубу деген суроону чечүү каралат. Ушунун негизинде алдынкы окуучуларга коюлган проблеманы чечиш керек.

Мисал-4. Кыскача көбөйтүүнүн формулалары (6 кл) жалпы класс үчүн жалпы формуланы далилдөө проблеманы түзөт. Далилдөө жалпы эле алгебралык жол менен жүргүзүлгөндөн кийин айрым жакшы окуган окуучуларга анын геометриялык далилденишин табуу проблемасы сунуш кылынса болот. Математикада айрым проблемалар кээ бир окуучулар үчүн гана берилет. Эгер анын жыйынтыгы калган окуучуларга оордук келтирбей турган болсо, же жыйынтык жеңил кабыл алына турган болсо гана класска коллективдүү талкуулоого берилиш керек. Башка шарттарда анын тууралыгы мугалим тарабынан текшерилип коюлат. Эми биз жогорудагы проблеманы чечүүгө кайрылалы. Демек ар кандай проблеманы койгондо ага, мурда белгилүү болгон кайсы түшүнүктөр колдонуларына багыт берүү керек.

Ошентип, $а^2 - в^2 = (а-в)(а+в)$. окуучуга (а-в)(а+в) деген эмнени түшүндүрөт суроо, проблема коюлат. Мында а-в, а+в тик бурчтуктун жактары, анда (а-в)*(а+в) эмне? Ал эми $а^2 - в^2$ эмнени түшүндүрөт. Өз алдынча негиздөөүчүн сүрөттөрдү берүү зарыл.



2-чийме

Мисал-5. 10 класста геометрия боюнча n-өлчөмдүү мейкиндикке түшүнүк берүү үчүн сүрөт боюнча а+в>с. $а^2+в^2=с^2$. даяр макет боюнча $а^3+в^3<с^3$ аткарылаарын көрсөтүп, $а^n+в^n=с^n$ эмнени түшүндүрөт деген проблема коюлат.



3-чийме

Мисал-6. Даражанын касиеттерин түшүндүрүүдө

1). $а^n * а^m = а^{n+m}$ 2). $а^n : а^m = а^{n-m}$

аныктоолорду жалпы класс менен тактап алгандан кийин өз алдыларынча аныктоо үчүн 3). $1^m=1$. 4). $а^0=1$

проблема катары берилет.

Ушул келтирилген мисалдар сыяктуу көптөгөн мисалдар бар. Мугалим проблема берүүнү системалуу түрдө, багытталган бир талапка ылайык жүргүзүшү өтө маанилүү. Аны биз мектептин математикасынын жалпы методикасынын койгон талаптарынан көрөбүз. Окутуу проблемасынын түрүн тандап алуу окуучулардын билимдеринин жана жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээлдерине карата жүргүзүлөт. Эгер окуучулардын билим деңгээлдери жана иштин эвристикалык жөндөмдүүлүктөрү жетиштүү болсо анда, проблеманы чечүү теориядан практикага карай чечилиши ыктымалдуу болот.(4-5 мисалдан).

Эгер класстагы окуучулардын билимдери жетиштүү эмес деңгээлде болсо анда практикалык иштерден теориялык жыйынтык чыгаруу зарыл. Жогорудагы мисалдардын көпчүлүгү ушул жол менен алынат.

Проблемалык окутуу эффективдүү болсун үчүн аны же жогорку класстарда (окуучулардын аң-сезимдүүлүгү белгилүү деңгээлге жеткенде) же жакшы даярдалган класстарда колдонулушу керек.

Сабакта проблемалык окутуунун төмөндөгүдөй стуктуралык планын сунуш кылабыз.

I. а)Чечүүнү талап кылган проблемаларды аныктоо жана

б) проблеманы чечүүгө окуучуларды кызыктыруу үчүн проблемалык ситуацияларды уюштуруу.

2. Оураак проблеманы чечүүгө багыт берүү. айрым (аны жөнөкөй) проблемаларга бөлүү.

3. Айрым проблемаларды жекече, группа боюнча чечүү. жыйынтыктоо.

4. Айрым татаал проблеманы сунуш кылуу натыйжасын класска кайыштуу же ошол окуучунун өзү үчүн калтырууну чечүү.

Көпчүлүк учурда проблема же окуучулардын белгилүү бир билими жоктугунан, же окулуп жаткан материалга так белгилүү мамиленин жоктугунан келип чыгат. Натыйжада окуучунун билиминдеги мүчүлүштүк ачылат. Демек окуучу билиминдеги мүчүлүштүктү жоюуга аракет кылат. Окуучунун билим алуусунда ушундай эмоционалдуу моменттин пайда болушу- предметке иболгон кызыгуусун арттырат. Мындай учурда билиминдеги мүчүлүштүктү жоюуга болгон аракетин (ал кандай гана болбосун-ошол учурда китептен окуусу. жолдошуна жардамга

кайрылуусу) колдоп, багыт берүү керек.

Ошентип окутууда проблемалык ситуация түзүү, аны чечүү I-ден окуучунун материалды туура кабыл алуусун жакшыртат. 2-ден ар кандай ишти изилдөө методун (үйрөтүү) үйрөтөт. 3-дөн жалпы але матем икалык маданиятын калыптандырат б.а. ар кандай түшүнүктү изилдөөнү пландуу, билген билимдерин орду менен пайдаланууга үйрөтөт. Келечекте мугалимдер студенттер үчүн ар башка класска проблемалык суроо, маселелердин системасы берилген методикалык көрсөтмө даярдоо алдыбызга коюлуп турат.

# МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДАГЫ МАСЕЛЕ ЧЫГАРТУУНУН МААНИСИ.

Дж.Ыбыкеева,Г.Дайырбекова

Математиканы окутуунун эффективдүүлүгү жана сапаттуулугу программалык материалды терең жана бекем өздөштүрүү менен гана чектелбестен,математикалык билимдин өсүшүн,өз алдынча өздөштүрө билүүнү, чоң көлөмдөгү информациядан негизгисин ажырата билүүнү дагы өзүнүн ичине алат.Ошондуктан окутууда сапатуу ой-жүгүртүүнүн жолдору,рационалдууокуу эмгектеринин навыктары,таанып-билүү кызыгуучулугу калыптандырылышы керек.Ой-жүгүртүнүн жолдору (анализ,синтез,жалпылоо ж.б)илимий изилдөөнүн спецификалык методу катары эсептелип математиканы окутууда өзгөчө маселе чыгарууда даана байкалат.

"Маселе чыгаруу-жалаң эле математиканын привилегиясы эмес"б.а адамдын жашоосунда көп сандаган маселелерди чыгарууга туура келет.Турмуштагы суроолор,проблемалар эч качан токтобогон улам жаны маселелердин процесси. Көп сандаган маселелерди чыгаруу адамдан аң жакшы өнүккөн чыгармачылык ой-жүгүртүүнү,же болбосо берилгенн шарттар үчүн онтойлуу чыгарылышты издөөдөгү жөндөмдүүлүктү жана таанып-билүүчүлүктү талап кылат.

Окутуу системасы менен окуучулардын акыл жөндөмүнүн өсүшүнүн ортосунда,белгилүүзакон ченемдүүлүккө баш ийген,өтө тыгыз байланыш бар экендиги сөзсүз,ошону менен ал азыркы учурдагы педагогикалык психологиянын борбордук проблемаларынын бири болуп эсептелет.Окутуудагы жетишкендик ой-жүгүртүнүн :өз алдынчалык ,мааанилүүсүн ажырата билүүсү,ой-жүгүртүүнүнрационалдуулук,ийкемдүүлүк сапаттарынын калыптандырылышы менен тыгыз байланыштуу.

Ой-жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгү болуп жаны шарттарда багыт алуунун тездиги,белгилүүдөн жаныны табуу,ачык берилбеген маанилүү нерсени ача билүүлөр эсептелет. Маселе I.Суунун жээгине эки адам бир эле убакта келишти.Жээкте бир кишилик кайык турган,ошого карабастан ошол кайыкта экөө тең экинчи жээкке өтүп алышты.Кантип? (Студенттердин ой-жүгүртүүсүнө)

2.ABC үч бурчтугу тең капталдуу,периметири 39 BDCүч бурчтугунун периметири 24 болсо чийме боюнча AC жагын тапкыла.




Ой-жүгүртүүнүн терендиги ар бир фактынын маанисин эча билүү.өз-ара байланыштарын табуу.конкреттүү ситуациянын моделин конструкциялоону (чийме.теңдеменин түзүүчүлөрүн.далилдөөнүн этаптарын) билүү менен мүнөздөлөт.(М. жогорку 2-маселеге кайрылуу керек)

Ой-жүгүртүүнүн рационалдуугу болуп проблеманы чечүүгөкерек болгон бардык каражаттардын ичинен эң оптималдуусун тандай билүү менен убакытты үнөмдөө.буга эсеп чыгаруунун схемасын.алгоритмасын.символикалардытуура.орундуу пайдалануунун жолун билүү эсептелет.

Ой жүгүртүүнүн кеңендигин.активдүүлүгүн анын кашылоосу деп дагы айтабыз.

Маселелерди дидактикалык максаты боюнча үч түргө бөлөлү:1) таанып-билүүгө карата.анын жардамы менен жаңы түшүнүктөрдү.билимди алышат(М.:иррационалдуу санга алып келүүчү маселе ж.б.)
2)машыктыруучу.негизги максаты-бекем жендемдүүлүктү.ыкманы калыптандырат.3)өнүктүрүүчү маселелер.чыгармачыл ой жүгүртүүнү талап кылат.Биринчи түрдөгү маселелер жаңы түшүнүктөрдү калыптандырууда көбүнчө окутуунун проблемалуу-эвристикалык методдорун колдонуп чыгарышат.Бул азыркы учурдагы дидактиканын талабына жооп берет.Мектептин курсунда эң көп орунду алган бул өнүктүрүүчү маселелер-математикалык билимдүү эң-сезимдүү так.сапатуу өздөштүрүүгө багытталат.Өнүктүрүүчү маселелерге стандарттуу эмес.жогорулатылган татаалдыктагы чыгармачылык ой-жүгүртүүнүн элементтерин талап кылган проблемалуу маселелер дагы кирет.

Ошентип.маселе-айрым түшүнүктөрдү киргизүү үчүн (маселе аркылуу окутуу.б.а.индуктивдүү жол менен маселеден теориялык калыптандыруу).кээ бир математикалык фактыларды окуп үйрөнүү үчүн.теориялык материалды тереңдетип окутууда.айрым бир

ыкмаларды, жөндөмдүүлүктөрдү калыптандырууда, алган билимди бекемдөөдө колдонулат.

Маселени чыгарууда төмөндөгүдөй талаптар коюлат:

1)Маселени чыгарууну аны так, туура чийилген чиймесин же аны иллюстрациялоочу схемасын издөөдөн баштоо керек;

2)Маселедеги берилген чоңдуктар менен изделүүчү чоңдуктардын байланышын таап, чиймеде, схема-анализде көрсөтүү керек;

3)Ар бир берилген фактынын маселени чыгаруудагы маанисин туура түшүнүп, ага контролдоочу суроолор коюлат.

4)Маселенин берилишинде ашыкча чоңдуктар же жетишпеген түшүнүктөр жокпу? текшерүү керек.

Мис: Туура үч бурчтуу призманын кыры a. Негиздин жагы менен өтүп анын тегиздигине $60^{\circ}$ бурч менен жантайган кесилиштин аянтын тапкыла.

Геометриялык маселелерди чыгарууда анын чиймесинде шартынан бир аз четтөөгө туура келет, б.а. маселенин түрүн өзгөртүп, жардамчы, кошумча түзүүлөрдү жүргүзүүгө туура келет.




1 - чийме

Жогорудагы маселенин чиймесин студенттерге чийдирип чыгаруунун жолун жогорудагы талаптар боюнча карайбыз. Студенттер 1-чиймедегидей чийиши да ыктымал.

Кесилиште кесилиште үч бурчтук эмес трапеция пайда болорун (2-чийме) көрсөтүп, трапециянын аянтын табуу керек деген жыйынтыкка келебиз: $S_{кес}=\frac{a+x}{2}\,y$

x-кичине негизи, y-бийиктиги. Демек, x, y чоңдуктарды берилген чоңдуктар менен байланыштыруу керек. Аны үчүн чиймеде кандай өзгөртүүлөр, кошумча сызыктар жүргүзүү керек? Маселенин шартын талабы менен байланыштыргыла. Шарты маселени чыгарууга жетиштүүбү? ж.б. суроолорду коюп маселени тактап чыгарабыз.




3-чийме

Лабораториялык сабактын жазылышына анализ-схемалык жол менен иштелген маселелерди сунуш кылууга болот.Мисалы,ABCD тик бурчтугунун A чокусунан анын тегиздигине AK перпендикуляр тургузулган.К чекитинен B,D,C чекиттерине чейинки аралыктар 6м,7м,9м.AKны тапкыла.




2-чийме

Берилди: ABCD тик бурчтугу,AK .KB=6м,KD=7м,KC=9м

Табуу керек: AK-? , 3-чийме

Анда




схеманы алалы.

Мындан үч перпендикуляр жөнүндөгү теорема боюнча




, AB кесиндиси KB жантык сызыктын проекциясы болот.

Демек ∆ KBC тик бурчтуу. Ушундай ой жүгүртүүдө жаңы объект пайда болд.Ал ∆ KBC,анда




Ушул анализ боюнча маселени чыгаруу үчүн,эми ой-жүгүртүүнүн жүрүшүн тескери багытта төмөнкү схема боюнча кароо керек.




Жогорудагыдай анализ-схеманы түзүүгө,алгачкы учурда көбүрөөк

убакыт кетиши мумкун.Бирок студентердин ой-жугуртуусун так.негизделген (анализ.синтез.салыштыруу.жалпылоо ж.б)ыкмага ээ болуп.маселе чыгаруунунуздөнүүсүндөактивдүүлүгү.өз алдынчалыгы.билим деңгээлинин жогорулашы камсыз болот.

Колдонулган адабияттар:

I.Методика преподавания математики в средней школе:
Общая методика.!В.А.Огонесян и др !М.Просвещение.1980г
2.Метельский Н.В. Дидактита математики:
Общая методика и ее проблемы Издателсво БГУ.1982г
3 Ильенков Э.В. Школа должна учить. Нар. обр..1964г

# МЕКТЕПТЕГИ ГЕОМЕТРИЯЛЫК ТҮЗҮҮЛӨӨРДӨ АЙРЫМ МЕТОДДОРДУН КОЛДОНУЛУШУ.

А.А.Айылчиев.
профессор. МЙни окутуу
методикасы кафедрасы.

Мектептин геометрия курсунда түзүүлөр маанилүү ролду ээлей тургандыгы белгилүү. Ал эми 7-класстын геометрия курсунда атайы тема болуп өтүлүп, 8-класста тереңдетилип окула баштайт.

Геометриялык түзүүлөр маселе түрүндө берилет. Аны иштөөдө окуучулар фигуралардын касиеттерин терең өздөштүрөт жана түзүүнү аткаруучу куралдарды колдоно билүүгө үйрөнүшөт.

Эсептөөгө жана далилдөөгө берилген геометриялык маселелерден айырмаланып, түзүүгө берилген геометриялык маселелердин шартын канаатандыруучу ар бир фигура маселенин чыгарылышы деп эсептелет. Демек, түзүүгө берилген геометриялык маселени чыгаруу деген сөз, ал маселенин шартын канааттандыруучу фигураны түзүү дегендике жатат. Мындай маселелерди чыгаруу үчүн, көбүнчө, сызгыч менен циркуль бирдикте колдонулаары белгилүү.

Түзүүгө берилген геометриялык маселелерди чыгарууда ар кандай методдор колдонулат. Алардын негизгилери: чекиттердин геометриялык орду методу, геометриялык өзгөртүүлөр методу, алгебралык метод. Мектептин геометрия курсунда окуучуларды бул методдор менен атайын тааныштырып олтуруунун зарылчылыгы жок. Бирок, бул методдорду мугалим өзү билүү менен бирге окуучуларды ал методдорду билүүгө даярдап, акырындык менен өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүшү керек. Ал методдор тиешелүү адабияттарда толук баяндалган.

Биз төмөндө карай турган геометриялык түзүүлөрдөгү методдорду жана маселелерди математиканы тереңдетип окутуучу класстарда, математика боюнча класстан тышкаркы иштерде, математикалык олимпиадаларды, окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө сунуш кылуу оңтойлуу. Алар мектептин геометрия боюнча окуу китептеринде атайын баяндалган эмес. Албетте, мындай түрдөгү маселелерди чыгаруу сызгыч жана циркуль менен иштөөчү жөнөкөй түзүүгө берилген геометриялык маселелерди чыгарууну өздөштүргөндөн кийин сунуш

кылуу онтойлуу болуп эсептелет.

Түзүүгө берилген айрым геометриялык маселелерди чыгарууда жалаң сызгычты же жалаң циркульду же башка куралды колдонууга болот. Кай бирде түзүүгө берилген геометриялык маселелерди толук

түзүп чыгарып отурбастан, аны түзүүнүн геометриялык жана практикалык жолдору гана көрсөтүлөт. Андай маселелерди чыгарууда "өзгөчө," б. а. кадимкидей эмес методдорду колдонууга туура келет. Төмөндө бизге белгилүү методдорду колдонбой туруп эле, чыгарууга мүмкүн болгон айрым маселелерди чыгарууга токтолобуз. Албетте, алардын айрымдарын чыгарууда куралдарды колдонуп толук түзүп отуруу каралбайт, аны чыгаруунун техникасы гана көрсөтүлөт, ал эми айрымдарына бир эле куралды колдонуп чыгарууга болот. Айрым маселелерге токтололу.

I-маселе. Циркульдун жана сызгычтын жардамы менен $19^\circ$ бурчту 19 барабар бөлүккө бөлгүлө.

Циркульдун жана сызгычтын жардамы менен $1^\circ$ бурчту түзүү практикалык жактан мүмкүн эмес, бирок, аны теориялык жактан түзүүгө мүмкүн деп эсептейбиз, ошондуктан бул маселени чыгарууга болот, аны чыгаруу жолун көрсөтөбүз.

Эгерде кандайдыр бир $\alpha$ бурчу берилсе, анда ал бурчтан эки, үч, төрт, ж. б. эсе чоң болгон, б. а. $2\alpha$, $3\alpha$, $4\alpha$, ж.б. бурчтарын сызгычтын жана циркульдун жардамы менен оңой эле түзүүгө болот. Ал үчүн $\alpha$ бурчунун чокусун O деп белгилеп, $R$ радиусу боюнча айлана (мында $R$ каалагандай чондуктагы кесинди) сызабыз, ал бурчтун жактарын A жана B чекиттеринде кесип өтөт ( $\angle AOB=\alpha$). Чиймени түзүүнү окуучулардын өзүнө сунуш кылууга болот. AB кесиндисин (хордасын) циркуль менен ченеп алып, B дан баштап айланага $AB=BB_1=B_1B_2=B_2B_3...$ ж. б. болгондой кылып, $BB_1$, $B_1B_2$, $B_2B_3$. ж. б. хордаларын удаалаш өлчөп коебуз. Андан кийин $OB_1$, $OB_2$, $OB_3$ ж. б. шоолаларын жүргүзөбүз. Натыйжада $\angle AOB=\angle BOB_1=\angle B_1OB_2$ ж. б. болот. Мындан $\angle AOB_1=2\angle AOB=2\alpha$, $\angle AOB_2=3\angle AOB=3\alpha$ ж. б. болоорун байкайбыз. Демек, кандайдыр $\alpha$ бурчу түзүлсө, анда $n\alpha$ (мында $n$ натуралдык сан) бурчун сызгычтын жана циркулдун жардамы менен дайыма түзүүгө болот. Бул түшүнүк берилген маселени чыгарууга жардам берет.

$19^\circ$ бурч берилген, б. а. түзүлгөн. Анда $19\cdot19^\circ$ бурчун

сызгычтын жана циркулдун жардамы менен түзүүгө болот. Мында $19 \cdot 19^\circ = 361^\circ$ бурчун түзгөн болобуз. Бирок, $360^\circ$ бурч дайыма белгилүү, аны түзүлгөн деп эсептөөгө болот. Ошондуктан $361^\circ - 360^\circ = 1^\circ$ бурчу да түзүлдү деп эсептелет. Демек, маселе чыгарылды.

2-маселе. Циркулдун жана сызгычтын жардамы менен $7^\circ$ бурчту 7 барабар бөлүккө бөлгүлө.

Көрсөтмө. I- маселеге окшоштуруп чыгарууга болот. Эгерде $7^\circ$ бурч берилсе (түзүлгөн болсо), анда $8 \cdot 7^\circ = 56^\circ$ бурчун циркулдун жана сызгычтын жардамы менен дайыма түзө алабыз. Бирок, $60^\circ$ бурчту дайыма түзүүгө мүмкүн(айлананы 6 барабар бөлүккө бөлүп).

Анда $60^\circ - 56^\circ = 4^\circ$ бурчту да түзө алабыз. Эми $4^\circ$ бурчту 4 барабар бөлүккө бөлүү керек. Ал үчүн $4^\circ$ бурчту тең экиге бөлүп, андан кийин ал бөлүктөрдүн ар бирин дагы тең экиге бөлүү жетиштүү болот.

3-маселе. Чийме үч бурчтугун гана колдонуп , берилген А чекити аркылуу берилген а түз сызыгына параллель түз сызык жүргүзгүлө.

Чыгаруу. Чийме үч бурчтугунун каалагандай бурчунун (аны $\alpha$ бурчу деп эсептейли). Бир жагы а түз сызыгы менен дал келгендей, ал эми экинчи жагы А чекити аркылуу өткөндөй кылып жайгаштырып, С түз сызыгын сызабыз (чиймени өзүңөр чийгиле). Андан кийин чийме үч бурчтугун , $\alpha$ бурчунун чокусу А менен дал келгендей кылып, С түз сызыгын бойлото жылдырабыз. $\alpha$ бурчунун С менен дал келбеген жагы аркылуу b түз сызыгын сызсак, изделүүчү түз сызыкты алабыз.

4-маселе. Берилген бурчту үч барабар бөлүккө бөлгүлө.

Бул байыркы маселелердин бири. Жалпы учурда бурчту циркулдун жана сызгычтын жардамы менен үч барабар бөлүккө бөлүүгө мүмкүн эмес. Бирок, айрым бурчтарды (мисалы, $90^\circ$, $45^\circ$, $135^\circ$ ж. б. бурчтарды) бул куралдардын жардамы менен оңой эле үч барабар бөлүккө бөлүүгө болот. Мисалы, $90^\circ$ бурчтан $60^\circ$ бурчту дайыма ажыратып алууга болот. Анда анын калган $30^\circ$ бурчу $90^\circ$ бурчтун үчтөн бир бөлүгү болот.

Эгерде сызгычка А жана В деген эки белгини койсок, анда бул маселени оңой эле чечүүгө болот. $\alpha$ тар бурчу берилсин (I-сүрөт). Эгерде $\alpha$ берилген бурчу кең бурч болсо, анда аны $\alpha = 180^\circ - \beta$ деп жазууга болот, мында $\beta < 90^\circ$ болуп калат. Натыйжада $\alpha/3 = 60^\circ - (\beta/3)$ болуп, кең бурчту үч барабар бөлүккө бөлүү, тар бурчту үч барабар

белукке белүүгө алып келет.

A жана B белгилеринин аралыгын радиус. $\alpha$ бурчунун O чокусун борбор кылып айлана сызабыз. Ал $\alpha$ бурчунун жактарын D, E чекиттеринде кесип өтөт. б. а. $\angle DOE=\alpha$ болот.




1 - сүрөт

Сызгычтын A белгиси DO шооласында, ал эми B белгиси айланада жаткандай кылып, E чекити аркылуу түз сызык жүргүзөбүз. O жана B чекиттерин туташтырабыз. $\angle OAB=\varphi$ деп белгилейли. AOB тең капталдуу үч бурчтук болгондуктан, $\angle AOB=\varphi$ болот. Анда AOB үч бурчтугунун тышкы бурчу $\angle OBE=2\varphi$ болоору түшүнүктүү. Ошондой эле, $\angle BEO=2\varphi$ болот.$\alpha$ бурчу AOE үч бурчтугунун тышкы бурчу болгондуктан. $\alpha=\angle OAE+\angle AEO=3\varphi$ деп жазууга мүмкүн. Мындан $\varphi=\alpha/3$ изделүүчү бурч экендигин байкайбыз.

Түзүүнүн бул жолун Архимедке тиешелүү деп эсептешет.

## АДАБИЯТТАР.


1. Б. И. Аргунов и др. Элементарная геометрия. М., 1966 г. Просвещение.
2 В. А. Гусев и др. Внеклассная работа по математике в 6-8 классах. М., 1984 г. Просвещение.

# МЕТОД ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯ ТААНЫП БИЛУУ ПРОЦЕССИНДЕ

Анарбекова М., Утуров К.( г. Бишкек

Көпчүлүк окутуучулар метод жана методологиянын өз ара биримдигин жана айырмасын ачык айкын биле алышпайт. Бул жагдай түшүнүктүү абал. Анын негизги себеби метод жана методологияга байланышкан түрдүү көз караштар азыркы учурга чейин кеңири кездешет. Экинчиден изилдөө методун окутуу методу менен алмаштырып,изилдөө методуна анчалык маани беришпейт. Чындыгында ар бир илимдин изилдөө жана окутуу методдорунун ажырагыс биримдигин анчалык баамдабоо, таанып билүү жана окутуунун генезиси, билим берүүдө илимдин жана анын бөлүктөрүндө колдонулган методдордун зор маанисин түшүнбөө менен методологиянын өз ара тыгыз байланышын билбөө жана пайдаланбоо окутуу процессине сөзсүз өзүн терс таасирин тийгизиши далилдөөнү талап кылбай турган шарт. Ушундай жаңылыштыктарды четтетүүгө көмөк көрсөтүү, "метод" жана "методологиянын" өз ара биримдигин, айырмасын ачып, алардын канчалык маанилүү экендигин баса көрсөтүү учурдун талабына ылайыктуу проблема жана көрүнүш.

Окутуу - бул негизинен таанып-билүүдөгү багыттуу иш аракет. Анын натыйжасында алдыга коюлган тиешелүү максат иш жүзүнө аткарылат. Бул процесстин жүрүшүндө максатка жетүүнүн жолу жана каражаттары аныкталып, андан кийин реалдуу чындыкка пландуу түрдөгү таасир көрсөтүлөт.

Изилдөө методунун бир нече аныктамаларын мисал катары карайлы: В.Сегеттин көз карашы боюнча "Метод - бул белгилүү жыйынтыкка жетиш үчүн ар кандай аракеттин түрлөрүн, жолдонмо, көрсөтмөлөрдү аткаруу" деп эсептейт (Сегет В. Метод. Берлин 1977. 12-бет). Ал эми М.Коген метод катары ар кандай обьектилерге рационалдуу тартипте системалуу схеманы колдонуу жолу, ыкмасы деп жыйынтык чыгарат.

Кыргызча кээде колдонулуп жүргөн "ыкма", "усул" деген түшүнүк ирээтиндеги "терминдер","метод" (айрыкча "илимий метод") деген терминди толук алмаштыра албастыгы ачык түшүнүктүү.

Илимий таанып билүүнүн методологиясынын проблемаларын кароодо В.А.Штофф кандайдыр максатка жетүүдө колдонулуучу ар-кыл областагы тартиптин түрлөрү же жолдору, аракеттердин тобу катары методду түшүндүрөт. Бул жерде жогорку методдун аныктамаларын кароо менен бирге ушул маселеге Декарттан баштап көңүл бурулуп келе жаткандыгын белгилеп өтүү зарыл. Азыркы учурда метод тууралуу төмөнкүдөй аныктама толук деп эсептөөгө болот. Таанып билүү катары аны эрежелердин (талаптардын) системасы качан алар реалдуулукту изилдөө областынын закон ченемдүүлүктөрүн билүүнүн негизинде жана адамды анын таанып билүү аракетинде багыттай алуучу учурда айтылат.

Ал эми "методология" термини көп маанилүү. Ошондуктан, ал түрдүү мааниде колдонулат. Кээ бир авторлор методология деп таанып билүүдөгү методдор жөнүндөгү окууну б.а. методдун теориясын түшүнүшөт. Д.Бахлер методология термини жана андагы этиштин синоними турактуу маани албастыгын белгилейт.

Илимий методологиянын илим изилдөө процессинде көрсөтмө берүүчү мүнөздөгү илимий негиздердин тобу катары да баалаган учурлар кездешет жалпы көз караштарды салыштырып анализдөөнүн негизинде жалпысынан методология методдор жөнүндөгү жалпыланган мүнөзго ээ болгон окуу экендиги тууралуу жыйынтыкка келе алабыз.

Ушундай жалпы шарттардан метод жана методологиянын өз ара бир тектештигин жана айырмасын аныктап, аларды окутуу иштерде пайдалануунун жагдайларын жалпы гносеологиялык контексте аныктоого мүмкүн. Ар бир мугалим окутуучу илимдин методдорун (изилдөө, таанып билүүдө ар бир илимдин жана анын түзүүчү бөлүктөрүнө тийиштүү методдору) так билип жана аны колдонуп, окутуунун оптималдуу ыкмасын пайдалануусу зарыл. Мисал катары жалпы билим берүүчү орто мектепте жана жогорку окуу жайларында окутуулучу физика курсунун молекулалык физика бөлүгүн карайлы. Анда негизинен эки метод колдонулат. Алар феноменологиялык жана молекулалык кинетикалык методдор болуп саналат. Бул эки методдун өзүнүн артыкчылыгы, ошондой эле белгилүү шарттарда кемчиликтери бар. Ошого жараша ар бир окулган кубулушка кайсы метод ылайыктуулугун тандап алууга болот. Методдордун артыкчылыгын же кемчилигин же керектүү методду тандоо бул методологиялык проблема болуп саналат. Кээ бир илимий методикалык иштерде (мисалы: И.М.Лукичев "Изучение молекулярного строениевещества с учетом современних научных представлений"), окулуп жаткан илимдин өзүнүн илимий методуна анчалык баа бербестен, окуучулардын билим алуусун материалдын мазмунун (көлөм боюнча) жана педагогикалык ыкмаларды өзгөртүүдөн жогорулатууга болот деген жыйынтык чыгарылган.

Мугалим методологияга тиешелүү базалык категорияларды билүүсү окутуу процессине өзгөчө таасир тийгизе тургандыгын көңүлдүн борборунан чыгарбоосу зарыл. Өзгөчө "байланыш", "өтө жалпы байланыш", "универсалдык таасир этишүү", "себептүүлүк", "сандык жана сапаттык өзгөрүү", "өнүгүү", "чектүүлүк" жана "чексиздик" методологиянын фундаменталдык базасы болот.

Таанып билүү методдорун туура колдонууга бир канча принциптерди колдонуу процессти женилдетет жана туура жолго коет. Андай принциптер окулуп жаткан предметтин закондору менен органикалык трдө байланышкан. Принцип жана закон реалдуу чындыктын бир эле фрагменти ар кандай формада чагылдырып көрсөтөт. Закон туура билимдин образы түрүндө, ал эми принцип белгилүү регулятивдик нормадагы талап катары орун алат. Принциптин закондон айырмасы алар бир эмес бир канча закондордун жардамы менен формулировкаланган болот.

Принциптердин жардамы менен метод иштеши үчүн эн негизги шарт бул чагылдыруунун обьективдүүлүк шарты аткарылышы зарыл, экинчиден ой сезим реалдуу турмушту субьективдик, пассивдүү түрдө эмес активдүү чагылдырышы керек.

Таанып билүүнүн негизги принциптери: чагылдыруу принциби, активдүүлүктүн принциби, ар тараптуулук принциби, жекеликтен жалпылыкка жана андан тескери жүрүү принциби, индукция жана дедукция принциби, сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрдүн өз ара байланыштык принциби, карама-каршылыктар принциби, детерминизм принциби, анализ жана синтездин биримдик принциби ж.б.

Бул принциптер менен болочок адистер окутуунун методикасы жана педагогика илиминин атайын бөлүмдөрүндө тааныш болушат. Демек метод туура

иштеш үчүн б.а. оң натыйжа бериш үчүн мугалимдин базалык билимдердин комплексин пайдалануу зарылчылыгы бар экендиги көрүнүп турат. Предметтин өнүгүү абалына жараша андагы колдонулган метод жана методология өзгөрүүгө дуушар болушат. Методго салыштырмалуу методология жай өзгөрөт. Метод жана методологиянын динамикасы илимдин өсүү динамикасына шайкеш келиши керек.

Ар бир илимдин изилдөө методун жана методологиясын билбей жана аларды рационалдуу колдонбой туруп окутуу процессин толук рационалдаштырууга мүмкүн эместигин белгилеп кетүү ылайык.

Колдонулган адабияттар:

1. Логико - гносеологический анализ науки. - Алма-Ата.: Гылым. 1990 г.

2. Декарт Р. Избранные произведения. - М.: Наука, 1950 г. стр. 95

3. Gohen M.R. Method Scientific. - In. Encejcbopedia of the social Sciences. N.Y., 1933, p. 137

4. Segeth W. Materialistische Dialektik als Methode, 1977. s.12

5. Зотов А.Ф. Структура научного мышления. - М., 1973. стр. 13

6. Поппер К. Логика и рост научного знания - М., 1983. стр. 35

7. Карлов Н.В. О фундаментальном и приклад-ном в науке и образовании // вопросы философии// - М., 1995. стр. 35-46.

# МЕТОДИКА ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПЕРСОНОФИЦИРОВАННЫХ ЗАДАЧ И СТИМУЛИРОВАНИЕ УЧЕБНО-ТВОРЧЕСКОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ

П.С.Панков, Ж.Р.Джаналиева (Бишкек)

При обучении математике важное значение имеет самостоятельная работа учащихся.

Для стимулирования интереса учащихся различных уровней знания к самостоятельной работе, диверсификации процесса обучения и повышения чувства ответственности ( не только перед самим собой и преподавателем, но и перед товарищами ) нами предлагается методика проведения текущих контрольных работ, основа которой состоит в следующем:

каждый учащийся ( студент ) самостоятельно готовит одну задачу для этой контрольной ; в ходе контрольной оценивается как знание учебного материала ( решение задач, предложенных другими), так и выбор (составление) своей (персонофицированной ) задачи. Чтобы это подчеркнуть, мы называем такого студента"автором" задачи, даже если он ее выбрал из учебника без изменений.

Данная методика проведения текущих контрольных работ и их оценивания применяется нами следующим образом :

1. В конце предыдущего занятия, после завершения изучения и закрепления теоретического материала раздела, студентам предлагается в качестве домашнего задания принести на следующее занятие одну задачу по пройденному разделу, по выбору: либо составить задачу самому, либо найти подходящую в учебной литературе. Желательно, чтобы задача была несложная, но оригинальная. При этом студенты предупреждаются, что в любом случае они полностью отвечают за задачу (как за условие, так и за вопрос, см. [3,4]), т.е. происходит персонофикация. Если задача взята из учебной литературы, то студент все равно должен решить ее сам (был случай, когда ответ в учебнике оказался ошибочным).

2. В начале занятия - контрольной преподаватель быстро просматривает принесенные студентами задачи (не проверяя правильность решения), отклоняет слишком сложные и неудачные, оставшиеся нумерует.

3. Оценив общее количество и сложность отобранных задач, преподаватель предлагает их для решения. Все студенты, кроме "автора", переписывают условия с доски, но не начинают решать.

П р и м е ч а н и е. Опыт показывает, что задачи лучше писать на доске (переписывать из тетради студента) самому, поскольку выход студентов к доске отнимает много времени.

4. Преподаватель объявляет время для решения (требуется оставить еще 10 минут для рисования и заполнения таблицы, см. ниже п. 6, и 20 минут

для проверки, см. ниже пп. 8,9).

5. В процессе решения, кроме наблюдения за общим ходом работы, преподаватель отмечает явку (около фамилии каждого "автора" ставится номер его задачи), проверяет наличие и правильность ответов и дополнительно нумерует задачи, которые по какой-либо причине не предложены для решения, см. выше п.2, но подготовлены добросовестно и должны быть засчитаны, как домашняя работа, см. ниже п. 7.

6. За 30 минут до конца занятия преподаватель рисует на доске образец таблицы ( с заполненными только первой строкой и первым столбцом) и объявляет: "Время истекло. Рисуйте таблицу. Заполняйте таблицу (вторую строку). Авторы вместо ответа пишут "*Авт* ". Если вы не решили какую-либо задачу (не смогли или не успели), то ставьте прочерк. Должны быть заполнены все клетки ! (Необходимо вырабатывать эту привычку для подготовки к любому тестированию). Авторы занумерованных, но невключенных задач рисуют дополнительный столбец таблицы, пишут номер задачи и "*Авт* ". "

7. За 20 минут до конца занятия преподаватель объявляет: "Заканчивайте заполнение. Обменяйтесь тетрадями с рядом сидящим. Все держат в руках чужие тетради ?"

8. Преподаватель спрашивает у авторов по порядку номеров их ответы и по каждой задаче спрашивает: "У кого в (чужой) тетради такой ответ?" (оцениваются только ответы в таблице, а не решения). Если такой ответ у многих, то задача считается легкой, иначе задача разбирается на доске. Далее преподаватель объявляет: "За правильный ответ - 1 балл, за ошибочный - 0 баллов, за незаполненный - минус 1 балл." (Если кто-то сомневается в оценке, то преподаватель подходит к нему и оценивает сам). После этого преподаватель объявляет оценку автору: за правильную задачу - 2 балла, за очень удачную или оригинальную - 3 балла, за неудачную или недоподготовленную - 1 или 0 баллов, эту оценку поставляет тот, у кого в руках тетрадь автора. После проверки всех задач проставляется также по 1 баллу за невключенные задачи.

9. Каждый студент вычисляет сумму в чужой тетради, расписывается и возвращает тетрадь хозяину. Преподаватель спрашивает, все ли согласны со своими баллами - проводится апелляция (такой способ проверки также знакомит учащихся с достоинствами и недостатками формального тестирования, повышает чувство ответственности).

Пример таблицы автора задачи № 4.

| № задачи | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | Σ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ответ | *x+2* | | *1/4* | *Авт* | – | |
| балл | *1* | *-1* | *0* | *2* | *0* | *2* |

Пример таблицы автора задачи № 9.

| № задачи | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | Σ | 9 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ответ | *2+x* | *z>96* | *0.25* | *85 см* | *{2; 5}* | | *Авт* |
| балл | *1* | *0* | *0* | *1* | *0* | *3* | *1* |

10. Все студенты показывают преподавателю свои тетради, он проставляет оценки в журнал.

11. На следующем занятии (поскольку на этом занятии студенты уже устали) преподаватель объявляет результаты, наиболее часто встретившиеся ошибки, различные способы решения и т.д.

Данная методика была нами использована на подготовительном отделении и 1-м курсе Международного университета Кыргызстана и вызвала заметный интерес у студентов. Она может рассматриваться, как стимулятор к учебно-творческой работе для всех студентов - более сильные пытаются придумать оригинальную задачу сами, а более слабые просматривают большое количество задач (а не только несколько, которые входят в обычное домашнее задание), замечают общие методические приемы и пытаются найти "самую необычную". Таким образом, каждый студент в процессе выполнения домашнего задания узнает для себя что-то новое, что является необходимым элементом творчества.

Ряд задач, составленных таким образом, оказались вообще оригинальными и были использованы нами в дальнейшем. Приведем примеры:

"Составить задачу на все действия с дробями":

№ 1. Вычислить $(2.6 - 8\,{}^{1}/_{6}) / (16\,{}^{1}/_{3} - 5.2)$. (Ж.Апсултанова)

№ 2. Вычислить $(1\,{}^{1}/_{2} - {}^{1}/_{9}) / ({}^{9}/_{4} - 2 \times {}^{3}/_{2} \times {}^{1}/_{9} + {}^{1}/_{81})$. (А.Жаркова)

"Составить задачу на оптимизацию":

№ 3. Найти наибольшую возможную площадь ромба с одной диагональю, сделанного из куска проволоки длиной 12 см. (А.Рыскулова)

Литература


1. Березовин К.А., Сманцер А.П. Воспитание у школьников интереса к учению. - Минск: Народна асвета, 1987.
2. Гайбуллаев Н.Р., Дырченко И.И. Развитие математических способностей учащихся. - Ташкент: Укитувчи, 1988.
3. Роль и место задач в обучении математике / сост. Оганесян В.А. - Москва: изд. НИИШкол, 1977.
4. Бекбоев И.Б. Научные основы разработки и обучения решению задач в системе непрерывного математического образования. Дисс. ... доктора педагогических наук в форме научного доклада. - Бишкек, 1994.

# НЕГИЗГИ МЕКТЕПТИН АЛГЕБРА КУРСУНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ

АБДИЕВ А., БАЙГАЗИЕВ К. (Бишкек)

Математиканы окутууда окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруу проблемасы боюнча көптөгөн илимий изилдеөлөр жүргүзүлгөн. Биздин республикабызда бул багытта И. Б. Бекбоевдин, А. И. Тимофеевдин, Ш. Майлиевдин, У. И. Халиловдун ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектери бар. Бирок ал эмгектердин басмадан чыкканына көп жылдар өтүп, анын үстүнө нускасы аз болгондуктан, азыркы учурда мугалимдердин колдорунда дээрлик жокко эсе десек болот. Ал эми мектеп практикасында, анын ичинде математиканы окутууда окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө жетиштүү көңүл бурулбай келе жатат. Жүздөгөн сабактарга катышып, талдоолор, адаттагы сабак учурунда өз алдынча иштөөгө атайын убакыт бөлүнбөй тургандыгын, же өтө аз бөлүнөөрүн көрсөттү. Ал аз келгенсип, окуучу доскада иштеп жатканда же оозеки жооп берген учурда мугалим дайыма "желеп-таяп" турат. Натыйжада окуучунун өз алдынча иштөө билгичтиктери жана көндүмдөрү жакшы калыптанбай калат да, ал өз кезегинде предметти ийгиликтүү өздөштүрүүгө терс таасирин тийгизет.

Айрыкча окуучулардын китеп менен иштөө билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн деңгээли өтө төмөн. Ага далил катары Бишкек шаарынын, Нарын жана Ысык-Көл областарынын мектептеринде 9-класстын 230 окуучусу менен жүргүзүлгөн тесттин жыйынтыгын келтиребиз. Окуучулар 30 мүнөттүн ичинде окуу китебинин "Арифметикалык прогрессиянын аныктамасы. Арифметикалык прогрессиянын n-мүчөсүнүн формуласы" темасын өз алдынча окуп чыгып, төмөнкү тапшырмаларды аткарууга тийиш болчу.

1. Берилген теманы өздөштүрүү үчүн зарыл болгон негизги таяныч түшүнүктү көрсөткүлө.

А) Натуралдык сандар. Б) Удаалаштык. В) Сандарды кошуу. Г) Функция.

2. Темадагы эң негизги түшүнүктөрдү атагыла.

А) Удаалаштык. Б) Жуп сандар. В) Арифметикалык прог-

рессия. Г) Арифметикалык прогрессиянын аныктамасы.

3. Кандай удаалаштык арифметикалык прогрессия деп аталат?

Арифметикалык прогрессия деп экинчисинен баштап ар бир мүчөсү: А) андан мурда турган мүчөгө бир эле санды кошконго; Б) андан мурда турган мүчөнү бир эле санга көбөйткөнгө; В) андан мурда турган мүчөнү бир эле санга бөлгөнгө; Г) андан мурда турган мүчөдөн бир эле санды кемиткенге барабар болгон удаалаштык аталат.

4. Арифметикалык прогрессия боло ала турган удаалаштыкты көрсөткүлө.

А) 1; 5; 10; 15; 20; ... Б) 2; 4; 6; 8; 16;... В) 19; 16; 13; 10; 7;... Г) 6; 5; 8; 3; 0;...

5. 6; 2; -2; -6;... арифметикалык прогрессиясынын айырмасын тапкыла.

А) 4. Б) 0. В) -4. Г) 3.

6. Биринчи мүчөсү -4, айырмасы 3 болгон арифметикалык прогрессиянын алгачкы алты мүчөсүн тапкыла.

А) -4; -4; -10; -13; -16; -19. Б) -4; -12; - -36; -108; -324; -972. В) 3; -1; -5; - -9; -13; -17. Г) -4; -1; 2; 5; 8; 11.

7. 0; -4; -8; -12 арифметикалык прогрессиясынын n-мүчөсүнүн формуласын жазгыла.

А) -4+4 (n-1). Б) -4-4(n-1). В) -4(n-1) Г) 4(n-1).

Туура жоопту тиешелүү теманы тегерекчеге алуу менен көрсөтүү сунуш кылынды. Окуучулар белгиленген убакыттын ичинде окуу китебин эркинче пайдаланышты. Жыйынтыгында туура жооптор 37,2 % ти гана түздү. Демек мындан окуучулардын китеп менен өз алдынча иштөө билгичтиктери жана көндүмдөрү начар калыптанган деген жалпы тыянак чыгарууга болот.

Жогоруда айтылгандар окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруу проблемасынын актуалдуулугун айгинелеп турат. Биз бул макалабызда өз алдынча иштерди уюштуруунун айрым жолдорун негизги мектептин алгебра курсунун мисалында көрсөтөбүз.

Адегенде окуучулардын өз алдынча иштөөсү деген эмне экендигин тактап алалы. Көпчүлүк дидакттар жана методисттер окуучулардын өз алдынча иштөөсүн метод катары эсептешет. Биз да алардын пикирине кошулуу менен, окуучулардын өз алдынча иши деп, мугалимдин түздөн-түз катышуусуз, бирок анын кыйыр

түрдөгү жетекчилиги менен окуу процессин уюштуруу методун түзөбүз. Аны окуу процессинин тиешелүү этабында ишке ашырыла турган дидактикалык максатына жараша: жаңы материалды үйрөнүүгө даярдык көрүү, жаңы билимге ээ болуу, билимди бышыктоо, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруу жана өркүндөтүү, билимди текшерүү этаптарында өткөрүлүүчү өз алдынча иштер деген түрлөргө бөлүүгө болот. Булардын ар биринде окуучуларды билимдин булактары, айрыкча окуу китеби менен иштей билүүгө көнүктүрүү зарыл. Анткени өз алдынча ишти уюштуруунун негизги максаты окуучуларды өз алдынча билимге ээ болууга үйрөтүү болуп эсептелет.

Эми аталып кеткен өз алдынча иштердин түрлөрүн уюштурууга карата мисалдар келтирели.

Жаңы материалды үйрөнүүгө даярдык көрүү этабында окуучулардын өз алдынча иштерин математикалык диктант формасында өткөрүү максатка ылайык. Математикалык диктантты өткөрүүнүн методикасы жөнүндө адабияттарда жетишээрлик берилген.

Айрым учурларда жаңы теманы окуучулардын өз алдынча окуп-үйрөнүүсүн сунуш кылуу пайдалуу. Бирок, мында окуучулар китеп менен иштөө билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ болуусу зарыл. Ошондой эле окуп-үйрөнүлө турган материал окуучулар үчүн таптакыр жаңы эмес жана анча татаал болбогон тийиш. Мындай окуу материалдарынын катарына, мисалы, 7-класстын алгебра курсундагы "Бир мүчөнү көп мүчөгө көбөйтүү" темасын кошсо болот. Бул теманы окуп үйрөнүүгө токтололу. Таяныч билимдер болгон бир мүчө, көп мүчө, бир мүчөлөрдү көбөйтүү эске түшүрүлгөндөн кийин, окуучуларга аталган теманы окуп чыгуу жана төмөнкү суроолорго жооп даярдоо сунуш кылынат:

1. Бир мүчө менен көп мүчөнүн көбөйтүндүсү кандай туюнтма болот?

2. Бир мүчө менен көп мүчөнү кантип көбөйтүү керек?

3. а) $2x\cdot(x - 7x - 3)$;

б) $(3a - a + a)\cdot(-5a)$ көбөйтүндүлөрү кандай көп мүчөнү берет?

4. Бир мүчө менен көп мүчөнү көбөйтүү кандай максатта колдонулат?

Окуучулар өз алдынча иштеп жатышканда мугалим үйгүлтүксүз

байкоо жүргүзүп турат, зарыл учурда жардам көрсөтөт.

Суроолор жалпы окуучулар менен талкууланат, мугалим тарабынан окуучулардын жооптору тактальп, толукталат.

Мындай ыкманы колдонуунун артыкчылыгы, биринчиден, окуучулар өз бет алдынча окуганын аңдап түшүнүүгө көнүгүшөт, экинчиден тексттеги негизги ойду бөлүп алууга үйрөнүшөт. Ошондой эле окуучулардын өз күчүнө болгон ишенимдери да артат.

Билимди бышыктоо максатында сунуш кылынып жүргөн ыкмалар (бир нече вариантта түзүлгөн көнүгүүлөрдүн тобун иштетүү, окуучулардын жекече өзгөчөлүгүн эсепке алып, тапшырма аткартуу ж.б.) менен катар, окуп-үйрөнүлгөн материалдар боюнча окуучуларга өз алдынча таблица толтуртуу да пайдалуу. Мисал келтиребиз.

8-класстын алгебра курсунда $y=k/x$ функциясы жөнүндө түшүндүрүлгөндөн кийин окуучуларга төмөнкү таблицаны толтурууну сунуш кылса болот.

| N N | Функциянын касиеттеринин аталышы | Касиеттердин $y=k/x$ функциясы үчүн орун алышы | |
|---|---|---|---|
| | | $k>0$ болгон учур | $k<0$ болгон учур |
| 1. | Аныкталуу областы | | |
| 2. | Маанилеринин көптүгү | | |
| 3. | Функция оң мааниге ээ болгон аралык | | |
| 4. | Функция терс мааниге ээ болгон аралык | | |
| 5. | Функция өсө турган аралык | | |
| 6. | Функция кемий турган аралык | | |

Бул ыкманы бардык эле функцияларды окуп-үйрөнүүдө колдонсо болот деп ойлойбуз. Айрым учурларда мындай тапшырмалар үйдөн аткарып келүү үчүн да берилиши мүмкүн.

Таблица толтуруунун үстүндө иштөөдө окуучулар окуу ките-

бине кайрылууга мажбур болушат, өз алдынча изденүүгө аракеттенишет, ошондой эле алардын билимдери бышыкталат, системалаштырылат.

Билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруу жана өркүндөтүү этабы математиканы окутууда негизинен өз алдынча иштөөгө багытталуусу тийиш. Эгерде сабак толугу менен өз алдынча иштөөгө арналбаса, анда класста иштелүүчү көнүгүүлөрдүн номерлерин адегенде эле доскага жазып коюп, окуучуларга аларды иштей берүүнү, суроолор пайда болсо гана мугалимге кайрылып турууну сунуш кылган жакшы. Бул учурда окуу материалын өздөштүрүүдө ар бир окуучуга өзүнүн темпи менен алга жылууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Даярдыгы күчтүү жана предметти начар өздөштүргөн окуучуларга жекече тапшырмалар да берилиши мүмкүн.

Теманы окуп-үйрөнүүнүн аягында окуучуларга жекече, өз алдынча аткаруу үчүн көпчүлүк учурда жоопту тандап алууга (жабык тест) же болбосо жоопту окуучулардын өздөрү табууга (ачык тест)ылайыкташкан тапшырмалар берилиши мүмкүн. Көпчүлүк учурда аралаш тапшырмаларды колдонуу жакшы натыйжа берет. Мүмкүн болгон учурда ЭЭМ ди колдонуу максатка ылайык.

Тапшырма аткарылып бүткөндөн кийин туура жооптор көрсөтүлөт. Аны пайдаланып окуучулар өздөрүнүн жоопторунун тууралыгын өз алдынча текшеришет да, ката кетирилген тапшырманы мугалимге билдиришет. Мугалим тарабынан тиешелүү типтеги жаңы тапшырма берилип, иш улантылат. Бул ыкманын маанилүүлүгү - окуучулардын өз билимин өзү текшерип, каталарын өз алдынча жойгонго көнүккөндүктөрүндө.

Окуучулардын өз алдынча иштерин талаптагыдай уюштуруу үчүн алардын жалпы окуу билгичтиктерине (окуу-информациялык, окуу-уюштуруу жана окуу интеллектуалдык - Ю.К.Бабанский) ээ болуусу маанилүү. Бирок бул өзүнчө сөз кыла турган маселе.

Биз жогоруда окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруу проблемасынын айрым бир практикалык аспекттерине токтолдук. Чындыгында бул окутуу ишиндеги эң негизги проблемалардын бири. Ошондуктан ар бир мугалим окуучуларды өз алдынча билим алууга көнүктүрмөйүн, аларга толук кандуу билим берүүгө болбой тургандыгын эстен чыгарбашы маанилүү.

# О КОМПЬЮТЕРНОМ АНАЛИЗЕ И СИНТЕЗЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕЧИ

А.С. Омуралиев, К.К. Мамбеталиев ( ИГУ, г. Каракол )

На повестке дня стоит разработка ЭВМ пятого поколения, обладающих элементами искусственного интеллекта, т.е. способных решать такие задачи, которые раньше были под силу только человеческому мышлению и познанию. Одним из существенных признаков искусственного интеллекта является способность к речевому общению с человеком, так как речь для человека - наиболее удобный и естественный способ обмена информацией. Поэтому во многих странах ведутся интенсивные исследования с целью разработки систем автоматического распознавания и синтеза речи на ЭВМ. Речевые системы найдут применение практически во всех областях человеческой деятельности : промышленности, делопроизводстве, медицине, связи, военной технике, обучении и науке, при решении таких разнообразных задач как

- управление ЭВМ устными командами;
- речевое управление механизмами, станками, автоматизированными системами;
- организация автоматической информационно - справочной службы, позволяющей получать нужную информацию через голосовое общение;
- автоматическое печатание различных текстов, введенных с голоса и создание читающих машин;
- создание автоматизированной машины - переводчика речи;
- создание роботов, способных воспринимать человеческую речь и выполнять различные действия по устным командам;
- диагностика заболеваний человека по характеристикам речевой артикуляции и создание речевых протезов для инвалидов;
- речевые автоматизированные курсы обучения и обучение произношению иностранных языков;
- автоматизация создания частотных словарей;
- системы речевого оповещения об аварийной ситуации в военной технике;
- произношение слов голосом определенного человека и т. д.

В этих областях системы распознавания и синтеза речи повышают производительность труда от 20 до 300 %. Вышеизложенное показывает насколько масштабна, приоритетна и необходима для общественного прогресса в целом проблема создания систем ввода - вывода информации "с голоса".

Колоссальные возможности современных вычислительных машин и звуковых плат позволяют говорить о технических возможностях обработки непрерывных речевых сигналов в реальном масштабе времени. Во всех промышленно развитых странах, таких как США, Франция, Италия, Япония расширяется сеть институтов и лабораторий, в

которых разрабатываются модели систем понимания речи для известных международных языков - английского, французского, японского.

Выполненных к настоящему времени исследовательских работ в области анализа и синтеза кыргызской речи очень мало, а ознакомление с зарубежными исследованиями довольно затруднительно, поэтому проводимые на кафедре ПМ и И исследовательские работы по данной проблеме начинались с " нуля " . К настоящему времени получены некоторые результаты экспериментальных работ по анализу кыргызской речи на ЭВМ, используя в качестве аппаратного обеспечения звуковую плату Sound Blaster .

Целью настоящего исследования звуков кыргызской речи на ЭВМ является установление наиболее информативных акустических признаков кыргызской речи, в дальнейшем используемых при составлении автоматических систем воспроизведения и распознавания слов на этом языке. В качестве признаков звука речи в таких системах используются параметры шумности, звонкости, частоты и полосы формант, а для согласных используются признаки, позволяющие выделять классы глухих взрывных, аффрикатов и щелевых, звонких взрывных и щелевых, дрожащих, носовых и плавных.

Математиканы окутууда улуттук-региондук өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу республикабыздагы бир катар окумуштуу-методисттердин эмгектеринде /И.Бекбоев, М.Назаров, М.Жакыпбеков, К.Бийбосунова, Д.Байсалов, У.Алтыбаева ж.б./ чагылдырылган. Ал эмгектерде практикалык мазмундагы /И.Бекбоев/, элдин каада-салтына,үрп-адаттарына, турмуш-тиричили гине, оюн-зоокторуна байланыштуу /Д.Байсалов, А.Абдиев/, окуучуларды республикабыздагы белгилүү математиктердин өмүр-баяндары, эмгектери -М.Назаров, У.Алтыбаева, С.Мадраимов/, элдик кол-өнөрчүлүктө, буюм-таймдарда кездешүүчү математикалык объектилер менен тааныштыруу ж.б. каралат.

Биздин изилдөөлөрүбүздүн натыйжалары улуттук-региондук өзгөчөлүктөрдү эсепке алууну үч багытта жүргүзүү максатка ылайык экендигин көрсөттү. Алар төмөнкүлөр:

I/ элдин илимге чейинки математикалык элестөөлөрүн /элдик оозеки чыгармачылыкта, кол өнөрчүлүк жана уздук буюмдарда, оюн-зоокторудо кездешүүчү математикалык обьектилер, элдик чен бирдиктер ж.б./ пайдалануу;

2/ Орто-Азия регионунан чыккан мурдагы жана азыркы математиктердин өмүр баяндары жана эмгектери / мурдагылар: Мухаммед ал-Хорезми, Абу Наср ал-Фараби, Абу Рейхан ал-Бируни, Насреддин ат-Туси ж.б., азыркылар: М.Иманалиев, А.Бөрүбаев, К.Касымов ж.б./ менен окуучуларды тааныштыруу;

3/ улуттук-региондук өзгөчөлүктөрдү чагылдырган маселелерди түзүү жана чыгаруу.

Кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде, усталык жана уздук өнөрүндө математиканын колдонулушун көрсөтүүдө биринчи иретте боз үйгө кайрылабыз. Анда геометриялык фигуралар эле эмес, функционалдык көз карандылыктар да орун алган. Мисалы, керегенин баштары канчалык көп болсо, ууктары ошончолук чоң болот, ошондой эле ички аянты да чоңоет.

Элдик прикладдык искусстводогу симметриянын ролун ачып берүү максатында ээрди, үзөңгүнү, көөкөрдү, комузду, жааны, калпакты, туш кийизди, килемди, шырдакты ж.б. мисал катарында колдонсо болот. Чындыгында эле, аталган буюм-тайымдарда симметрия эске алынбаса,

көркү кетип, айрымдары колдонууга жараксыз да болуп калышы мүмкүн. Комузда симметрия огу катары анын ортоңку кылы, жаада - атууга даярданып жаткан учурдагы жебеси, калпакта - төбөсүнөн түшүрүлгөн кыюулары эсептелет. Ээрдин кандай жасалгандыгын текшериш үчүн аны саздак түз жерге чалкасынан ташташкан да, эгерде анын эки кашы тең жерде бирдей оюк калтырса, анда симметрия туура сакталган деп эсептешкен.

Элибизде узундуктун, массанын, аянттын, убакыттын бир катар чен бирдиктери пайдаланылып келинген. Алардын кээ биреелерүн атап кетели: эли, сөөм, карыш, тапан, кадам, кез, төш жары, чыканак, кулач, бута атым, чакырым, тай чабым, кунан чабым, ат чабым /узундук бирдиктери/; кадак, батман /масса бирдиктери/; үй орду, танап, теше /аянт бирдиктери/; кез ирмем, чай кайнам, эт бышым, күн, күнү-түнү, жума, ай, жыл, кылым /убакыт бирдиктери/.

Улуттук-региондук өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу, б.а. окутууну элдин тарыхына, маданиятына, турмуш-тиричилигине, ошондой эле республикабыздын экономикасына, жер шартына байланыштыруу окуучулардын предметке карата кызыгууларын өстүрүүгө, таанып билүү иш-аракеттерин активдештирүүгө, окуу материалынын жеткиликтүүлүк даражасын жогорулатууга, ал эми булардын негизинде алардын математикалык даярдыгынын сапатын жакшыртууга ыңгайлуу шарт түзөт. Ошону менен бирге эле балдар өз эли-жери менен сыймыктануу сезимдерине тарбияланат. Бул ырастоолорубуз республикабызда иштеген чыгармачыл мугалимдердин иш-тажрыйбаларында далилденүүдө. Андай математика мугалимдери нин катарына биринчи иретте А.Салиеваны, И.Нарматовду/ Ат-Башы, Араван райондору/, М.Нуралиев /Базар-Коргон р-ну/, Ж.Жубаков, З.Кулматов /Сузак р-ну/, М.Чатакова /Бишкек ш./, Ш.Тезеков /Түп р-ну/.

Эми математикалык маселелерди түзүүгө жана колдонууга кененирээк токтололу. Сөз улуттук жана аймактык өзгөчөлүктөрдү чагылдырган сюжеттүү жана геометриялык маселелер жөнүндө болуп жатат. Мындай маселелерди түзүүдө жана колдонууда төмөнкү талаптарды жетекчиликке алуу максатка ылайык:

- маселенин окуп-үйрөнүлүүчү материал менен түздөн-түз байланыштуулугу;
- маселенин мазмунунун, берилген жана изделүүчү чоңдуктардын реалдуулукка жакын болушу;
- маселенин мазмунунда жалпы окуучулар үчүн тааныш эмес түшүнүктөр болуп калса, кыскача аңгемелешүү өткөрүү;

- маселедеги чоңдуктардын мүмкүн болушунча элдик чен бирдиктер аркылуу туюнтулушу;

- маселелердин мазмуну аркылуу окуучуларда өз эли-жери менен сыймыктануу, аларды урматто тарбиялоону максатка багытталган түрдө жүргүзүү;

- мүмкүн болушунча маселелерди окуучулардын өз алдыларынча түзүүлөрүнө жана чыгарууларына жетишүү.

Маселе түзүүнүн булактары катары элдин тарыхы /санжыра, тарых боюнча эмгектер, элдик оозеки чыгармачылык/, улгайган адамдардын айтып бергендери, географиялык маалыматтар, энциклопедиялар, статистикалык маалыматтар ж.б. кызмат кылышы мүмкүн.

Мындай маселелердин бир нечесин келтирели /маселелер эки деңгээлде берилип, кашаанын ичинде окуу программасындагы тиешелүү темалар көрсөтүлгөн/.

## Милдеттүү даярдыктын деңгээли

I. Соң-Көлдүн эң терең жери I5,I м, ал эми Чатыр-Көлдүкү - I6,8 м. Чатыр-Көл Соң-Көлгө караганда канчага терең? /"Ондук бөлчөктөрдү кошуу жана кемитүү"/.

2. I0 кг сүзмөдөн болжол менен 4 кг курут алынат. Кургатууда сүзмө өзүнүн салмагынын канча процентин жоготот? /"Процентке карата маселелер"/.

3. Эки байдын бири экинчисине 200 кой берсе, анда анын койлору биринчисиникинен эки эсе көп болуп калат. Ал эми экинчиси биринчисине 200 кой берсе, анда экөөнүкү тең болот. Алардын ар биринде канчадан кои болгон? / Эки өзгөрмөлүү сызыктуу теңдемелердин системасы"/.

4. Тигилип турган боз үйдүн керегесинин бийиктиги I,7 м. Эгерде керегенин жыгачы /таягы/ жердин бети менен 45 градустук бурчту түзүп турса, анда ал жыгачтын узундугун тапкыла / "Пифагордун теоремасы"/.

## Жогорулатылган деңгээл

I. Алты ууру хандын казынасына киришип, андагы болгон тай туяк алтындарды /саны I00 дөн аз/ уурдап чыгышат.Ээн жерге барышып тең бөлүп алалы дешсе, бирөө ашып калат. Аны талашып жатып бир ууру каза болот. Бешөөнө бөлүштүргөндө да, бирөө ашып калат да, чыр-чатактын натыйжасында дагы бир ууру өлөт. Ошентип отуруп, аягында

эки ууру калат. Тай туяктарды экиге бөлгөндө да бирөө алып калып, ал талашка түшөт. Акыры экөө бири-бирин өлтүрүп тынышат. Алтындар казынага алынып келинет. Канча тай туяк болгон?/"Калдыктуу бөлүү"/.

2. Орозонун биринчи күнүндө саат 17 дө ооз ачышты. Эгерде күн сайын 2 мүнөттөн кечирээк ооз ачыша турган болсо, анда орозонун акыркы күнүндө ооз ачаар маал саат канчада болот? /"Арифметикалык прогрессия"/.

3. Дервиш хандан бир дилде сураса: "Өзүң кирип, казынадан алып чык",- дейт. Казынанын үч катар эшиги, ар бир эшикте бирден сакчысы бар экен. Дервиш биринчи сакчыга барса, ал ач көз, паракор неме экен, минтет: "Киргин, бирок алып чыккан дилделериңдин жарымын жана дагы бир дилдени мага бересиң". Анын сөзүн берки сакчылар угуп калышып, алар да ошол талапты коюшат. Сыртка бир дилде алып чыгыш үчүн дервиш казынадан канча дилде алышы керек? /"Сызыктуу теңдемелерди чыгаруу"/.

Маселе түзүүдө жана чыгарууда компьютердин мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу да жакшы натыйжаларды берет. Ал үчүн окуучула маалыматтар базасын түзүүнү, аларды компьютерге киргизүүнү, издеп табууну жана пайдаланууну билүүлөрү зарыл.

Маалыматтар базасы биринчи иретте төмөнкүлөрдөн турууга тийиш деп эсептейбиз:

1/ Орто-Азиядан чыккан белгилүү математиктердин өмүрүнүн жана чыгармачылыгынын урунттуу учурларынын даталары;

2/ Орто-Азиядагы мамлекеттердин ээлеген аянты, калкынын составы жана саны, социалдык-экономикалык абалы, өз ара жана башка мамлекеттер менен карым-катнашы, географиялык обьектилери ж.б. тууралуу маалыматтар;

3/ бүткүл Кыргызстандын, анын административдик бирдиктеринин ээлеген аянттары, жашаган калктын улуту, жынысы, жаш курагы, билими, кесиби ж.б. боюнча курамы, социалдык абалы, экономикасы тууралуу статистикалык маалыматтар;

4/ Кыргызстандын тоолорунун бийиктиги, созулушунун узундугу, көлдөрүнүн тереңдиги, ээлеген аянты, суусунун көлөмү, дарыяларынын узундуктары, кен байлыктарынын өлчөмдөрү, элдүү пункттарынын саны, алардын арасындагы аралык ж.б. ;

5/ элдик чен бирдиктер жана алардын метрдик система менен туюнтулушу

# ФИЗИКА БОЮНЧА ЖАЛПЫЛООЧУ-БЫШЫКТООЧУ САБАКТАРДЫ ОТУУ УСУЛУ

Артыкова С.И.(Бишкек)

Азыркы убакта окуу процессинде окуучулардын алган билимдерин жалпылоого кобурроок конул бурулуп жатат. Бул окуучулардын ой жугуртуусун онуктуруп жана алардын алган билимдеринин сапатын жогорулатуу менен байланыштуу. Окуу процессинде билимдерди жалпылоо томондогудой эки маселени чече алат: билимдерди терен оздоштуруу жана аларда кандайдыр бир даражада ой жугуртуу ыкмасын калыптандыруу [1].

Билимдерди жалпылоо эки турдо: системалык турдо материалды окутуунун аягында, ошондой эле теманын, болумдун же курсутун аягында озунчо сабак турундо жургузууго болот.

Билимдерди жалпылоону [2] ар турдуу усулдук ыкмалар менен ишке ашырылат: салыштыруу жолун колдонуу, таблицаны тузуу жана толтуруу, жалпыланган сабактарды откоруу, жалпыланган жоопторду алуу, маселе чыгаруу, аналогияларды издоо ж.б. Ушул ыкмалар окуучулар ээ болгон билимдердин базасын бышыктап, аларды жаны материал менен байланыштырат. Салыштыруу жана анализдоо зарылчылыгы окуучулардын ой жугуртуусун активдештирет. Эми жогоруда келтирилген ыкмаларга кененирээк токтололу.

Салыштыруу ыкмасын 7-класстан тартып эле, окуучулардын жаш озгочолукторун эске алуу аркылуу баштаса болот. Бирок физиканы окутуунун биринчи этабында окуучулардын логикалык ой жугуртуусу анча осо электигин эске алып, предмет жана кубулуштарды алардын кандайдыр бир жаллы белгилери аркылуу салыштыруу талапка ылайык. Бул аларда элементардык - эмпирикалык жалпылоону калыптандырууга жардам берет. Жогорку класстарда окуучулардын аналитикалык ой жугуртуусу оскондон кийин гана салыштыруу ыкмасын колдонууну татаалдатыш керек.

10-класста "Куюндуу электр талаасы" темасын откондон кийин аны окуучуларга мурдатан тааныш болгон электростатикалык, магнит талаалары менен салыштырып, томондогудой 1-таблицаны толтуруу сунуш кылынат.

Схема жана таблицаны тузуу окуучуларга фактылардын жана кубулуштардын арасындагы байланышты табууга уйротот, физикалык формулаларды колдонуу боюнча билимдерин системалайт, ошондой эле физиканын практикалык колдонулушунун маанилуу экендигин корсотот. Таблицаны толтуруунун устундо иштоо окуучулардан активдуу ой жугуртууну талап кылат. Мисалы "Нерселердин сузушу" деген теманы откондон кийин тыгыздыктардын таблицасын колдонуп, кандай металлдар сымапта сузот, кандайлары чого тургандыгын корсоткон 2-таблицаны толтуруу сунуш кылынат.

1-таблица

| № | Салыштыруу үчүн суроолор | талаа | | |
|---|---|---|---|---|
| | | электростатикалык | магнит | куюндуу электр |
| 1. | Талаанын булагы эмне? | кыймылсыз электр заряддары | турактуу магнит, кыймылдуу электр заряддары | өзгөрүлмө магнит талаасы |
| 2. | Талаанын бар экендигин кантип билүүгө болот? | сынамык заряд аркылуу | магнит стрелкасы аркылуу | гальванометрдин стрелкасынын кыйшайышы, туюк өткөргүчтөрдүн ысышы боюнча |
| 3. | Талаа графикалык жол менен кантип көрсөтүлөт? Чыналыш сызыктары туюк же туюк эмеспи? | чыналыш сызыктары туюк эмес | чыналыш сызыктары туюк | чыналыш сызыктары туюк |
| 4. | Талаа потенциалдыкпы же куюндуубу? | потенциалдык | куюндуу | куюндуу |

2-таблица

| сымапта сүзөт | сымапта чөгөт |
|---|---|
| Алюминий, жез, калай, коргошун, күмүш, болот, темир. | Вольфрам, алтын, платина. |

1-,2-таблицалар сабак учурунда мугалим менен бирге толтурулат же үйдөн толтуруп келүүгө берилет. Эң негизгиси таблицаны толтуруу үстүндө иштөө окуучуларды ой жүгүртүүгө үйрөтсө болгону.

Окуучулардын билимин ситемалаштыруунун дагы бир жолу аларга жалпыланган жоопторду берүүчү суроолорду коюу. Мындай жоопторду берүүгө окуучуларды акырындык менен үйрөтүү керек. Ошондой эле жалпылоо үчүн көлөмү анча чоң эмес, бир нече удаалаш окулган материалды берүү талапка ылайык болот.

Окуучулардын кандайдыр бир физикалык түшүнүк жөнүндө билимдери жаңы маалыматтар менен толукталган сайын өтүлгөн материалдарды чогуу системалаштыруу керек. Муну биз масса түшүнүгүн калыптандыруу мисалында көрсөтөлү. 7-класста масса түшүнүгүн киргизгенден кийин окуучуларга биринчи жолу масса жөнүндө эмнелерди билесиңер деген суроо коюлат. Бирок буга берилген жооп билимдерди системалаштырууну көздөбөйт. Масса түшүнүгүн калыптандыруу тыгыздык түшүнүгүн киргизүүдө улантылат. Эми массаны нерсенин тыгыздыгы жана көлөмү боюнча аныктай турган формула берилет.

Инерция кубулушу окулганда масса нерсенин инерттуулугунун чени деп, ал эми масса менен оордук кучунун байланышта экенин окуучулар билгенде масса тушунугу жаны мазмуунга ээ болот.

Масса тушунугун калыптандыруу этаптарынын ар биринде окуучуларга нерсенин массасы жонундо эмнелерди билесинер деген суроо коюу пайдалуу. Бул суроого жооп улам татаал болот, бирок ал дайыма коюлгандыктан окуучулар учун кыйын болбойт.

Динамиканы окуганда жана бул болум боюнча жалпыланган сабак откондо кайрадан эле баягы суроону беруу пайдалуу. Эми окуучулар масса нерсенин инерттуулугунун чени болгондуктан, аны динамиканын закондорунун жардамы менен аныктоого болот деп жалпыланган жооп беришет.Ошондой эле массаны олчоо методдору,массанын эталону жонундо айтып эле тим болбостон,массанын ылдамдыктан коз каранды экендигин,инерттуу жана гравитациялык массалардын пропорциялаштыгы жонунундогу фактыны да келтиришет.

Ушинтип физиканын ар турдуу болумдору боюнча окуучулар ээ болгон билимдерди жалпылоо жана салыштыруу ыкмасын колдонуу алардын сабакка болгон кызыкчылыгын арттырып,активдуу эмгекке,изденууго оболго тузот.

АДАБИЯТТАР:

1. Методика преподования физики в средней школе.Частные вопросы.Учебное пособие для студентов педогогических институтов.Под.ред.С.Б.Каменецкого ,Л.А.Иваровой.М.Просвещение,1987 год
2. Зверева Н.М .Активизация мышления учащихся на уроках физики.Пособие для учителей.М.М.Просвещение,1980г.

# ФОРМИРОВАНИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНО ЗНАЧИМЫХ ЗНАНИЙ И УМЕНИЙ НА УРОКАХ МАТЕМАТИКИ.

*Алтыбаева М.А., Келдибекова А.О.*
*г. Ош*

Усиление практической направлености преподавания - одна из основных значимых задач системы образования. Знания по предметам естественно математического цикла становится не только базой для овладения специальными знаниями , они выступают в качестве квалифицированного требования к рабочим многих профессий. Профессиональная направленность обучения дает возможность показать, как изучаемые основы наук применяются на практике, влияют на развитие техники и технологии, на эффективность производственной деятельности квалифицированного рабочего.

Махмутов М.И. открыл принципы профессиональной направленности преподавания как "... своебразное использование педагогических средств, при котором обеспечивается усвоение учащимися прндусмотренных програмами знаний, умений, навыков и в тоже время успешно формируется интерес к данной профессии, ценностное отношение к ней, профессиональные качества личности будущего рабочего"

Педагогическими средствами для реализации профессиональной направленности преподавания являются как элементы содержания обучения ( характер иллюстративного материала для раскрытия програмных тем, способы его структурирования ), так и некоторые компоненты приемов, методов и форм обучения.

Знания и умения по математике, которые непосредственно или опосредственно связаны с профессиональными знаниями и умениями принято называть профессионально-значимыми. Решение задач профессионального отбора нужно начать с понимания того, какие именно требования предьявляются к человеку к данной профессии, какими видами деятельности ему предстоит овладеть.

Сам отбор профессионально значимых знаний и умений проводится исходя из требований, выдвинутых в профессионально-квалифицированных характеристиках, из содержания специальных, общетехнических предметов и производственого обучения. Математические профессионально значимые знания и умения отражают ту часть квалифицированной характеристики, в которой определены требования, относящиеся к интеллектуальной деятельности рабочего, где наблюдается соответствие деятельности рабочего и математических знаний и умений.

Уточняют процедуру отбора еще три требования:

1. Отбор математического содержания следует проводить в соответствии с оценкой значимости каждого понятия, аксиомы, теоремы, формулы, правила и т.д. для данной темы из содержания предметов профессионально-технического цикла.
2. Профессионально значимые знания и умения по математике могут применятся для формирования на их основе профессиональных умений и навыков, теоретического обоснования практических действий. Эти знания помогают осмыслить сущность какой-то операции, понять принципы устройства и действия орудий труда. Например, знание соответствующих аксиом и теорем стереометрии обосновывает правильность работы штукатура при провешивании поверхностей.

3. В процессе отбора целесообразно исходить не только из програмных знаний и умений, но и включать те знания, которые потребуются учащимися в их будущей профессиональной деятельности, с учетом перспективы развития производства.

Итак, на основании отмеченного в качестве характерных признаков профессионально-значимых математических знаний и умений можно принять следующие:

- соответствие отбираемых знаний и умений целям математической подготовки
- связь математических знаний и умений с содержанием профессиональной подготовки, в частности с требованиями квалификационной характеристики.
- отражение отбираемыми знаниями и умен ями тенденций развития отраслей народного хозяйства.

Приведем примеры профессионально значимых понятий. Свойства принадлежности прямой плоскости подтверждается при работе штукатуров с правилом, веском, ватерпасом, значит утверждения "через две различные точки проходит одна и только одна прямая" и "прямая, проходящая через две различные точки плоскости, лежит в этой плоскости" теоретически подтверждают практические действия штукатура. На знании этих утверждений базируется верность выполнения многих производственных операций: провешивание поверхностей, выполнения простейших тяг, разделки углов и падуг, и т.д., т.е. выполняются все признаки прпрофессионально значимых знаний и умений по математике. К профессионально значимым следуют отнести и такие геометрические понятия как отношение параллельности и перпендикулярности. Они непосредственно применяются при обучении будующих штукатуров и маляров подготовки поверхности, нанесению водных растворов и красок на стены и потолки. Так, при разметки панелей на лестничных клетках маляр следит за тем, чтобы уровень панелей был параллелен уровню п ла (потолка) площадок и маршей; потолки грунтуют сначало перпендикулярно, затем параллельно потоку света. Понятие угла между двумя пересекающимися плоскостями, угла между прямой и плоскостью имеет отношение к выполнению многих производственных операций и являются профессионально значимыми, так как штукатур работая инструментами шпатель, стрезовка держит их под определенным углом к плоскости обрабатываемой поверхности; Обрабатывая лузг и усенок, он имеет дело с моделью двугранного угла.

Профессионально значимые математические знания и умения формируются не только на уроках математики, но и на уроках других предметах естественно-математического цикла. К примеру, впервые на уроках физики 7-го класса вводится понятия "скорость ", как величина, характеризующаяся числовым значением и направлением. Затем на уроках геометрии учащиеся подробно знакомятся с понятием "вектор", видами векторов, действиями над ними. В курсе физики 9-го класса применяют правила действий над векторами при сложении сил, перемещений, скоростей. Далее, почти одновременно на уроках географии и математики 6-го класса школьники получают представление о координатах. Более детальное и глубокое изучение координатного метода мы видим на уроках геометрии. Полученые теоретические знания необходимы в работе электриков, радиомонтажников, электронщиков, в основе их труда лежит умение составить и смонтировать схему.

Формирование профессионально значимых математических знаний и умений требует совершенствования. Знание правил изображения геометрических фигур в центральной, прямоугольной, аксонометрической проекциях, умение изображать, читать изображение предметов необходимы квалифицированному рабочему - строителю. Читая строительные чертежи, он получает полное представление о здании, е о архитектуре, планировке и размерах помещения, количестве этажей, конструкциях основных его элементах. На основе строительных чертежей по плану, фасадом, разрезам здания составляются чертежи на производства специальных работ по водоснабжению, канализации, газоснабжению, электроснабжению, отделки интерьеров помещений зданий. Большую часть работы токаря составляют измерительные и вычеслительные операции с помощью микрометра и штангенциркуля. В этом случае необх димы знания теории приближенных вычислений. От умения

находить погрешности измерений токарями и рабочими электротехнических специальностей зависит правильный выбор измерительного инструмента или прибора. У учащихся нужно развивать пространственное воображение, вычислительные навыки, графические умения, расширять их профессиональный кругозор, формировать общетрудовые умения и навыки при работе с измерительными приборами, таблицами, справочной литературой.

К примеру, при изучении темы "Призма" в курсе геометрии 11-го класса можно дать ученикам задание: "Сравните следующие здания: магазин "Юрта", домик "Бабура" на Сулейман горе, Эйфелеву Башню в Париже, ваш дом. Какое из этих зданий имеет форму призмы ? ". В этом задании не выполнение родового признака многогранника дает право утверждать, что тело не является призмой. В дальнейшем, умение находить призму среди других тел поможет учащимся в их профессиональной подготовке, когда придется вычислить площадь поверхности или объем тела.

Математические знания и умения, связанные с нахождением площадей поверхности и объемов многогранников, тел вращения широко применяется в строительных профессиях отделочного профиля ( при расчете расхода обоев, плитки, штукатурного раствора, краски и т.д. )

Здесь можно предложить такие задания.

1. План комнаты дан в масштабе 1:200. Определить расход меловой пасты на побелку потолка, если длина комнаты на плане 30 мм, ширина - 40 мм и на 100 $м^2$ требуется 24 кг. пасты.
2. Можно ли использовать формулу площади боковой поверхности призмы для нахождения расходов:
   а) извести для окраски потолка.
   б) плиток, требуемых на облицовку стен операционной комнаты.

При изучении разделов "Функция", "Производная и ее применение" особое внимание следует обратить на усвоение понятия функциональной зависимости, которое в своей основе является политехническим, а также на формирование умений: опрерировать основными способами задания функции (аналитический, табличный, графический), читать свойства функции по графику, определять зависимости между переменными. Эти умения являются профессионально значимыми, потребность в них ощущается у рабочего при работе со справочной литературой, инструкциями, картами. Эти же умения необходимы и для проведения расчетов, в том числе относящимся к экономному расходованию сырья. Наглядность графического метода помогает учащимся сознательно усвоить основные сведения о функции, способствует обобщению понятия функции. Умение учащихся разбираться в графиках, характеризующих определенный процесс, имеет важное политехническое значение. Сознательное использование практических сведений о конкретной зависимости для последующего вычерчивания графика или иследование зависимости по заданным графикам благоприятствует развитию логики рассуждений учащихся. Можно дать задания типа: Дан график соотношения веса сырца (1) и створок коробочки хлопка (2) в зависимости от возраста хлопка ( процент от общего веса коробочки).

Вес сырца в процентах
от общего веса коробочки.




Возраст коробочки хлопка в днях.

а) определить по графику какой процент от веса коробочки составляет вес хлопка на 10, 30, 50-ый день роста.

б) на что указывает точка пересечения обоих графиков?

# ЧЫГАРМАЧЫЛЫК МАЗМУНДАГЫ ТАПШЫРМАЛАРДЫ ЧИЙУУ САБАКТАРЫНДА ПАЙДАЛАНУУНУН ЖОЛДОРУ.

Касымбаев Б.А. (г. Ош)

Чийүү боюнча жаңы программада биринчи жолу окуучулардан чыгармачылык мамилени талап кылган тапшырмалар киргизилген.Мындай тапшырмалар мектеп окуучуларынын графикалык билим деңгээлдерин өнүктүрүүгө жол ачышат.Ар кандай чыгармачылык маанидеги тапшырмалар өздөрүнүн ичине баштапкы берилгендерди кайта түзүү (жаңыны,керектүүнү жана пайдалууну) менен байланышкан иш-аракеттерди анализдөөлөрдү,изденүүлөрдү ж.б. ишмердүүлүктөрдү камтыйт.

Тапшырманы чечүү үчүн кээ бир баштапкы берилген белгилүүлөр болсо дагы,аны чечүү алгоритми берилбейт.Ушуга байланыштуу тапшырманын шарты проблемалуу учурду пайда кылса анда анын чыгарылышы, окуучуну эски билимин чыгармачылык менен пайдаланууга үгүттөйт,кээде өз алдынча жаңыны жаратууга багыттайт. Чыгармачылык тапшырмалар бир канча чыгарылыштарга ээ болуп,анын оптималдуусун издөөгө жол ачкандай болуусу керек.Эгерде мүмкүн болгон бир канча чыгарылыштары болбосо,анда мындай тапшырмаларда чыгармачылык болбойт.

УIII-класстардын чийүү курсундагы кээ бир чыгармачылык тапшырмаларга токтололу.Конструкциялоо элементтерин камтыган тапшырмаларды чыгаруу,кайта түзүү тапшырмаларын чыгарууга караганда бир канча артыкчылыкка ээ. Бул тапшырмаларды чечүү окуучулардан изденүүчүлүк жана өз алдынча жол табуучулук жөндөмдүүлүктөрдү калыптандырат.Бирок нерсенин мейкиндик касиеттерин кайта түзүү менен конструкциялоо тыгыз байланышта болгону менен экөө эки башка ишмердүүлүк Кайта түзүү тапшырмаларын чечүүдө бир гана жообу болот,ошондуктан бул жерде чыгармачылык жокко эсе.

УIII-класстын окуучуларынын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү максатында,чийме боюнча толук эмес берилгендери менен ойдо нерсенин формасын моделдештирүү тапшырмаларын колдонуу жакшы натыйжаларды берет.Аларды чечүү процессинде,конструктордук жөндөмдүүлүк үчүн билимдер жана билгичтиктер калыптанат.Мисалы,комплекстүү чиймедеги (I-сүр.) квадраттын сүрөттөлүшүн кубдун,призманын, цилиндирдин ж.б. бир көрүнүшү катары кароого болот.

А мисалында алдынан көрүнүшү берилген;мында жогору жагынан көрүнүштөрүн ойлоп табуу талап кылынат.Окуучулар тапшырманы ийгиликтүү аяктоолору үчүн,"кандай геометриялык фигура бир проекциясында үч бурчтукту берет"-деп аларга жардам берүү керек.Бул окуучулардын призманы,пирамиданы,конусту ж.б.чийүүлөрү үчүн жетиштүү.(а,б,в.)




I-сүрөт.



2-сүрөт. Чиймедеги жетишпеген сызыктарды чийип чыккыла.




3-сүрөт. Тетиктин башкы көрүнүшү боюнча калган варианттарын 3көрүнүште сыз.




4-сүрөт. I-тетиктин максималдуу жеңилдетүү үчүн жаңы элементтерди киргизгиле. II-тетикке симметриялуу форма берүү үчүн, анын бөлүктөрүнүн же элементтеринин санын өзгерткүлө. III-тетиктин төменкү бөлүгү жебе менен берилгенге туура келгендей кылып формасын өзгерткүлө.

Чийүү боюнча бардык чыгармачылык тапшырмаларда негизги орунда графикалык ишмердүүлүк зээлөөсү керек. Аларды аткаруу атайын конструктордук билимдерди талап кылбайт. Чийүү курсунда, чыгармачылык тапшырмаларда, конструктордук билимдердин кайсы элементтери чагылышы керек. Педагогикалык изилдөөлөрдө негизги конструктордук билимдерге: конструкциялоого коюлуучу жалпы талаптар (экономикалык, эргономикалык, эстетикалык ж.б.) чиймелерди окуу жана чийүү билгичтиктери, тетиктин оптималдуу формасын жана өлчөмүн тандоо, аны даярдоо үчүн материалдарды тандоо, керектүү расчетторду жүргүзүү, стандарттарды жана маалыматтоочу материалдарды пайдалануу, жасоо (обработка) ыкмаларын жана тетиктерди бириктирүүнү билүү ж.б. киришет. Жогорудагылардын кээ бирлери жөнүндө чийүү сабактарында кеңири таанышса болот.

Конструкциялоо элементтери менен берилген тапшырмаларын чийүү курсунда окутуу, окуучуларда техникалык терминдердин (көзөнөк, паз, вырез ж.б.) физикалык түшүнүгүн так түшүндүрүүгө жол ачат. Окуучулар бул тапшырмаларды чыгаруулары үчүн математикадан, физикадан жана эмгекке үйрөтүү сабактарынан алган билимдерине таянуулары керек.

IX -класстын окуучуларынын графикалык билимдери, кесилиштерди, жара кесилиштерди, курама чиймелерди окуу жана чийүү эрежелеринин эсебинен кеңейет. Чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү үчүн бул класста жөнөкөй курама бирдиктин чиймесин аткаруу же анын кээ бир элементтерин бириктирүү тапшырмаларын караса болот.

Мисалы, кесилиштер темасын өткөндө жоопторду тандоо учурун карап көрөлү. Мында көпчүлүк мугалимдер чиймени пайдалануу менен туура аткарылган кесилишти табууну сунуш кылышат. (6-сүрөт, а.). Көрсөтүлгөн тапшырмада чыгармачылык менен изденүү элементтери аз. Эгерде тапшырманын шартын өзгөртүп, керектүү белгилеелөрдү киргизип жана аларга дал келген кесилиштерди туура тандап алуу окуучуларга сунуш кылынса (6-сүрөт, б.) анда тапшырма өзүнүн өзгөчөлүгүн көрсөтөөр эле




6-сүрөт, а).




6-сүрөт, в).




7-сүрөт.Тетиктин фронталдык жара кесилиши боюнча,3 кенүштө калган варианттарын бир канча санда сызгыла.Чиймеде бир,вариантынын жогору жагынан көрүнүшү жана калган варианттарынын габариттик өлчөмү берилген.







8-сүрөт.Валиктин лыскасы бар куйрукчасы менен кармагычтын, октук айланууданжылып чыгып чыгып кетпеши үчүн кармап турууну камсыз кылгыла.Сүрөттө бир канжоолтордун варианттары берилген. Оптималдуу вариантын тандагыла.

Графикалык билим берүүнүн мындан аркы жолдорун (прогноздорун анализдее, көбүреек перспективалуу болгон багытты-окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнү жана машиналык графиканы көрсөтүп турат. ЖЭЭМдерди пайдаланган жогорку окуу жайларында бул эки багытты бириктирүүгө болот, ал эми көпчүлүк мектептерде чийүү кааналары бул машиналар менен камсыз кылынбагандыктан жогорудагы жумушту "чийүү" жана "информатика" базаларында башка-башка жүргүзсө болот.

I. 4-сүрөттө берилген башкы көрүнүшү боюнча жогору жана сол жагынан көрүнүштөрүнүн бир канча варианттарын ойлоп табуу графикалык шарты берилген. Алардын жайланыштарына дал келген көрүнүштөрдүн мүмкүн болгон жооптору (а,б,в) келтирилген. Бул тапшырма 8-класстын окуучуларына ылайыкташтырылган.

2. 9-класстын окуучулары үчүн мисал катары экинчи тапшырма берилди (7-сүрөт). Анда фронталдык жара кесилиш боюнча башка көрүнүштөрдү (ага ошондой эле жара кесилиштерди да киргизсе болот) тургузу талап кылынат.

3. Акырында, паялниктин астына койгучтун (9-сүрөт) айкын көрүнүшү боюнча анын жайылмасын тургузуу тапшырмасы коюлган. Сүрөттө бир гана варианты көрсөтүлгөн.

1. „а" вариантынын программасы.

```
40 SCREEN 2
20 'баштапкы координаталарды берүү
30 X1 = 30
40 Z1 = 130
50 Y1 = 30
60 X2 = 220
70 'жогору жагынан көрүнүшүн тургузуу
80 LINE (X1, Z1-20)-(X1+100, Z1-60), 8, B
90 LINE -(X1+100, Z1-100), 8
100 LINE -(X1+30, Z1-100), 8
100 LINE - (X1, X1-60), 8
120 FOR I=1 TO 300 : NEXT I
130 'баштапкы көрүнүшүн тургузуу
140 LINE (X1, Z10)-(X1-100, Z1+40), 8, B
150 LINE (X1, Z1+40)-(X1+100, Z1+60), 8, B
160 LINE (X1, Z1)-(X1+30, Z1+40), 8, B
170 FOR I=1 TO 300 : NEXT I
180 'сол жагынан көрүнүшүн тургузуу
190 LINE (X1+120, Z1-20)-(X1+160, Z1-60), 8, B
200 LINE (X1+120, Z1-60)-(X1+160, Z1-100), 8, B
210 IF INKEY$ = " " THEN 160 ELSE END
```

2. „а" варианты үчүн түзүлгөн программа

```
 5 REM а вариант
 10 CLS : SCREEN 7
 20 LINE (150,80)-(270,110),8,B
 30 LINE (150,80)-(165,110),8,B
 40 LINE (187,80)-(223,110),8,B
 50 LINE (247,80)-(270,110),8,B
 60 LINE (200,50)-(270,80),8,B
 70 REM
 80 LINE (350,50)-(350,110),8
 90 LINE -(410,110),8
100 LINE -(410,50),8
120 LINE -(395,50),8
130 LINE -(395,80),8
140 LINE -(365,80),8
150 LINE -(365,50),8
160 LINE -(350,50),8
170 LINE (372,80)-(388,110),8,B
180 PAINT (360,90),8: PAINT (400,90),8
190 REM
200 LINE (150,150)-(270,210),8,B
210 LINE (210,150)-(270,165),8,B
220 LINE (210,195)-(270,210),8,B
230 LINE (247,172)-(223,188),8,B
240 CIRCLE (175,180),12,8
250 GOTO 250
```

3 тапшырмага программа

```
 10 CLS: SCREEN 7
 20 LINE (130,20)-(188,20),8
 30 LINE -(205,35),8
 40 LINE -(223,20),8
 50 LINE -(280,20),8
 60 LINE -(280,50),8
 70 LINE -(310,50),8
 80 LINE -(310,200),8
 90 LINE -(280,220),8
100 LINE -(280,250),8
110 LINE -(223,250),8
120 LINE -(207,235),8
130 LINE -(190,250),8
140 LINE -(130,250),8
150 LINE -(130,220),8
160 LINE -(100,220),8
170 LINE -(100,50),8
180 LINE -(130,50),8
190 LINE -(130,20),8
200 GOTO 200
```




9-сурет.

# ЭЛЕМЕНТЫ ТЕОРИИ ВЕРОЯТНОСТЕЙ И МАТЕМАТИЧЕСКОЙ СТАТИСТИКИ В ШКОЛЕ

Аликова А. (Бишкек)

В настоящее время перед школой республики стоит задачи: модернизации содержания образования в целях неуклонного повышения знаний, умений и навыков учащихся, обеспечивающее возможность успешно продолжить образование, работать в различных сферах производства; воспитывать новое поколение, способных ориентироваться в большом потоке научно-технической информации в условиях современного этапа развития общества. Математическое образование школьников не должен отставать от прогресса науки и требований предьявляемых обществом к знаниям учащихся. В первую очередь школьник должен знать основу научных знаний.

Как в свое время Б.В.Гнеденко подчеркивал, что: "назрела пора в понятие "основы науки" ввести начала математического анализа - элементы дифференциального и интегрального исчисления вплоть до правил нахождения площадейплоских фигур и обьемов тел вращения, элементы теории вероятностей, элементы теории множеств, элементы математической логики, представление о принципах работы вычислительных цифровых аппаратов и о программировании для них", и когда сейчас успешно изучаются в школе начала математического анализа, надо еще раз подчеркнуть: "давно назрел и не терпит отлагательства вопрос о введении в школьный курс математики элементов вероятностно-статистических знаний"[1].

Понятие и методы теории вероятности и математической статистики используются в изложении многих вопросов математики и ее приложений, современной физики, химии, в гуманитарных областях науки в частности в вопросах связанных с экономикой. В школе при изучении различных предметов, в жизни для успешной работы необходимы вероятностно-статистические знания. Необходимость введения в курс школьной математики концепции случайного особо назрела.

[1]Бычкова А.О., Селютин В.Д. "Об изучении вероятностей и статистики в школе" "Математика в школе" №6, 1991.

Академик Б.В.Гнеденко пишет: "Теория вероятностей изучает закономерности особого рода, которые выводят читателя из привычных представлений классической детерминированности и открывает перед его взором обширный мир более обширных закономерностей; теория вероятностей превратилась в наши дни в одно из основных математических орудий естествознания и практики". Следовательно, овладение вероятностными и статистическими методами и представлениями содействует повышению теоретической и практической подготовки учащихся".

Здесь уместно привести и мнение венгерского математика Альфреда Реньи, о том, что при выборе главных целей курса теория вероятностей надлежит руководствоватся следующими мотивами:

а/ она играет важную роль в развитии мышления учащихся;

б/ ее выводы находят применение в повседневной жизни, науке, технике и т.д..;

в/ она имеет важное ни с чем не сравнимое значение для математического образования.[1]

Знание элементов вероятностей и математической статистики является основным компонентом математической культуры современного человека и способствует развитию прикладных умений и навыков. Вероятностно-статистические знания также содействует более гибкому переходу от содержания школьного математического образования к содержанию математического образования в ВУЗе. Изучение данного курса математики составляет особые трудности для студентов, так как школьный курс математики основывается на положении детерминизма, что означает действительность проста, непосредственна необходима, исключая случайности. Отсюда отсутствие вероятностно--статистического мышления, глубокий детерминизм в умах выпускников школ. Поэтому раннее введение идей при обучении особо важен, так как в более зрелом возрасте идеи теории вероятности и математической статистики воспринимаются нелегко.

Необходимость введения элементов теории вероятностей и математической статистики в курс школьной математики были обоснованы в работах С.Н.Бренштейна, А.И.Колмогорова, А.Я.Хинчина, Б.В.Гнеденко и др.

[1] Реньи А. "Трилогия о математике. Пер. с венг. М:Мир, 1980-с.314.

В исследованиях М.В.Еремеевой, К.Р.Велскер, В.Н.Шониа и др. были рассмотрены некоторые аспекты изучения теории вероятностей и математической статистики в школе. Вопросы прикладной ориентации курса теории вероятностей в школе были изучены В.Фирсовым. Хотя неоднакратно ставился вопрос о включении элементов теории вероятностей и математической статистики в школьный курс математики / в этой необходимости были убеждены, как ученые, так и учителя/ в обязательные программы она до сих не была включена.

В концепции обновления математического образования в школах Кыргызской Республики также обоснована необходимость введения элементов теории вероятностей и математической статистики в школьный курс математики. Разработанный на основе этой проект программы школьного курса математики /составители : М.Иманалиев, И.Бекбоев, А.Абдиев/ включает элементы теории вероятностей и математической статистики как самостоятельная содержательная линия курса. Появление в школьной программе этой самостоятельной содержательной, нацеленной на знакомство с неорганизованной сложностью, будет способствовать осуществлению более тесной связи обучения с жизнью.

Как уже не раз отмечалось, при отборе материала для новой линии надо будет проверить целесообразность включения того или иного элемента знаний, учитывая какие знания нужны современному человеку в повседневной жизни и деятельности, для дальнейшего образования, для изучения других предметов, и определить его место в традиционном курсе математики, что способствовало бы развитию внутрипредметных связей. Необходимо разработать методику преподавания элементов теории вероятностей и математической статистики на таком уровне, что степень освоения этого материала не было ниже степени освоения школьного курса математики.

На практике часто встречаются такие ситуации, когда исход проводимого нами опыта /испытания/ нельзя предсказать заранее с полной уверенностью. Например, невозможно предсказать, какая сторона выпадает при бросании монеты, появится ли туз при вынимании карты из колоды, выпадает ли шесть очков при бросании игральной кости, выпадет ли выигрыш на лотерейный билет с номером 321575. Результаты проверенных испытаний назовем событием /появление герба, выпадение 5 очков - событие/.

Некоторые события называется случайным, если при проводимом

испытании оно может произойти или не произойти /появление туза при карты из колоды, появление герба при бросании монеты/. Случайные события будем обозначать латинскими буквами A, B, C, .... События, которые в результате данного испытания обязательно наступают называются достоверными /появление белого шара при вынимании шара из урны, в которой 2 белых шара/. События, которые в результате испытания никогда не наступают называются невозможными событиями /брошенная монета станет на ребро/. Рассмотрев единичные случаи проводимых испытаний, можно делать вывод, что случайные события не подчиняются никаким закономерностям. Действиетльно это не так. Если, например наблюдать испытания производимые неограниченное количество раз, то средний результат испытаний утрачивает случайный характер, становиться закономерным /если неоднократно бросать монету примерно в половине случаев появляется - герб, а в половине случаев - цифры/. Такие закономерности называются статистическими закономерностями.

Нам представляется, что преподавание теории вероятностей лучше всего начинать с разьяснения смысла понятия "статистическая закономерность" на хорошо подобранных примерах и опытах. Прежде всего следует добиться, чтобы учащиеся глубоко усвоили те фундаментальные факты, которые необходимы для овладения теории вероятностей, и лишь затем переходить к рассмотрению теории вероятностей в обьеме соответствующем возрасту учащихся и уровню их математической подготовки. А элементы математической статистики целесообразно изучать после теории вероятностей. Это будет логично потому, что основанием статистики служит теории вероятностей.

Содержательная линия "Элементы теории вероятностей и математической статистики" школьного курса математики, по нашему мнению, должно включать следующие темы:

а/ констатация статистических закономерностей, встречающихся в повседневной жизни, в природе, в азартных играх и др.;

б/ основные понятия теории вероятностей и математической статистики, доступные учащимся;

в/ применение теории вероятностей и математической статистики в различных областях, для описания случайных массовых явлений;

д/ история развития теории вероятностей и математической статистики.

# ЭСЕПТОО ТЕХНИКАЛАРЫН ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ ЭФФЕКТИВДҮҮ КОЛДОНУУ.

Бекболотов Д, Бекболотова С. (Бишкек).

Азыркы учурда эсептөө техникаларын окуу процессинде эффективдүү колдонуу педагогдордун программистердин, психологдордун көңүлүнүн борборунда турат. Бул коюлган проблеманын ишке ашырылышы окуу жайлардагы мугалимдердин компьютердик сабаттуулугуна, илимий-методикалык жана программалык каражаттар менен жогорку деңгээлде жабдылышына жараша болот.

Педагогикалык программалык каражаттар төмөнкү педагогикалык максаттарды аткарууга мүмкүндүк түзөт:

- ар түрдүү татаалдыктагы маселелерди чыгарууда баскычтар боюнча системалуу жана иреттүү жылып максатка жетүүнүн негизинде окуу процессин дифференцирлөө жана индивидуалдаштыруу;
- тескери байланыштын түзүүнүн негизинде жыйынтыкты баалоо жана анализдөө менен кезөмөлдөөнү уюштуруу мүмкүнчүлүгү;
- өзүн-өзү текшерүүнү жана өзүн-өзү ондоону (тууралоону) ишке ашыруу;
- машыгуу (калыптануу) мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- окуп изилденип жаткан процесстердин динамикасын демонстрациялоодогу закон ченемдүүлүктөрү жана графикалык чагылдыруудагы көрсөтмөлүүлүк артыкчылыгы;
- окуу процессине керектүү маалыматтар базасын пайдалануу жана аны түзүү менен бирге маалыматтар түйүнүнө кирүүнү камсыз кылуу;
- студенттин (окуучунун) чыгармачылык сапатын өнүктүрүү, логикалык ой-жүгүртүүсүн калыптандыруу.

Азыркы учурда көпчүлүк предметтер боюнча окутуп-үйрөтүүчү педагогикалык программалык каражаттар толук камсыз боло элек. Ошондуктан студенттерди окутуп-үйрөтүүчү программалык каражаттарды түзө билүүгө үйрөтүү алардын профессионалдык билимдерин тереңдетүү менен алардын башка предметтерге болгон кызыгуусун арттырарына шек жок.

Бул иште ыктымалдуулук теориясы жана астрономия предметинин айрым маселелери боюнча окутуп-үйрөтүүчү программа түзүүжана аны окуу процессинде колдонуу сунуш кылынат. Мисалы , астрономия предмети боюнча

- сунуш кылынган программанын жардамы менен студенттер планеталар боюнча төмөнкү негизги маалыматтарга ээ болушат:

- күндөн берки орточо аралык, планетанын байкоо жүргүзүлгөн бетиндеги орточо температура, диаметри, массасы, тыгыздыгы, өз огу боюнча айлануу мезгили, күндүн айланасында айлануу мезгили, спутниктердин саны, орбиталык ылдамдыгы, атмосферанын негизги компоненттери (көмүр, кычкыл газ, азот, кислород, водород, гелий жана башкалар), кендиги, узундугу, эңкейүүсү, азимут ж.б.у.с

Бул программанын аткарылышында студенттер окуу процессине керектүү маалыматтар базасын түзүү ыкмалары жана аны пайдалануу ишке ашырылат.

Окуучулардын чыгармачылык сапатын өнүктүрүү, логикалык ой-жүгүртүүсүн калыптандыруу максатында төмөнкү айтылыштардын чындыгын же жалгандыгын аныктоо сунуш кылынат:

1. Күндөн канчалык алыс жайгашкан планета ошончолук муздагыраак болот.

2. Күндөн канчалык алыс жайгашкан планетанын орбиталдык ылдамдыгы жайыраак болот.

3. Күндөн алысыраак жайгашкан планетанын айлануу мезгили узак болот.

4. Диаметри чоң болгон планеталардын спутниктери көп болот.

5. Массалары чоң болгон планеталардын спутниктери көп болот.

Бул маселелерди чечүүдө маалыматтарды иреттөө программасы пайдаланылып, студенттер тиешелүү жоопторго ээ болушат.

Программанын аткарылышында кыска мөөнөттүү диалог (маек) түзүлүп, студенттерге (окуучуларга) тапшырма суроолор берилип, алардын материалды кандай өздөштүргөндүгү текшерилип, жооптордун статистикалык отчету экранга чыгат.

Ал эми "Кокустук окуялар" "Кокустук чоңдуктар жана анын бөлүштүрүлүш закондору" темалары боюнча түзүлгөн окутуп-үйрөтүүчү программаларда негизги көңүл студенттердин дидактикалык материалдарды түзө билүүгө үйрөтүүгө бурулган.

Жогоруда көрсөтүргөн окуу программалары жана иштелип чыккан дидактикалык материалдар сабактын мазмундуулугун, көрсөтмөлүүлүгүн, кесипке багыттоосун арттыруу менен бирдикте чыгармачылыгын өстүрүүгө жардам берет.